Жыргалбек Касаболот

СЫН КИТЕП

Бишкек 2025

УДК 821.512.154.0
ББК 83.3 (5Кир)
К 28

Касаболотов, Ж.
К 28 Сын китеп. - Б.: 2025. - 184 б.

ISBN 978-9967-496-93-4

Бул китепке публицист, талдоочу, акын жана котормочу Жыргалбек Касаболоттун кыргыз адабиятындагы, кыргыз киносундагы жана кыргыз публицистикасындагы бир катар авторлордун эмгектери тууралуу ой толгоолору киргизилген. Жыйнак гуманитардык багыттагы кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрүнө, студенттерге, жалпы окурмандарынын кеңири чөйрөсүнө арналат.

ISBN 978-9967-496-93-4

УДК 821.512.154.0
ББК 83.3 (5Кир)
© Касаболотов Ж. 2025

Устатым Чоюн Алптын дүйнөлүк жүгү

*(Аалым Чоюн Өмүралиевдин **«Кыргыз мамлекеттиги: кечээ, бүгүн, эртең»** аттуу китебине баш сөз)*

Сөз башы

Бул китептин тамыры тереңде. Жаңылышпасам 1991-жылы «Асаба» гезитинде журналистикадагы эмгек жолумду жаңыдан баштап, бир жылга жетпеген убакыттай иштеп калдым. Басылманын ээси, ыраматылык Мелис Эшимкановдун авантюристтик, экспериментчил мүнөзү андагы жаңыдан эгемендикке жетишкен мамлекетибизде жүрө баштаган саясий процесстердин ыргагына айкалышып, кыргыз элине кыйла таасирдүү күчкө айланткан болчу. Саясий жаңылыктарды талдоо, андагы көз караштардын күрөшү бир тең болсо, руханий дүйнө, кыргыз таанымы жана башка темалар бир тең болуп, бирде динчилдер, бирде улутчулдар, бирде либералдар суурулуп чыгып күрү-күү түшүп турган кез. Айрыкча редколлегия мүчөлөрү, баяндамачылар, анын ичинде ыраматылык Шералы Назаркулов, жазуучу Кубатбек Жусубалиев кыйла кызыктуу ойлорун ортого салып жазып турушчу. Бирок алардын арасынан башкасына эмес, кыргыз таанымына күйүп-бышып, кыргыз өзөгүн издеп, кыргыз кызыкчылыгына жаны ачып жүргөн Чоюн Өмүралиев агайыбыз айрыкча көзгө даана урунуп турар эле.

Бир убакта Чоюн байкебиз көпкө чейин дымы чыкпай калды. Редколлегияга келбейт, макаласын бербейт, өзү көрүнбөйт. Тынчы кеткен кесиптештери, калемдештери издей башташты, сурай башташты. Бир күнү «балдар, мен өзүм да байкабай атып абдан бир чоң иш баштап алдым. Жакында чыгат, көрөсүңөр, ага чейин шаштырбай тургу-

ла!» деп айттырып жибериптир. Күттүк. Бир күнү келди. Чын эле ат көтөргүс эмгек экен. «Теңирчилик. Аккан Дүйнө же Көчмөндухка бир кайрык» деген аталыш менен сандан санга чыга баштады. Биз болсо окурман журту менен кошо оозубуз ачылып, автор алдыбызга тарткан таптакыр жаңы маалыматтардын улам бир өңүтүн шилекей күрмөп жутуп отурдук.

Биз суктанып, жаңыдан изилдеп жүргөн Кытай философиясынын түбү алардан бизге келбей эле бизден аларга барарын биринчи жолу билдик. Даосизм менен конфуцийчилик байыркы көчмөндөрдөн башат алганын, тамыры бир болгонун, тек, отурукташкан дүйнөгө барганда бири парадоксалдуу диалектикага, бири коомдук, этикалык окууга айланып кеткенин түшүндүк. Даосизмдин негизги символу болгон суу кадимки эле кыргыз акындары биринен сала бири таңшып өткөн Аккан Суу экенин эстедик. Кыргыздын астына салып эле жүргөн шырдагын түзгөн карама-каршы түстөрдүн айкалыш принциби жөнөкөйлөшүп отуруп, акыр аягында дүйнөгө белгилүү Инь-Яң белгисине жеткенине ынандык. Алтайдан табылган көөкөрдүн бетиндеги үч тамчылуу төп төгөрөктү өз көзүбүз менен көрдүк. Кыргыз дүйнөсүнүн Нарк, Салт, Чындык, Калыстык, Сый деген категориялары бар экенин автор улам бир таасын мисалдар менен алдыбызга тартып отурду. Ишенбеске айла калган жок. Кийин ушул гезитте сандан санга уланып чыккан бөлүктөрдүн баары биригип, китеп болуп басылып чыкты.

Жалпысынан автордун «Теңирчилик. Аккан Дүйнө же Көчмөндухка бир кайрык» деген темада бир эмес, эки китеби бар. Бири ушул «Асабада» сандан санга чыккан, көбүнчө теориялык мазмундагы эмгек болсо, кийинкисинде мамлекет менен коомдун, адам менен адамдын өз ара алака-катышы азыркы доорго ылайык конкреттешип, кыйла деталдуу жана практикалык нукта берилген.

Автор андан ары токтоп калбастан «Бурут тамга, Төрөн тил» аттуу монографиясын жарыялап, анда кытай жазуусунун гана эмес, ушул кезге чейин солк этпей сакталып келаткан бирдиктүү Кытайдын да айныксыз шарты болгон иероглифтердин таржымалын чечмеледи. Көрсө 214 ачкычтын ар кандай катышынан турган бул сүрөт-сөздөр чындап келсе кытайча сүйлөбөйт экен. Ошол символдор эмне үчүн кытайча ошондой маани берерин кытай филологдору өздөрү да түзүгүрөөк түшүндүрүп бере албайт экен. Ал ачкычтарды байыркы кыргыз дебесек да протокыргыз тилинде чечмелегенде гана сыры ачылат экен. Кыскасы, Кытайдын түбүн тиреген кыргыз деген сөз ошондо башталды. Калемдеши Алым Токтомушевдин «Кытайды бир Манас чапты, бир Чоюн Алп чапты» деген тамаша-чын аралаш сөзү турмуш чындыгына канчалык жакын экени далилденип, акыры кесиптештер арасында ылакапка айланды.

Ал эми бул жолу окурмандын колуна тийип жаткан китептин бери дегенде үч өзгөчөлүгү бар. Биринчиден, бул китеп баштан аяк кыргыз мамлекетинин түптөлүшүнө, түзүлүшүнө, конкреттүү жана кечиктирилгис мүнөздөгү актуалдуу маселелерине арналган. Алардын арасында Жер тагдыры, адам укуктары тууралуу сырттан таңууланган түшүнүктөрдүн чечмелениши, эгемендик, мамлекеттик түзүлүш, улут жана дин маселелери бар. Башкача айтканда тематикасы конкреттүү коомдук-саясий багытка бурулган. Экинчи өзгөчөлүгү да ушундан келип чыгат – эсеби маселен, кытай жазуусунун сырынан тартып айтылуу физик Самат Кадыровдун уңгуталаа теориясына чейин кирген «Бурут тамга, Төрөн тилден» айырмаланып, китептин тили, стили да көбүнчө практикалык мүнөздө. Үчүнчүдөн бул китепке автордун тээ совет мезгили аяктап жаткандагы убактан тартып азыркыга чейинки ой толгоолору менен макалалары кеңири киргизилген. Ырас, андан

илимий багыттагы башка эмгектеринин илимий баалуулугу, бул китептеги жазылгандардын практикалык баалуулугу жоголуп кетпейт. Анын да жөнү бар.

Кыргыз усулунун өзгөчөлүгү

Кыргыз элиндеги көрүнүштөрдү талдай келгенде бир чоң маселе көзгө урунуп жүрөт. Ал – форма менен мазмун тууралуу илимдеги тыштан келген түшүнүктөр менен ички түшүнүктөрдүн айырмасы. Айталык, «Манас» эпосун дүйнө коомчулугу, анын ичинде совет адабият илими да маданияттын гана элементи катары карап келген. Карап да келатат. Бирок чындап келгенде «Манас» - жалаң эле маданият эмес. Ал руханий, саясий, моралдык да баалуулук. Манас – кыргыз үчүн тек гана белгисиз тарыхтагы каарман же образ эмес, ар бири түздөнө турган жарандык, лидерлик жана адамдык идеал. Манаска сөз тийгизүүгө, ага акаарат келтирүүгө каршы кыргыз баласынын каяшасы мисалы Мухаммед пайгамбарды карикатурага тарткан журналга түп көтөрө каршы турган мусулман дүйнөсүнүн өкүлдөрүнөн ашса ашат, кем калбайт. Алгачкы прототиби табыла элек, илимий негизи аныктала элек болгонуна карабастан өзүн нагыз кыргызмын дегендердин мамилеси ушундай болот. Экинчиден аны «Илиада» жана «Одиссея» менен салыштыруу да туура эмес. Анткени «Манас» алардан айырмаланып тирүү эпос. Айтуучулары азыр да чыгып жатат.

Башка бир мисал – айтылуу даанышман Калыгул кыргыз совет адабиятчылары үчүн тек гана «заманачыл» акындардын бири болсо, кыргыз эстутумунда ал биринчи иретте олуя. Акындыгы – тек анын формасы. Дал ушул эле себептен улам, Жеңижок акын – жөн гана адабий же фольклордук көрүнүш эмес, ошондой форма аркылуу туюндурулган кыргыз философиясынын туу чокусу.

Көл боюнда акелер деген феномен болгону кеңири белгилүү. Азыркылардын тили менен айтканда алар аналитик, конфликтолог, дипломат болушкан экен. Бирок алар-

дын баарынын эң негизги куралы чечендик өнөрү болгон. «Оой, Чыныбай! Каңгайдан келип мен билсем, капкайдан келип сен билсең, булардын өзүнө да бийлик беребизби же жокпу?» - деп бир ооз сөз менен уруу арасындагы таарынычты бүтүргөн Карач акенин айтканын түшүнүш үчүн экөөнүн тегинен тартып ошол кездеги жагдайга чейин изилдешке туура келет. «Өнөр алды – кызыл тил» деп кыргыз бекеринен айткан эмес. Элибиз илгертен жүйөлүү сөздү ийине жеткире айткан адамдарды чоң иштерге аралаштырып, бийлер болсо эсептешүүгө аргасыз болгон. Ошондой адамдардын бири Көкөтөй чеченди чоң жыйынга чакырып келишкенде: «Аа, барса барайын, балам. Бара жүргөн Каркыра, катыша жүргөн чоң жыйын, сүйлөшө жүргөн Чыныбай» дегенинин түпкү сыры да ушунда.

Мындан келди, илимий мааниси чоң иш сөзсүз эле зериктирме стил менен жазылып, саясий документтер азыркы терминология менен гана даярдалышы керек деген түшүнүк, чындап келсе стереотип кыргыз кыртышына келгенде жарабайт.

Жакынкы эле тарыхты ала турган болсок, Чоюн агайдын досу, жасалга-колдонмо өнөр боюнча макалаларга өмүрүн арнап өткөн Амантур Акматалиев журналисттик эле жалпак тилге салып сүрөттөп отуруп эмгиче бүтүндөй институттар жасай албаган ишти жалгыз өзү бүтүрүп кеткени буга таасын далил.

Так ушундан улам автор мисалы:

«Оң, Сол кыргыздын башын кошуп бирдиктүү мамлекетин курамын деп максатына жетпей кеткен Алымбектин замана…

Зор мамлекет зордугун салса аз калктын бели майышып Абдылдабектей азаматы жат жерге тентиир, замана…

Каракчынын кан ичмейи кармаса Камчыбектей жалгызың дарт арманын дар жутуп, кайыш чылбырга чыйралып, толгонуп тураар замана…

Ордодо бийлик өзгөрсө, керт башынын бийлигине журт тагдырын курман чалган саткындар чыгаар замана…

Алаамат капыс басса да, ай маңдайын муң чалбай, кармашка кирген кылчайбай, кабылан туулаар замана», - деп Курманжан датканын тоюна арналган макаласын ыр түрүндө аяктаса, андан маани си кемип калбайт, тескерисинче кайра кыргыз кыртышында таасири күчөйт. Ошондуктан окурманды да китептин ушундай кыргызга ылайыктуу формасынан ырахат алып, аны менен бирге мазмунуна сүңгүп кирүүгө чакырат элем.

Ошол эле учурда Чоюн Өмүралиевдин жазгандары диалектиканын негизги мыйзамдарынын бирин да бузбайт. Мисалы, ушул тапта кыргыз коому башынан кечирип жаткан көйгөйлүү көрүнүштөрдүн баары өзүнчө эмес, дүйнөлүк жана тарыхый контекстте каралат. Өлкөнүн ичиндеги нерселер тышындагы процесстер менен, азыркы тенденциялар тарыхтагы тажрыйба менен келечекке карата божомолдун фонунда ачылат.

Мамлекет тагдыры жана маселелердин актуалдуулугу

Китепти баштан аяк тепчип өткөн идея – ашык-кеми жок улуттук кызыкчылык. Андагы эмгектер негизинен хронологиялык ыраатта берилген. Ошондуктан адегенде СССР ыдырап аткандагы макалаларда союздук республикалардын тагдырына тынчсызданууу кашкайып турганын көрөбүз. Анын ичинде Орусиянын өзүндөгү империячыл күчтөрдүн араанына, ошого ийилген кыргыз саясий интеллигенция өкүлдөрүнүн айрымдарынын компрадордук позициясына сын көз караш кеңири учурайт. Чындыгында ал фактор эч кайда кеткен деле жок, тескерисинче коркунучу мурдагыдан да күчөдү. Былтыркы эле бийлик өкүлдөрү түзүп чыккан «Биримдик» партиясынын уставынан «Российской Федерации» деген сөздөрдү өчүрүп коюуну

да унутушкан экен, актанса болбой кийин «нам пора домой» деген чыккынчы сөздөрү ачыкка чыкты. Пайда-батасы белгисиз мамлекет аралык түзүмдөрдү мындай кой, орус тилинин расмий статусуна да улам кийин келген өлкө жетекчилиги ушул убакка чейин ачык каршы чыга албай келатканы - бул маселе канчалык маанилүү экенине анык мисал.

Китептеги кийинки макалаларда эгемендик алган мамлекеттин алдында турган чакырыктарга баа берилип, анын ичинде жаңырган заманга ылайыктуу геосаясий өнөктөш табуу маселеси кабыргасынан коюлган. Айрыкча түрк тилдүү мамлекеттердин биримдиги тууралуу идея ошол кезде эле абдан кеңири талданып, анын келечеги тууралуу ой толгоолор кыйла орун алганын көрөбүз. Ырас, андагы айтылгандардын айрымдары ишке ашты. Расмий Бишкек Түрк тилдүү мамлекеттер кеңеши, ТүркСОЙ сыяктуу уюмдардын активдүү мүчөсү болду. Бирок анын тарыхый мааниси улам мезгил өткөн сайын ачылып отурат. Кыргызстан баштан кечирип жаткан акыркы окуялар, айрыкча жакында болуп өткөн Тажикстандын тажаал агрессиясы андагы айтылгандар качан болбосун актуалдуу экенин дагы бир жолу көрсөттү. Андыктан бул маселе автордун көрөгөчтүгүн гана айгинелейт.

Китепте абдан терең изилденген темалардын бири – жерге карата жеке менчик маселеси. Анын дүйнөлүк таржымалы тээ Фридрих Энгелс жазган «Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы» аттуу макалада баяндалган учурдан бери жиликтенет. Ырасында жерге карата жеке менчиктин Чоюн Өмүралиев эскерткен зыяны толук ошол сүрөттөлгөн формасында тийе элек. Жер ипотека аркылуу бир колго топтоло элек, ал чет элдик капиталга күрр сорула элек. Албетте, андай болбой эле койсун, бирок андай болбосуна эмгиче кепилдик да жок. Антсе да башкача түрүндө эмитен эле зыяны тийе башта-

ганына турмуш күбө. Жеке менчикке берилген жердин 25 пайызга жакын бөлүгүнө там салынып кеткенин, жерди жалпы пайдалануунун системасы кыйраган соң айыл чарбасы оңбогондой кризиске учураганын тээ Бакиев заманында эле адистер жазып чыгышты. Алыс барбай эле бир топ жыл мурун мен өзүм жетектеген изилдөөчү топ Баткен облусунун чек ара аймактарындагы тажик жарандарынын жылма миграциясы мамлекеттин бүтүндүгүнө канчалык зыян келтирип жатканын көзгө сая көрсөтүп берди. Кийин Баткен облусундагы чек арага байланышкан чыр-чатактар анын баарын күн алыс айкындап жатат. «Чыккан кыз чийден тышкары» деп, кыз кишини бара турган бүлөсүнө ыроологон кыргыз шарты менен «баары жер үлүшүн алууга акылуу» деп көшөргөн менчик укугунун карама-каршылыгы да али алдыда.

Автор бул жыйнакка кирген өз эмгектеринде Курманбек Бакиевдин тушундагы өлкө экономикасына тыштан башкаруу киргизүү же ХИПК темасын да кыйгап өтө алмак эмес. Чындыгында тышкы күчтөрдүн пландары канчалык ырааттуу да, кыйды да болгонун Кумтөр маселеси менен ошол кездеги Максим Бакиев түздүргөн ЦАРИИден деле байкаса болот. Бул жагдай эми башкача түргө өттү. Ушу тапта тышкы карыздын тутумунда Кытайга болгон карыз биринчи орунга чыкты. Арзан насыяларга таянып тегерек-четин имерип келаткан бул чектеш мамлекет менен болгон мамиленин мындай өңүтү ХИПКтин коркунучунан ашса ашат, кем калбай турган абалга жетти. Чындыгында бири мамлекет, экинчиси эл аралык механизм болгонуна карабастан экөөнүн тамыры бир. Ал тууралуу да, башка «Ибилис механизмдердин» иштиктүү куралдары тууралуу да алдыда кеңири сөз болсун. Ага чейин китептин мазмунуна кайрылалы.

Жыйнактын соңунда ислам менен теңирчиликтин айырмасына, өз ара алака-катышына, карама-каршылыктарына

жана бул маселенин ылайыктуу чечилиш жолдоруна орун берилген. Бул да бекеринен эмес. Акыркы жылдары саясий ислам Кыргызстандын идеологиялык турмушунда, элдин дүйнө таанымында өтө олуттуу чакырыктардын бири болуп келатканын эч ким тана албайт. Жакынкы жылдары бул фактор ого бетер алдыга чыгып, мындан да курчушу мүмкүн. Ушул жерден айта кетпесек болбойт. Теңирчилик – бул контекстте кыйла шарттуу термин. Автор теңирчилик деп буга чейин илимде айтылып келаткандай байыркы түрк-монгол элдеринин монотеисттик же политеисттик диний түшүнүгүн эле эмес, диндин алкагынан алда канча кеңири, бийик, көчмөн элдердин коомдук-саясий, этикалык, эстетикалык, маданий баалуулуктарын камтыган зор системаны атап отурат. Аны башкача атасак да болот, бирок андан маани өзгөрүп кетпейт. Бул түшүнүктөрдүн биримдиги чындап эле диний алкакка батпайт, кыйла кеңири жана аны түшүнүү да чоң даярдыкты талап кылат.

Чындыгында мунун баарын жогоруда айткандай тарыхый жана дүйнөлүк контексттен тышкары кароого мүмкүн эмес. Эмесе сөз китепте талданган жагдайлардын эң урунттуу учурлары, анда козголгон маселелер тууралуу болсун.

Кыргыз жүгү жана кылым жүгү

...Желип-жортуп мурда келген жолунда
Жер айланып жүрөт дале огунда.
Кыргыз көчү, бүгүнкү ушул дүйнөдө
Кылым жүгүн көтөргөнсүйт жонунда.
Эр Киши (Интернеттеги белгисиз автордун поэмасынан).

Ушу тапта кыргыз коому өзүнүн да мурунтан келаткан маселелерин толук чече элек, ага кийинки кыйынчылыктар да кошулду. Тарыхты карай келсек, акыркы кылымдардагы уруулардын бытырандылыгы, Кокон хандыгынын эзүүсү,

акыры түбү Орусиянын орбитасына ыктоо деле оңой-олтоң кырдаал болгон эмес. Курманжандар элинин бактысы үчүн өз баласын садага чапса, эзүүгө чыдабаган кыргыз элинин 1916-жылдагы көтөрүлүшү азыркынын тили менен айтканда геноциддин элементтери менен аяктаганын ким танат? Отурукташтыруунун өзү деле миңдеген жылдар бою көчмөн жашоо кечирген элдин турмуш ырааты үчүн кыйла чоң сыноо болгону белгилүү. Улуттун мыктыларын шылып түшкөн репрессия да, андан кийинки согуш да элдин духун түшүргөндөн тышкары, дароо билинбеген, бирок өтө маанилүү тескери таасир тийгизген экен. Ал таасири - мыктылардын тукуму азайып, айрымдары орду-түбү менен жок болуп, тескерисинче коркок билиш, кошоматчы, улуттук өзөгү өтө начар адамдардын тукуму көбөйүшүнө шарт түзүптүр. Азыр байкап отурсак ошолордун үчүнчү-төртүнчү мууну саясатка келатат. Муну улут каймактарынын деңгээлиндеги геноцид деп шарттуу түрдө атасак болчудай. Дал ушул себептен улам Жусуп Абдрахмановдун тушунда Ленин өзү талап кылган кыргыз тили артка сүрүлүп, республикалык деңгээлдеги жетекчилер биринчи иретте өз элинин эмес, коңшуларынын кызыкчылыгын коргоп келгенби дегенге толук негиз бар.

Ырас, советтик доор, айрыкча социалисттик баалуулуктар жамаатчыл кыргыз элинин менталитети үчүн башка улуттарга караганда кыйла ыңгайлуу болду. Адабиятта Айтматов, кинодо «кыргыз керемети», медицинада Ахунбаевдер жаралды. Залкар жазуучубуз Түгөлбай Сыдыкбеков жазгандай, миңдеген жылдар бою катылып жаткан улуттук маданияттын үрөнү туура кыртышка түшүп, абдан сонун түшүм берди. Анын баарын тануу тарыхый чындыкка каршы чыгуу менен барабар болор эле.

Бирок чек ара, стратегиялык объектилер, тил, улуттук кадрлар жагына келгенде башка республикаларга, атап айтканда кошуна республикалар менен Балтика боюна

салыштырмалуу Кыргызстан жемин жедирип келгени да чын. Чарба жүргүзүүнүн эки башка ыкмасы, орус тили менен өзбек тилинин таасири, Төө-Ашуудагы жолдон башка трассалардын жоктугу өлкөнүн эки бөлүгүндө кыйла айырмалуу менталитетти пайда кылып, аймактык ажырымга жем таштаганы да чын. Мамлекеттик, улуттук кызыкчылык тууралуу түшүнүк калыптана электе, мамлекеттүүлүктүн барк-баасы билине электе Союз урады. Эгемендикке кыргыз эли өзү эле ушундай, жыйыла элек кыйла оор жүк менен келди.

Ал арада XX кылымда дүйнө жүзүндө бири-бирине байланышпаган сыяктуу көрүнгөн тенденциялар жүрүп жатты. Хронологиялык жагынан келсек, кыргыз турмушуна мурдараак таасир эте баштаган исламдын саясатташуусу жана радикалдашуусу жаңы этапка өтүп, заманбап мүнөз күттү. Кийин араб өлкөлөрүнүн так ортосунда Израил мамлекети пайда болду. АКШ баш болгон Батыш коалициясы күчкө кирип, СССР ыдырады. Батыштын өзүндө деле демократия дегендин маани-мазмуну кыйла башкача чечмеленип, азчылыктардын укуктарын биринчи орунга койгон адам укуктары тууралуу тезис алдыга чыкты. Салттуу маалымат каражаттарынын мүнөзү өзгөрүп, алар бизнестин элементи болуудан калып, эми өңчөй идеологиянын куралына айланды. Соцтармактар журналисттер менен аудиториянын ортосундагы чекти да, этикалык нормаларды да кошо жок кылды.

Автор адам укуктары тууралуу түшүнүктүн келип чыгышына жана түпкү максатына мынча көңүл буруп жатканынын себеби тереңде. Анткени биринчиден чын эле бул түшүнүктүн өзү талаштуу. Дегенибиз, укук деген түшүнүктүн өзү коомдо гана пайда болот. Кайсы бир эч ким билбеген аралда жалгыз жашап жаткан адам өз укугун эч кимден талашпайт. Анын укугу ошол жашап жаткан жеринде эч кандай предмет болбойт. Коомго аралаша баштаганда,

жок эле дегенде жанында бир адам пайда болгондо гана предметке айланат. Ал эми коомдогу укук милдет менен сөзсүз коштолууга тийиш. Коом дегендин диалектикалык маани-си өзү ошого түртөт. Укук-милдет мамилелеринен тышкары, коомдо уюмдашуунун формасына жараша башка да алака-катыштар, баалуулуктар болот. Бул айрым укук коргоочулар айтып жаткандай укуктун советтик түшүндүрмөсү эмес, кааласа-каалабаса да тааныла турган аксиома жана реалдуулук. Бул реалдуулукту таануудан баш тартуу ошол эле Батыш мамлекеттеринин өзүн да кризиске алып келип, башкасын кой, Жакынкы Чыгыштан келген мигранттар маселесине келгенде ал өлкөлөрдүн өз кызыкчылыгы арткы планда калды. Германиянын канцлери Ангела Меркел «мультикультурализм саясаты туңгуюкка кептелди» деп мойнуна алганынын себеби да ушунда. Европа мамлекеттери айласы кетип Түркиядан мигранттарды кармап турууну суранып акча бөлүп жатканы да ушундан. Бул эл аралык деңгээлде далилдегендегиси.

Экинчиден «адам укуктары мамлекеттин, улуттун укугунан жогору турат» деп биздин мурунку-кийинки Баш мыйзамдарга чейин кирип келген түшүнүк акыры түбү коомду, мамлекетти, улутту ыдыратууга, каалаганын кылып, каалагандай баалуулуктарды жайылтууга жол ачат. Эл аралык нормаларды ички мыйзамдардан жогору койгон ченемдер буга жардамчы гана болот. Анткени тыштагы механизмдер да сырттагы күчтөрдүн пайдасына гана иштейт. Китепте автор анын жеке менчикке байланыштуу өңүтүнө абдан катуу көңүл бурган. Ал эскерткен «Ибилис механизмдердин иштеши» башкасын кой, Кумтөрдүн тегерегиндеги талаштардан эле даана көрүнүп турат. Кыргызстан бул жагынан өз байлыгынан өз колу менен баш тарткандай эле болду. Ага таасир эткен коррупция, бийликтеги кландардын арааны башка кеп. Андыктан бул жагына токтолуп отурбайлы, автордун жазгандарын турмуш өзү ашыгы менен далилдөөдө.

«Адам укуктары» арааның ачтырган коркунучтар

Өз жериңде өзгөлөрдүн тили – жүк,
Өзөгүңө эрме чөлдүн дини – жүк.
Кыргызга жат, кызтекедей адаттын
Кыз-уланды кыйшаңдаткан жини жүк.
Эр Киши (Интернеттеги белгисиз автордун поэмасынан)

Үчүнчү жана эң негизги себеби - ушу тапта адам укуктары деген тезистин жана ага байланышкан «Ибилис механизмдердин» айынан кыргыз коому жана мамлекеттин өзү төрт чоң коркунучтун алдында турат. Адам укуктары деген тезистин айынан дегенибиз – ошол төрт коркунучтун үчөө адам укуктары тууралуу принципке тигил же бул даражада таянат. Ал кайсы коркунучтар?

Биринчиден, Орусиянын таасири. Анын үч өңүтү бар. Биринчи эки өңүтү – миграция менен күйүүчү-майлоочу майдын баасы. Миграцияны орус бийлиги расмий Бишкекке каршы каалагандай колдоно турган мүмкүнчүлүгү жетиштүү. Бир түмөн мигрантты бир күндө депортация кылса баары болбосо да көбү үйүнө жетпей түз эле Өкмөт Үйүнүн алдына келгени турат. Күйүүчү-майлоочу майдын баасы да кумулятивдик күчкө ээ болуп, экономиканын бардык тармактарына таасир эте алат. Бензиндин баасын орус өкмөтү бир сомго көтөрсө, анын жардамы менен өндүрүлгөн товарлар 5-10 сомго кымбаттап, керектөөчүнүн чөнтөгүнө дароо сокку урат. Үчүнчү жана биз айткан адам укуктарына байланышкан өңүтү – орус маалымат каражаттарынын аудиториясы жана орус тилинин расмий статусу. Адам маалыматты каяктан алса ошонун айтканына маани бере баштайт. Кыргызча контент аз, орусчасы көп болуп жаткандыктан балдарыбызды кой, небereлерибиздин тили орусча чыгып жатат. Кыргыз тилин бардык деңгээлде мыйзамга таянып жөөлөп турган орус тилинин расмий статусун алып салалы десек ошол эле орусчул уюмдар адам укуктарынын бузулганы тууралуу айтып чыкканы турушат. Автор жыйнактын башында айткан Орусиядагы шовинисттик

күчтөр эч кайда кеткен жок. Болгону кыйла натыйжалуу таасир эте турган каражаттарды колго алышты. Адам укуктары тууралуу тезисти алар илгиртпей пайдаланат.

Экинчи коркунуч - ислам фундаментализми. Кыргыз гимни ойнолуп жатканда ордунан туруудан баш тарткан медресенин окуучу кыздары, мамлекеттин айрым демилгелерине каршы чыккан башка фундаменталисттер үчүн да негизги таяныч – адам укуктары тууралуу тезис. «Салттуу ислам деген түшүнүк жок, Конституция боюнча мамлекет бардык диний агымдарга бирдей карашы керек» деп жыландын башын чыгарган агымдардын таянычы да ошол. Ошондуктан адам укуктары улуттун жана мамлекеттин укугунан жогору коюлуп турганда бул китептеги «Теңирчилик жана ислам» аттуу макалада козголгон маселелер чечилбейт. Анткени азыркы радикалдашкан исламдын да сыры Чыгышта эмес... Батышта.

Мекке менен Медина жайгашкан Сауд Арабиясындагы негизги деп эсептелген диний багыттардын бири ваххабизмге англичан чалгынчыларынын тийгизген таасири тууралуу көп жазылган. Ал го өткөн тарых экен дейли десек, АКШнын аскердик базалары саудиттердин жерин тебелеп турат. Кыргызстанда мүчөлөрү күн алыс тыюу салынган диний-экстремисттик адабият менен кармалып аткан «Хизбут-Тахрир» уюмунун штаб-квартирасы Лондондо жайгашкан. Германия Федеративдүү Республикасынын мурдагы парламенттик статс-катчысы Андреас фон Брюлов немистердин «Тагесшпинел» гезитине 2002-жылдын 13-январында интервью берип жатып, Ооганстандагы «Талибан» кыймылы АКШнын Борбордук чалгын башкармалыгынын жардамы менен түзүлгөнүн айтканы жарыкка чыккан. Кыргызстандагы таасирдүү агымдардын бири болгон «Таблиги жамаат» да эксперттердин баамында тыштан башкарылат. Анын жаралышына Индия менен Пакистандын бөлүнүшү себеп болгон (кимдер бөлүп кеткени тарыхтан жакшы белгилүү).

Кыскасы кайсы жагын караба, саясатташкан ислам менен Батыштын тамыры бир болуп чыгат. Албетте, тарыхта крест жортуулдары, өз ара айыгышкан согуштар болгонун эч ким тана албайт. Бирок чындыгында булардын кызыкчылыгы башынан эле карама-каршы беле? Же түбү бирби?

Иудаизмди чыгарган жөөт эли менен исламды негиздеген араб эли – экөө тең семит тукумуна кирет. Тили да, этногенези да бир. Дининин тамыры да бир, ал тургай илимде аврамисттик диндер деп аталат. Иудаизм мессиандык ишенимдерди туу туткан («Кудай биздин элди гана сактайт») улутчул динден Рим империясына жайылган шартта кантип космополиттик христианчылыкка айланганы Карл Каутскийдин «Христианчылыктын келип чыгышы» («Происхождение христианства») аттуу фундаменталдуу эмгегинде кыйла кеңири ачылган. Көрсө Чоюн Алп сөз кылып жаткан, Маркстын таамай айтканына таянган менталитеттин башаты андан да мурда, Рим империясынын шартында эле такшалып, далай сыноодон өткөн экен.

Ушунун баарын эсепке алганда, Палестина-Израил чатагы да, бири дин аркылуу, бири ишкерлик механизмдери аркылуу дүйнөгө таасир эткен бул эки элдин карама-каршылыгы да жалпы кызыкчылыгынын жанында шоона эшпейт, көп учурда ага чүмбөт гана болот деп жыйынтык чыгарганга туура келет.

Болбосо 20дан ашык араб мамлекети кенедей Израилдин тизгинин тарта албай, тескерисинче АКШ менен кызматташып, Батыш өлкөлөрүнүн базаларын батырып, мунайы менен газын сатып, акчасын ошолордун банктарында сактап келатканы эмнеден кабар берет? Ошонун баарын билип туруп, тээтиякта атасы тааныбаган баео кыргыз баласын «Палещтинадан колуңду тайт» дедирип тейтектеткен саясатты кайсы мораль менен актаса болот?

Библияда «оң колуң эмне кылганын сол колуң билбесин» деген эреже бар. Көбү аны «жакшылык кылганыңды башкага айтпа» деп гана жакшы маанисинде түшүнүп алган. Чындап келсе бул эки жакка өз кызыкчылыгың үчүн эки башка таасир этүүнүн принциби деп да түшүнсө болот. Эшмат менен Ташматты чабыштырсаң, Эшматка эмне айтканыңды, чыныгы мүдөөң эмне экенин Ташмат билбесин жана тескерисинче деген кеп. Көкүтүп койгон кишилериң белимчидей болуп кайсы механизмдин тетигине айланганын өзү да байкабай мээкайык болуп жүрө берет, сен душман дегенди душманым деп... Мунун мисалдары көп. «Энеси орус, атасы юрист» Владимир Жириновский уялбай-этпей эле ОРУС улутчулдугунун символу болуп алгандан кийин башкасын айтып эмне кылабыз? Дал ошолордун таасири байыркы Рустун башаты болгон Киевге кол салдырып, өз тарыхый тамырына балта чаптырып, азыркы Орусиянын куту менен касиетин кетирип жаткан жокпу?

Үчүнчү күч – дал ушул Батыштын таасири. Бул да шарттуу аталыш. Анткени Батышта башталган менен азыркы убакта анын таасирине жалаң эле Батыш кирбейт. Дүйнөнү башкаруунун, «Ибилис механизмдин» мүдөөсү ачыкка чыга баштады. Дагы кайталайм, ал тууралуу алдыда сөз болсун. Биринчи куралы – адам укуктары тууралуу тезистер. Анын эң негизги зыяны – түшүнүктөрдү бурмалоодо. Чоюн Өмүралиев таамай аныктама бергендей, «Мамлекет – менин руханий (же саясий) тең жарымым» деген адам гана чыныгы жаран деп эсептелет. Мамлекет менен ошондой мамиледеги адамдарды гана чыныгы жаран деп эсептесе болот. Ошондой жарандардан турган коомду гана сөздүн чыныгы маанисинде жарандык коом десе болот. Анткени андай коом жөн эле бирикпейт, мамлекетинин кызыкчылыгы, анын баалуулугу, зоболосу, эгемендиги жана күч-кубаты

үчүн күйгөндүктөн биригет. Батыш терминологиясы дал ушул жерге, автор айтмакчы, «былгы-билги» кирди. Жарандык коом уюмдары деп жалаң өкмөттүк эмес уюмдарды түшүнүп калдык. Алардын эң активдүүлөрү каяктан каржыланары белгилүү. «Өкмөт деле карызга жашап жатпайбы» деп билип-билбей эле капталдан чыгып каап алчулар четтен табылат. Кечирип гана койгула, өкмөт бирөөдөн карыз алса мамлекеттин ичиндеги маселелерди чечиш үчүн алат. Өлкөнүн кызыкчылыгы үчүн деген жүйө менен алат. Аны пайдалануудагы коррупция башка кеп, чоң тема. Ал эми өкмөттүк эмес уюмдар өлкөнүн күн тартибинде эгерим болбогон, түпкүлүгүндө улуттун мүдөөсүнө көбүнчө каршы келген программаларды ишке ашырыш үчүн биринен бири ашып долбоор жазат. Кимисиники жаккан болсо тышкы донорлор ошону тандап алып каржылайт. Балким ал уюмдарда иштегендердин ниети жакшы эле болгондур. Бирок байкасаңар мисалы кыргыз тилинин кызыкчылыгын илгерилетиш үчүн же кыргыз маданиятынын кемчиликтерин түздөш үчүн жазылган бир да долбоор утканын көрбөйсүң. Тышкы донорлордун жарыялаган конкурсунун темалары – гендер, азчылыктардын укуктары, анын ичинде улуттук азчылыктардын кызыкчылыгын түпкү улуттун баалуулугуна каршы коюуга багытталган күн тартиби. ЛГБТ боюнча толгон-токой программалар. Маселенин чечилишине эмес, талкууланышына (аныгында көбүрөөк ызы-чуу салышына, чындап келсе кыргыз баалуулуктарына каршы Овертон терезесин кеңейтүүгө) багытталган иштер. Каршы сөз айтсаң «эмнеге педофилдерге каршы ушундай эле чыкпайсыңар» деген манипуляция.

Адам укуктары тууралуу тезис дал ушулардын колу менен былгы-билги пайдаланылат. «Укугум бар, улутум жок», «укугум бар, милдетим жок», акыры түбү «укугум бар, уятым жок» деген өзөгү бош жаштарды өз

элине каршы коет. Курманжан датканын эстелигинин жанында туруп «эрге тийбейм» деген эркек сөрөйлөрдү чыгарат. Чокморовдун чокоюна тең келбегендерди сүрөт музейинин төрүнө чечиндирет. Бизнестин укугу, бренд деген ашмалтай шылтоо менен Манастын атын аракка койдурат.

Жарандык коом ушубу? Жок, бул жарандык коом эмес. Бул жарандык коом тууралуу түпкүлүктүү түшүнүктү баштан-аяк бурмалоо. Бул чыныгы жарандык коомго пародия. Кыргызым деген чыныгы жарандык коомдон айлансын. Кыргыздын жарандык коому чындап келсе формалдашып түзүлө элек.

Мунун көбүнүн ачкычы – сырттан каржылоо. Сырттан каржыланган жана сырттан коюлган күн тартибин жүзөгө ашырууга милдеттенме алган күчтөр эч качан сөздүн түз маанисинде жарандык коом боло албайт. Тилекке каршы, бизде уюмуна эмес, өз партиясына сырттан акча алганын ачык мойнуна алып китеп жазгандар бийликке келип отурат.

Төртүнчү коркунуч – Кытай карызы. Бээжин дүйнө жүзүндө эң арзан насыяларды берүүнү негизги стратегиялык ыкма кылып алган. «Бир алкак – бир жол» долбоорунун максаттарынын бири - Кытайдын тегерек-четиндеги мамлекеттерди өзүнө экономикалык жактан байлап, коопсуз зона түзүү экени ачыкка чыгып калды. Чындыгында бул жаңы деле стратегия эмес. Кытай илгертен эле өзүнө жакыныраак жайгашкан элдердин өкүлдөрүн өзүнө тартып, алысыраак жайгашкандарына каршы коюп өз күчүн сактап келген. Болгону, бул жолу Кытайды дүйнөлүк контексттен таптакыр бөлүп караган туура эмес. Баятан бери айтылып жаткан кепти эми чечмелеп түшүндүрөлү.

Азыркы убакта эл аралык компаниялардын таасири артты. Чындыгында бул таасир үчүн ачык күрөш XX

кылымда эле башталган. Экологияны булгабай турган электромобилдер өткөн кылымдын башында эле чыкканына карабастан жүз жылдан ашуун убакыт бою патент түрүндө гана жашап келатканынын бир сыры ушунда. Анткени анда мунай магнаттарынын монополиясына оңбогондой сокку урулмак. Дүйнөлүк капиталды мамлекеттик чек арага карабай башкаргысы келген күчтөрдүн ааанына акыркы ачылыштар абдан төп келди. Эл аралык корпорациялардын таасири мамлекеттердикине атаандашып, көп учурларда алардыкынан ашып түштү. Бир топтору эл аралык маалымат каражаттарына, мамлекеттердин ичиндеги бешинчи колонналарга ээ болушту. Кыскасы дүйнөнү жалпы башкарууга ачык өтүштү. Бул жагынан алганда Америка Кошмо Штаттары мамлекет катары эле эмес, дүйнөлүк Улуттук банк жана штаб-квартира катары да кызмат кылат. Кытай – илгертен көчмөн дүйнөдөн таасир алган, ага таасир эткен, аны менен атаандаш болгон мамлекет же цивилизация эле эмес, бүгүнкү күндө ал - дүйнөлүк фабрика. Италия – дүйнөлүк курорт, Таиланддын ролун айтпай эле коелу. Орусияны чийкизаттын дүйнөлүк кенчи кылгысы келгендер бар (өз ичинде ага кызмат кылгандар ансыз деле жетиштүү). Албетте, автор жазгандай «кумурсканын да Кудайга бергис укугу бар» экенин башка мамлекеттер эчак эле жетекчиликке алышкан. Андыктан алар да өз кызыкчылыгын кое берген жок. Бирок жалпы тенденция ушул багытта баратканын да тана албайбыз. Эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшүндө аздыр-көптүр өз ордун тапкан өлкөлөр туруктуу сакталып калып, калгандары ар кандай күчтөрдүн лабораториясына айланууда. Дүйнөнү бөлүштүрүп, ар бирине роль ыйгарып койгон глобалисттердин аракети бир топ мамлекеттердин табигый каршылыгына учураса да жакын арада арышын токтотчудай түрү жок.

Андыктан мындай шартта Кытай Кыргызстанга башка

тараптан таасир эткен күчтөр менен макулдашып иш алып барбайт деп эч ким кепилдик бере албайт. Болгону азырынча ал идеологиялык эмес, экономикалык таасир менен чектелүүдө.

Муну айтып жаткан себебибиз, китепте «идеологиянын кереги жок» дегендердин кыйды саясаты эмнеге алып барары жакшы ачылган. Чындыгында эле ошонун өзү идеология. Азыр дүйнөлүк лабораторияларда сыноодон өтүп, коомдук пикирди албарстыдай баскан фейк маалыматтар менен троллдордун тажаал армиясы, ОБОН ажылдак, маалыматты бурмалаган манипуляциялык технологиялар Кыргызстандын элинде кадимкидей иштеп жатат. Анын баарына жогорудагы жагдайлар кошулганда ит ашы кара буламык болуп эле жатып калды.

Кыргыздын мурдатан келген өз жүгү менен кошо көтөрүп турган дүйнөлүк жүгү дегенибиз ушул. Чоюн Алп ашык-кеми жок ушул эки эселенген жүктү жүрөгү менен көтөрүп, ойдун масштабында караңгыдан жол табууга аракет кылып жаткан чагы.

Эмне кылыш керек?

Жыйнакта бул маселелерди чечүүнүн негизги багыты көзгө урунат. Ал – Эл менен Мамлекеттин биримдигин камсыз кылуу. Бул чоң милдет. Балким азыркы геосаясий шартта башка да көптөгөн мамлекеттердин башында турган орчундуу түйшүктөрдүн бири. Бул жагынан алганда алыс барбай эле көчмөн цивилизация менен отурук дүйнөнүн өкүлдөрү болгон кыргыз менен кытайдын Мамлекет жана Баатыр деген эки чоң түшүнүктөр боюнча айырмасын кеп кыла кетпесе болбойт.

Чжан Имоу тарткан «Баатыр» аттуу фильм бар. Анын баш каарманы Кытай жаңыдан бир империяга биригип келаткандагы чоң уруулардын биринин баатыры болот да, баарынын башын күч менен кошмокчу болгон Цинь Ши Хуандини өлтүргөнү аттанып чыгат. Жолдон азап-тозоктун баарын көрүп, далай достору менен тилектештеринин

тагдыры чечилет. Жетип өлтүргөнү калганда императордун өзү менен маектешет. Акыры баары бир мамлекетке биригиши керек экенине ынанып, баштапкы ниетинен баш тартып, Цинь Ши Хуандини тирүү калтырып кетип баратканда ордонун кызматкерлери: «Таксыр! Сизден көптөн-көп суранабыз, бул кишини өлтүрүңүз! Бул империянын биримдиги, ынтымагы үчүн аба-суудай зарыл! Өлтүрүңүз! Өлтүрүңүз! Өлтүрүңүз» - деп императорго жалдырап туруп алышат. Белгисиз Баатырды ичинен сыйлап, дээрлик жактырып турган император айла жоктон турмуш зарылчылыгынан улам дарбазадан чыкканы калган Белгисиз Баатырды атууга буйрук берет. Жамгырдай жааган түмөндөгөн жебелер анын артынан сайылып, ашканы дарбазага сайылып, Баатыр кулап түшкөн соң соо жери жок жаанын огу сайылган дарбазада ок сайылбаган жердеги адамдын сөлөкөтү гана калат.

Белгисиз Баатыр эң чоң кылмышкер катары өлтүрүлүп, бирок эң чоң баатыр катары сый-урмат менен көмүлөт.

Башкача айтканда Кытай үчүн Баатыр дегендин орду – ошол жамгырдай жааган жебеден калган кишинин гана сөлөкөтү. Андан ашпайт. Мамлекеттин эбегейсиз салмагы баатырлардын адамдыгын да, эрдигин да, баалуулугун да тебелеп-тепсеп, басып кеткен.

Эми ушунун баарын өзүбүздүн «Манастагы» алака-катыштар менен салыштырып көрөлү. Манас атабыз ким? Ал бир эле учурда адамдын да, жарандын да, жоокердин да идеалы. Баарын өнө боюнда ала жүргөн асыл. Кыргыз таанымында ушул талаптардын баары бир адамга коюлган. Лидерге өтө чоң маани берилген. Кырк чоронун бир тобу кийин терс каарманга айланып, кыркы кеткенде ыркы кеткен кыргыздын сыры да ушунда. Башкача айтканда кыргыз эли кылымдар бою бир эле учурда адамдык да, жоокердик да, жетекчилик да сапаттардын ээси болгон кишини мамлекет башынан көргүсү келген. Эл менен Мамлекеттин чулу биримдигин камсыз кылган эренди самаган. Жалгыз башына бүт мамлекеттин жоопкерчилигин ала билген кишини көксөгөн. Чындыгында кыргыз демократиясы кылымдар бою аскердик демократия болгон.

Мамлекеттин кызыкчылыгына ким мыкты кызмат кыларын далилдей алса лидерликке ошол гана шайланган.

Андай биримдикти камсыз кылуунун механизми катары автор көп жылдан бери курултай системасын сунуш кылып келатат. Эскерте кетүүчү маанилүү жагдай - Чоюн Өмүралиевдин курултай боюнча концепциясы азыркы айтылып жаткан моделдерден түп-тамыры менен айырмаланат. Айталык, Кадыр Кошалиев баштаган саясатчылар курултайды мамлекеттик бийликтен өзүнчө, андан отчет ала турган күч катары көрөт. Автор тескерисинче андай мамилеге каршы чыгып, курултайды жөн гана келип баарын зекип кайра кетип кала турган жыйын эмес, такай иштеген, баарынын башын бириктирген жандуу механизм катары түшүнөт.

Эл менен мамлекеттин биримдигин камсыз кылуунун туруктуу каражаты катары бул айтылгандар абдан баалуу. Бирок автор партияларга ишене бербеген сыяктуу эле (анысына негиз боло турган жагдайлар ашыгы менен жетиштүү), коомдун өзү жиктелип-бөлүнүп, жогоруда жазылгандай үч чоң идеологиялык лагерге тартылып, өзөгүнөн алыстап турганын да эске ала кетүүнүн зарылдыгы бар. Кудай сактасын, бирок ошол эле былгы-билги ыкмаларды пайдаланган күчтөр ортого кирип, дал курултайдын колу менен мисалы жарыкчыл түзүлүштөн диний түзүлүшкө алып өтпөйт деп ким кепилдик бере алат? Башка мамлекеттин курамына кирип кетсек дегенде ак эткенден так эткендер пайдаланып кетсечи? «Демократия – элдик бийлик эмес, элдик философиянын бийлиги» деп китепте эң сонун айтылган. Андай философия азчылыкты түзүп турган убакта баарын курултайдын колуна салып берүү туурабы? Бул да болсо китепте айтылган негизги идеялардын бирине карата аргасыздан азыркы жагдайды эсепке алган ой толгоо...

Чындыгында курултай деген термин деле салыштырмалуу кийин айтыла баштады. Болбосо кыргыздар муну жыйын деген. Айрымдарында хан шайланган, айрымдарында чоң-кичине маселелер чечилген. Андыктан тарыхый эстутумда калган ийкемдүү тажрыйба катары бул маселе улам козголуп келатканы бекеринен эмес. Аны пайдалангысы

келген күчтөрдүн көптүгү да ушундан улам. Ырас, ар кимиси өз чогулушун курултай деп атай берип бул сөздүн тамтыгын да чыгарып жиберишти, бирок ал башка маселе.

Кыргыз эли өзү элдигин эстесе - бул механизм сөзсүз жемишин берет. Бирок кыргыздын пайдасына иштеткибиз келсе - ал коомдун көпчүлүк бөлүгү чыныгы жарандык коомго айланганда гана жемишин берет. Анын жолдору кандай?

Биринчиден, өкмөттүк эмес уюмдарга канчалык оор тийсе да, аларга сырттан каржы алууга тыюу салыш керек. Демөөрчү издесе – ички чөйрөдөн издесин, коом үчүн пайдалуу иш аткаргысы келсе – көпчүлүктүн мүдөөсүнө төп келген, андан да жакшысы – автор жазган элдик философиянын кызыкчылыгына шайкеш түшкөн иштер боюнча долбоор жазсын. Анын моделдерин түзсө болот. Жок дей албайбыз, бар. Мисалы «Айтыш» коомдук фондунун негиздөөчүсү Садык Шернияз сырттан эч кандай каражат албай-этпей эле кыргыз сөз эркиндигинин эң мыкты формасы болгон өнөрдү дээрлик өлүп бараткан жеринен жергиликтүү демөөрчүлөрдүн жардамы менен кадимкидей тирилтип койду. Демек, бул багытта потенциал жетиштүү, болгону туура пайдалануу зарыл.

Экинчиден, жарандыкка кабыл алуунун шарттарын катаалдатыш керек. Бул эми мамлекет жасай турган иш. Өзүн демократиянын түркүгү деп эсептеген АКШда деле жарандыкка өткүсү келген кишилер ант берет. «Мындан ары башка бир да мамлекеттин кызыкчылыгы мен үчүн Америка Кошмо Штаттарынын кызыкчылыгынан жогору турбайт» деп ачык милдеттенме алат. Жашы жеткенде кыргыз жарандыгына өтүп жаткандардын баары ушундай ант берүүгө тийиш. Мындай милдеттенме албагандар жарандык укуктардан пайдалануу акысы жок. Ал эми жарандыкка четтен келгендердин ичинен кыргыз улутундагылар гана кабыл алынышы зарыл. Айрым өзгөчө учурларда гана коомчулуктун макулдугу менен кыргызга эмгеги (акчасы эмес) өткөн адамдар кабыл алынбаса, негизги принцип ушундай болушу абзел.

Үчүнчүдөн, жеке демилге менен чыгып келаткан «Көк

Асаба» гезитин эсепке албаганда, ушул күнгө чейин бийлик-оппозициясына, батыш-чыгышына карабай улуттук кызыкчылыкты туруктуу көздөгөн саясий, заманбап маалымат каражаты ачылып иштетиле элек. Кыргыз дүйнөнү жалаң башканын көзү менен карап келатат. Учурда Кыргызстанда иштеп жаткан ЖМКлардын басымдуу бөлүгү же орустардыкы, же Батыштыкы, же динчилдердики. Калган-каткандары бир күндө үч башка сүйлөгөн жергиликтүү саясатчылардыкы. Андыктан улуттук кызыкчылыкты көздөгөн медиа каражатын ачып, демөөрчүлөр менен байланыш түзүү – зарылдын зарылы. Бул китепте айтылган нерселер да ошондой каражаттар аркылуу элге жетиши керек. Ушуну колго алып, туура форматта иштетип, туура пайдалана алган күчтөр келечекте өлкөнүн каймактарын аныктайт. Тааныла элек лидерлерди, айтыла элек идеяларды алып чыгат. Башкага эмес, кыргызга кызмат кылат.

Төртүнчүдөн, бала бакчадан баштап мектептерге чейинки билим берүү системасын кайра баштан түзүп чыга турган күчтөр ойгоно турган зарылдык бышып жетилди. Жеке менчикте болсо мейли, идеологиясы кыргыздыкы болсо болду. Аскар Акаевдин убагында мисалы «Себаттын» ордуна сунуш кылса акырын Ноокатка сүрүлгөн «Билимкана» биринчи орунга чыгышы керек. Кыргызча жана кыргыз тарбиясы менен бала бакча, мектеп ачкандарды мамлекет колдоп, аларга методологиялык жактан жардам берүүгө тийиш. Ал үчүн башкаларын жаап кереги жок, тескерисинче нагыз атаандаштыкта утуп чыгып, кыргыздар өз балдарын ошондой улутчул багыттагы бала бакчаларга, ошондой мектептерге берүүгө өздөрү умтулгудай деңгээлге жетишүү – башкы максат.

Акыры, ал балдар-кыздардын тили чындап өзүнө жана элине кызмат кылышы үчүн, орус тилинин расмий статусун алып таштап, иш кагаздары менен тейлөөнүн баарын менчиктин формасына карабастан кыргыз тилине өткөрүү талап кылынат.

Ушунун баары азыр эмес, бир топ жылдан кийин жемишин бере турган иштер. Ошондо да туура формасы табылса! Ага чейин аздыр-көптүр улуттук кызыкчылыкты

көздөгөн саясий күчтөр биригип, ал кызыкчылык тууралуу жок дегенде негизги тезистерди, алардын жайылтуунун жолдорун практикалык өңүттө талкуулай бериши зарыл.

Курултайлардын Эл менен Мамлекетти бириктирген потенциалы келечекте ошондо гана чындап ачылчудай.

Улуттук кызыкчылык

(Же эмне үчүн кыргыз үчүн дин түзгөн Мухаммедден атеист Тыныстанов ыйык болууга тийиш?)

Улут деген сөз кыргыз тилине совет мезгилинде этнос деген түшүнүктү туюндуруп кирген жана ошондой түшүнүктү туруктуу калыптандырган. Ошол эле учурда дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө бул сөз мамлекеттин жалпы элин түшүндүргөн (мисалы Америка улуту). Мамлекеттик деген сөздү улуттук деп атаган тенденция пайда болгон. Ошондуктан Кыргызстан эгемендик алган соң президентке караштуу түзүмдөрдүн баарын улуттук деген статус ыйгарып, түшүнүктөрдүн өзүндө кыйла башаламандык пайда болду. Автор мындан «жаңы» мамлекет түзүлдү деген шылтоо менен ошол кездеги башкаруучулар (негизинен Аскар Акаев) өз бийлигин бекемдеп ала турган амалды көргөнү байкалып турат. Чындыгында анын максаты алда канча кыйды, алысты көздөгөн кызыкчылыктарга кызмат кылары кийин эле билинди. Көрсө түшүнүктөрдү алмаштырып, ал аркылуу кыргыздын атын өчүрүп, улут маселесине келгенде кыргыз элин өз алдынча субъект катары жок кылууга багытталган аракеттерди болжогон экен. Бул ички жарандык паспорттон «улут» графасын алып салуу жан далбасында даана көзгө урунду.

Кыргызстандын элинин көпчүлүгү жана өлкөнүн тарыхын, азыркы тагдырын аныктап жаткан эл – кыргыз эли. Дүйнө жүзүндөгү моделдердин тажрыйбасына таянуу

менен азчылык көпчүлүккө ыңгайлашканда гана ошол мамлекетте туруктуулук болот деп айта алабыз. Демек, Кыргызстанда кыргыз тили, кыргыз маданияты, кыргыз баалуулуктары жана кыргыз элинин кызыкчылыктары качан болбосун үстөмдүк кылышы керек. Кыргыз эли негизин, өзөгүн түзгөн Кыргызстандын эли анын жарандарынан турат.

Ушундан улам улуттук кызыкчылык – бул жалаң эле руханий же маданий кызыкчылык эмес. Ага чек арадан тартып кендердин тагдырына чейин, экологиядан баштап элдин саламаттыгына чейин, коопсуздуктан тартып идеологияга чейин, билим берүүдөн тартып экспорт менен импорттун айырмасына чейин өтө кеңири алкактагы кызыкчылыктар тобу кирет. Кыргыздын улуттук кызыкчылыгы – кеңири маанисинде кыргыз мамлекетинин кызыкчылыгы.

Чындыгында биздин тарыхка, азыркы убакка жана келечекке карата көз карашыбыз дал ушул парадигмага ылайыкөзгөрүүгөтийиш. Айталык, улуттукызыкчылыкты көздөгөн адам үчүн кыргыздын бар экенин да билбеген Мухаммед пайгамбарга салыштырмалуу атеист болсо да башканын эмес, кыргыздын кызыкчылыгы, кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн башаты үчүн башы сайылган Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов, Төрөкул Айтматов сыяктуу эрендердин элеси алда канча ыйык болушу зарыл. Андан наркы тарыхтагы кыргыз үчүн өмүрүн арнаган баатырлардын, даанышмандардын аттарын айтып отурбайлы. Алардын ар бири ыйык. Анткени эмгеги, эрдиги өткөн.

Бул принцип ал тургай кыргыз эместерге карата да түздөн-түз иштейт. Кыргызга кылган кызматы жагынан мисалы Лениндин эмгеги чоң, ал эми Николайдын зыяны эстен кеткис. Анткени Ленин Үркүндөн кайтып келген кыргыздарга орустар менен теңата укук берип, ошол

учурдагы шартка жараша теңдикти камсыз кылганын эч ким тана албайт. Кыргызга пайдасы тийгени – кыргыз үчүн ыйык, зыяны тийгени – душман жана сак боло турган сабак.

Андыктан жетекчилердин эмгегин талдаганда да жалаң экономикалык жетишкендиктерин санап отурбай, кыргыз тилине, кыргыз жерин кеңейтип же тарытканына, каада-салтына кылган кызматын биринчи орунга коюу маанилүү. Айрымдарынын жактоочуларына канчалык оор тийсе да бул иш акыры жасалышы керек. Улуттук кызыкчылыкты көздөгөн кыргыз тарыхы ушундай принцип менен жазылат.

Ал эми учурдагы улуттук кызыкчылыкты кеп кылганда кыргыздын керемет бир сөзү эске түшөт. «Алтын ээр атка чак, атка тынчы жок болсо алтынын алып отко жак. Күмүш ээр атка чак. Күлүккө тынчы жок болсо күмүшүн алып отко жак» дешкен экен, ата-бабалар. Мунун азыркы чечмелениши – кыргыз эли бул дүйнөдөн өзүнө эмне керек экенин өзүнүн улуттук философиясынын көз карашынан өзү тандоого тийиш. Мухаммед пайгамбар айтканы үчүн эмес. Орус президенти талап кылганы үчүн эмес. Адам укуктарынын жалпы декларациясында жазылганы үчүн эмес. Өз кызыкчылыгында! Тышкы дүйнөгө карата анын негизги эрежеси мындай чечмеленет – «башкалардын айтпай кылганын керек болсо ашыра кыл, бирок айтканын кыла бербе».

Эмне үчүн? Маселен, АКШ жарандыкка кабыл алууда милдеттенме коюп, ант алаарын жогоруда айттык. Анын бир топ штаттарында өлүм жазасы киргизилген. Бизге болсо «кокуй эле кокуй, бул гумандуу эмес экен» деп дал ошол жактан грант алган өкмөттүк эмес уюмдар ага каршы үгүттөп жатып алдырып тынышты. Израил мамлекетинде жерге карата жеке менчик жок экенин баары биле бербейт. А бирок так ошол элден чыккан, жерге карата жеке менчикти көздөгөн программаларды так биздин либералдар жанталашып коргогонун каякка жашырабыз?

Башка мамлекеттер өздөрүнө жолотпогон ПЕСАК сыяктуу программаларды бизге таңуулап жатып киргизишти го? Жыйынтыгы эмне болду? Же уйдан жок, же уй байлаган жиптен жок... Ошол эле Израилдин милитаризацияланган, бардык жарандарын мобилизацияга тарта билген кашкөй тажрыйбасын эмнеге албайбыз? Бу кандай эле баары бизди жумшак, чыдамкай, берешен кылгысы келе берет? Жыгачтын деле жумшагын курт жейт го акыры? Максаты ошол экен да!

Бул эми учуру келгенде айтылган сөз болду. Бирок жалпысынан азыр жарандыкка жана улуттук кызыкчылыкка карата мамиле жайылып-жазылган демократияны эмес, учурга жараша өз убагында автор мисал келтирген Моде Шаңүйдүн мүнөзүндөгү катаал башчыларды талап кылууда. Ансыз мамлекет чындап эле коркунучта.

Таштай турган жана баштай турган тарых

Азаматын Ата Бейит жалмаган,
Арыз айтып бараар жери калбаган,
Кабыргаңдан кайыш тилсе былк этпес,
Калкым, сенин чыдамыңа таң калам.

Адамзаттан өсүп чыккан бутак – сен.
Ай-ааламга кең жайылган кучак – сен.
Аттанаарда ашыкча жүк артынып
Алың жетпей, токтоп турган учак – сен.

Байыркынын алына элек өчү – сен,
Бабалардын кайып болгон көчү – сен.
Жеңижокту жети күнү ырдатып
Жер бетинде Аккан Суунун өзү сен.
Эр Киши (Интернеттеги белгисиз автордун поэмасынан)

Ушул жерден айта кете турган дагы бир сөз бар. Улуттук кызыкчылык - догма эмес. Аныгында ал элдин өзөгүн сактап калууну максат кылып, ошол эле учурда заманга жараша ийкемдүү өзгөртүп да турууну максат

кылат. Андыктан бул китепте сунушталган, урууларды саясий категорияга айландыруунун пайда-зыянын заман өзгөчөлүгүнө ылайык башын ачып албасак болбойт.

Уруулардын кыргыз тарыхындагы ролу, убагында өзүн өзү уюштуруунун эң табигый формасы катары кызмат кылганы бул жыйнакта абдан жакшы ачылган. Андан тышкары кошумча катары айтып кете турган бир гана нерсе бар. Ал – тарбиялык мааниси. Жети атасын билген кыргыз кайсы бир начар ишке барса укум-тукумуна чейин кепке кемтик, сөзгө сөлтүк болуп каларын да билген. Тескерисинче, элге кызматы менен жагып, жакшы аты калса укум-тукумуна чейин жакшы сөзгө алынарын да түшүнгөн. Автор мурдагы эмгектеринин биринде айткандай, биз, тирүүлөр, арбактар менен келечек муундун алдында Жолубуз кичүү. Анткени мурдагылар жасачусун колунан келишинче жасап кеткен, келечек муун эч нерсеге жоопкерчилик тарта элек. Ушул жагынан алганда жети атасын билип тим болбостон, алардын жасап өткөн ишин, кылган эмгегин, кетирген кемчиликтерин да билүү тирүүлөргө абдан чоң милдет артат. Ушундан улам коомчулукта мекенинин кызыкчылыгына кыянаттык кылып, казынага кол салгандардын жети муунга чейинки тукумдарынын паспортуна «уурунун тукуму», «жегичтин тукуму», «саткындын тукуму» деп жазып коюуну сунуш кылган ойлор да бар. Мындан тышкары, эл өзүнүн жандуу тарыхын билип, анын өнүгүшүнө такай көз салып туруш үчүн санжыраны санарип форматка өткөрүп, ар бир адам, анын ата-бабасы, укум-тукуму тууралуу маалыматтарды жаңыртып турууну да туура көргөндөр табылат. Андыктан тарых, тарбия жана үй-бүлөлүк баалуулуктун маанилүү элементи катары урууларды тууралуу маалыматтар жандуу болгону туура жана анын ачыла элек руханий көп потенциалы бар экени да талашсыз.

Бирок жогоруда кыргыз эли мурдатан келаткан өз

жүгүн да иретке келтирип жыйып албай, ал аз келгенсип кылымдын да жүгүн көтөрүп келатканын кеп кылдык. Ушул жерде менин жеке баамымда китепте айтылган уруулларды саясий категорияга айландыруу идеясы канчалык турмушка жаракту деген суроо ачык бойдон турган сыяктанат. Убагында уруулардын системасы өзү да такай эле ата тек принцибинде курала бербестен, саясий принципте кошулуп жүрүп отурганын; «Манастагы» уруулардын өзү тургай көбүнүн аты-жыты да азыр жок экенин; көчмөн духтун көөнө башчыларынын бири Чыңгызхан уруулук демократиядан жогору чыгып (Темүчүндүн Жамуха досу менен талашын эстегиле), аскердик типтеги жалпылык түзгөндө гана күчкө толуп, сыртка серпилгенин; кыргыз эли тарых жолунда көчмөн турмуштан отурукташкан жашоого биротоло өткөнүн; азыр урууга караганда жерин жердеп, суусун ичкен адамдар бири-бирине көбүрөөк жакын экенин; уруулардын азыркы башчылары деле улутка тиешелүү көп маселе боюнча бирдиктүү пикирге келе албай жатканын эске алганда мунун актуалдуулугунан күмөн саначулар көп чыгат. Андыктан аны окурмандын өз ыкыбалына калтыралы.

Бир гана нерсе айкын – ушул азыркы жаңырган шартта, кыргыз эли тарыхтан эмнелерди жандуу курал катары алып өтүп, эмнелерди сабак катары сактап, эмнелерди экинчи кайталанбай турган нерсе катары тарыхта гана калтырып, келаткан доордон эмнелерди үйрөнүшү керек экенин талкуулаган талаш-тартыштар али алдыда. Таштачу нерселерди таштоого да туура келер. Анткени биз жаңы заманга өзөгүбүздү да жоготпостон, ошол эле учурда атаандаштыкта жемибизди жедирбегидей кылып, шайма-шай камылга менен барышыбыз зарыл. Тилибизди байытып, маданиятыбызды үстөмдүк абалга алып келип, улуттун кызыкчылыгын динден, союздаштык мамиледен жана адам укуктары сыяктуу принциптерден жогору

коюшубуз керек. Ал үчүн колдон келишинче сергек, чапчаң, кексе, көкжал, көкбет, кашкөй улут болгонубуз ийги. Заманга толук ылайык келбесе көтөрүп келаткан жүгүбүздүн айрымын таштап андан ары жөнөшкө да туура келет. Бул да убакыттын катаал мыйзамы. Анын үстүнө сырт дүйнө канчалык амалдуу болсо, биз андан алда канча акылдуу болууга милдеттүүбүз. Ансыз ошол эле «жиниккен аттарды атып салган» жарыштан утулабыз.

Мезгил категориясы

Кыргыз философиясынын символу болгон, кыргыз ак таңдай акындарынын тынчын алган Аккан Суу бир ордунда турбайт. Бул китепти баратап жатып Чоюн агай өзү да мисал келтиргенди жакшы көргөн Гераклиттин «Бир сууга эки ирет киргенге болбойт, кийинкисинде өзүң да башка, суу да бөлөк» деген ажайып акылы көп жолу эсиме түштү. Анткени китептеги айтылган пикирлердин да, анда талданган жагдайдын да эволюциясы кааласаң-каалабасаң да көз алдыга тартылып, көп нерсени ойго салат. Алыс барбай эле, башындагы макалалардын биринде «Мухаммед пайгамбарыбыздын айтканы» деп мусулманчылыкка жетиштүү шилтеме кылса, жыйнактын соңундагы «Теңирчилик жана ислам» деген макалада дүйнөлүк диндердин бири болгон бул системага мамилеси кыйла өзгөргөнүн да көрөбүз. Ал да бекеринен эмес, анткени тыштагы шарт, жагдай өзү ошондой кубулган.

Бул жыйнактын башындагы макалалар жазылган убакта студент элем. Андан бери 30 жылдан ашуун убакыт өттү. Мен деле эр ортонуна келип калдым. Бул жылдары беш президент алмашты. Үч сыйра төңкөрүш болду. Өлкө өзүнчө тарых китебине бата турган бир топ окуяларды баштан кечирди. Кыргыз экономикасынын теориялык негизин түзгүсү келген Шералы Назаркулов Үзөңгү-Кууштун Кытайга өтүшүнө каршы ачкачылык жарыялап жатып каза

тапты. Андан бери карапайым адамдар арасында да, кыргыз интеллигенциясында да жоготуулар көп болду. Арабызда азыр Алым Токтомушев да, Мелис Эшимканов тургай иниси, досум Эрнис Асек уулу да, Чоюн байкенин досу, мыкты философ Тайлак Абдылдабеков да жок. Болбосо улуу муундагы адамдар турганда пайгамбарымдай сыйлаган адамдын китебине бул баш сөздү жазганга даамак эмесмин. Анткени кыргыз интеллигенциясынын салтында негизинен улуусу кичүүсүнүн китебине баш сөз жазып, жолун ачып, батасын берет. Бирок болгону ушул экенбиз. Аз болсок да, кээде турмуш зарылчылыгына жараша айрым этикалык эрежелерди экинчи планга калтырып бири-бирибизди ар дайым колдоп турушубуз керек экен. Андыктан бул жерде жазылгандардын баарын рецензенттик дымак эмес, устатынын жазгандарын элге дагы көбүрөөк ачып берген жаман инисинин аракети, талдоочулук жардамы деп түшүнгүлө.

Китепти талдоодогу мезгил категориясы дегенибиздин бир өңүтү ушул. Башка да өңүттөрү толтура. Жагдай, шарт боордошторубуздун ар бири үчүн да өзгөрдү. Бир миллионго жакын кыргыз тышта жүрөт. Далайы тагдыры талкаланып, бир топторунун канаты кайрылып, ошентсе да көбү белин бекем буун, кенедей бир кыйынчылык болсо чогула калып мекенине жардам берип, дүйнөнүн ар кай жеринде канында кошо аккан, көкүрөгүн көтөргөн белгисиз бир дымак менен өмүрү өтүүдө. Бирок алар да качан кайтаары, кайткыдай шарт качан түзүлөрү белгисиз.

Кыргыздын кыргыздык мүнөзүн эң мыкты туюндурган залкар акын Калчоро Көкүлов даана байкагандай:

Бирибиз жолдо калдык тебеленип,
Бирибиз жондо калдык көмөлөнүп.
Бир гана аалам турду ала салып,
Бир гана дүйнө турду тегеренип...

Сөз соңу

Сыртта өзгөргөн, өнүккөн, кээси келечекке үңүлүп, кээ бири кедерине кеткен байыркы Стамбул. Көчөлөрдө качкын болуп келип, бул жакка үйүр алып калган, баласы көп, Түркияны араб тилине көндүрө баштаган сириялык зайыптар. Кыскасы, Жер бетинде баарын аралаштыра баштаган дүйнөлөшүү жараяны. Алдымда баарын көрсөткөн, анын ичинде Кыргызстандагы окуяларды тынбай баяндаган Интернет. Маңдайымда болсо дагы эле ушунча жылдан бери тынбай кыргыз тагдырына түйшөлгөн устатым Чоюн Алптын кезектеги китеби.

Мындайда ушундай адамдардын өмүрү узун болуп, мизи мурдагыдан да курчуп, өрүшү ого бетер кеңейип, кыргызга дагы-дагы жарыгын чача түшсө экен деп самайт экенсиң. Андан да маанилүүсү – мында айтылган маселелер кыргыздын пайдасына чечилип, кагаз бетинде эмес, турмуш жүзүндө жетекчиликке алына турган жолго айланса деген изги тилек оюмдан кетпейт.

Андыктан колдо бар алтындын баркын билип, кыргыз эли ушул китепте айтылгандардан өзүнө жетиштүү тыянак чыгарышына тилектешмин.

(Стамбул, 20-июнь, 2021-жыл)

Поэзия

Ак жарык издеген акын

Белгилүү сынчы Салижан Жигитов эгемендик доорундагы кыргыз адабияты жөнүндө сөз кылып жатып, заманды түп-тамырынан бери өзгөрүшүн таасын чагылдырган көркөм чыгармалардын аздыгына чын дилинен кейип: «Азыр Шекспир жаза турган, Бальзак жаза турган темалар пайда болду. Кана эми ошолор жазылганы?» деп собол таштаганы бар. Кыргыз элинин тагдырындагы ошондой

олуттуу өзгөрүүлөрдүн бири – XX-XXI кылымдардын ортосунда калкыбыздын орчундуу бөлүгүн өзүнө камтыган эмгек миграциясы.

Дээрлик чейрек кылым бою уланып келаткан бул процесс өлкөнүн демографиялык абалын кыйла өзгөртүп гана тим болбостон, кыргыз коомунун өзгөчө, жигердүү, тобокелчил, мээнеткеч, эч кимден жардам күтпөгөн, тышкы дүйнөгө ылайыкташууга аргасыз болгон, өз киндигин өзү кескен «жетим» катмарын пайда кылды. Кыйналган кыргыздын кыйыр кезген эмгек көчү аздыр-көптүр өзүнүн табигый нугуна түшкүчөктү далай кишинин тагдыры талкаланды, нечендеген үй-бүлө көз көрүүнөө чачырады, кандуу жолдор канча бир адамдын башын жеди. Мына ошол ары катаал, ары татаал жолду басып өткөн кыргыз эмгек мигранттарынын көргөн-билгени, тарткан азабы, дүйнө таанымы кыргыз адабиятынын өзүнчө бир жаңы көрүнүшүн пайда кылды.

Анын айкын мисалы – бир топ жылдардан бери Москвада жашап, иштеп келаткан акын Нарсулуу Гургубаеванын жакында жарык көргөн «Алыстагы ак жарык» аттуу ырлар жыйнагы. Окурмандын колуна жаңыдан тийип жаткан бул китептин үч өзгөчөлүгү көзгө даана урунат.

Биринчи өзгөчөлүк. Мындагы ырлар баштан-аяк мекенинен четте жүргөн адамдын турмушка болгон көз карашын, туюмун, мамилесин чагылдырып турганы. Бул жагынан алганда жыйнактагы ырлар көркөм реализмдин нугунда жазылган деп айтканга толук негиз бар. Нарсулуунун бул реализми – колго тийген талаадагы кара таштын бодурундай, жөнөкөй, кыска, айрым учурларда дээрлик документалдуу чындык.

Күлкүгө суз, күйүткө суз, жашка суз,
Күн өткөрүп сенсиз, ансыз, башкасыз,
Жашап келем жашап болбос калаада
Кол чатырсыз, үй даректиз, акчасыз...

Кеңеш доорунда тартылган «Москва көз жашка ишен-

бейт» деген айтылуу фильм бар. Анын мазмунунда кеп жок, бирок аталышы ошол өз заманында эле аңыз болуп кеткени көпчүлүктүн эсинде болсо керек. Анткени дүйнөдөгү ири борборлордун бири эсептелген бул шаардын ички маңызын ушул сөздөр абдан жакшы берген. Москва сыяктуу чоң шаарлар көздөн аккан жашка да, көптү көргөн башка да ишенбейт. Капитализмдин турпатын илимде Маркс чагылдырса, адабиятта Бальзак эң сонун ачып берген сыңары, алыскы Ала-Тоодон арып-ачып келген эмгек мигранттарынын чет жактагы моралдык-психологиялык абалын ушул төрт сап ашык-кеми жок туюндурат. Бул - жетилген акындын белгиси.

Көңүлүңдү таштап келген көчөгө,
Аялыңдан каткан акчаң жылытпай,
Өз үйүңдөн жарыгы али өчө элек
Издейсиң сен жайлуу орун, жылуу жай.

Уул-кызың уу-чуу салган бөлмөдө
Көз кубантаар сендик буюм кезикпей,
Жашырасың, жалгыз башың өлбөгөн
Аргасыздан, арсыз, арзан гезитке.

Адамдардын ортосундагы нукура жылуулук жоголгон, көр оокаттан башы чыкпаган, ушул айдың-чалкар кең ааламда өзүнө жайлуу орун, жаркыраган бакыт таппаган азыркы заманда «орточо статистикалык» көп кишинин абалы ушундай экенин кантип танабыз? Бакыт демекчи, ал деле жөнөкөй экен көрсө.

Кези менен кээде мени эскерип,
Кеп бөлүшсөм деп тилеген кечте бу,
Үнүңөн-ов мезгил менен кооздолгон,
Үйүңөн-ов балаң менен кештелүү.
Бакыт болуп түшкө кирээр боз жолдо,
Баландын бу балжыраган дептери!
Баландын бу баасы «жаман» (2) дептери.

Экинчи өзгөчөлүк. Бул реализмдин алкагында жарандык жандуу позиция, Мекен темасы азыркы дүй-

нөлөшүүнүн фонунда улуттук өзөккө жакындаган өзгөчө өңүттөн ачылган. Анын бир белгиси – буга чейин бирде Швейцария, бирде Малайзия болууга умтулуп, дүйнөнүн борбору деп геосаясаттагы дөө-шааларды эсептеп жүргөн баео кыргыздын өз түбүнө кайрылып, «ар кимдин туулган жери Мисир» деген тыянакка келгени.

«Келем» дебей, сенден кетүү күч алып,
Кайтаар жолдо кадамыбыз тушалып...
«Аманбыз» дейт үнү менен апамдын
Кең дүйнөнүн бир бурчунан кусалык....

Кайтабыз деп кайралып да, бүлөнүп,
Сенден кеттик, кеткен себеп жүйөлүү.
Сен аман бол себеби жок кырсыктан,
Бул дүйнөнүн бүлк-бүлк соккон жүрөгү!

Аныгында да, өзүн чындап кыргыз деп эсептеген атуулдар үчүн бул дүйнөнүн жүрөгү - алыстан азан чакырган Мекке менен Медина эмес. Жер шарынын тагдырын чечебиз деген технократтык Батыш эмес. Ал тургай автор өзү жашап-иштеп жүргөн, тузун татып, турмушуна тамырын жайган Москва да эмес. Кайсы жерде жүрбөсүн, кыргыз үчүн бул дүйнөнүн бүлк-бүлк соккон бирден-бир жүрөгү – кыргыз жери. Бирден-бир чындык да ушул.

Жарандык позиция демекчи, сөзүбүздүн башында айтылгандай кыйыр кезген кыргыздын эмгек көчүндө жүрүп чет элден «Жүк-200» (табыт) менен кайткан шордуу улутташтарыбызга арналган саптарынан Нарсулуунун өз мекендештеринин жазмышына карата мамилеси даана көрүнөт.

Ушул жерге кан сураган, жан алган,
Кандай максат сени апкелди жетелеп?
Камгагым ай, калдаңдаган шамалдан,
Көчөтүм ай, көөнө бакка көчө элек...

Ким элең сен? Атасыңбы? Энесиң,
Же баласың үйдө жалгыз чырактай...
Кимдин азыр өрттөп жатат денесин,
Тирүү калган айыбы өзүн чыдатпай?

Тирүү калган... Сени тирүү билгендер
Эзет өзүн, эчен жылдар эсин жейт...
Сени апкелген кул жолдорду бул жерге
Сени апкеткен жолдор эми кечирбейт!

Бул – кыргыз элин ушундай абалга жеткиргендер үчүн чыгарылган жөнөкөй, ый аралаш айтылган адамдык өкүм. Билген кишиге - оңой өкүм эмес.

Үчүнчү өзгөчөлүк. Кыргыз адабиятындагы кыздар поэзиясынан кыйла айырмаланып, китепте автордун жеке тагдырына байланышкан темалар турмуш чындыгына каныгып, күтүүсүз салыштыруулар менен таасын берилген.

Билем, эне. Мен - мезгилдин сыныгы,
Баскан жолун, башат тегин унуткан.
Кыйын мага адам болуу чыныгы.
Аял болуу андан кыйын, куруп кал…

Тилекке каршы, «баскан жолун, башат тегин унуткан мезгилдин сыныгы» болуу – автор үчүн эле эмес, жалпы эле XXI кылымдын башындагы адам баласы үчүн типтүү тагдыр. «Чыныгы адам болуунун кыйынчылыгы» да күн санап күчөп келатканын көрүп турабыз.

Ашыктыкка түздөн-түз арналган ырлар Нарсулуунун бул жыйнагында анча көп эмес. Бирок ошол аз сандагы ырларды окуган адам ырда сөз болуп жаткан сезимдер канчалык терең жана ыйык болгонун чукул салыштыруулардан, турмуш койгон шарттын даана сүрөттөмөсүнөн илгиртпей түшүнөт.

Жашоонун туура көргөн катасы үчүн
Жашайбыз эки өйүздө жалгызсырап.
Бизге азыр бүтүн болуп жашаш үчүн
Дүйнөнүн бүтүндүгү аздык кылат.

Билбеймин, кайда барам, кагылайын,
Өзүңө буйрубаган сүйүүм менен?!
...Сен - менин үзүлбөгөн жалбырагым,
Мен - сенин жалбырагың үзүлбөгөн...

Ар бир адамдын дүйнөсүнүн борбору – Ал Өзү. Демек, канчалык кымбат, жакын болсо да, адамдын турмушундагы башка кишилер – ошол чакан дүйнөнүн айрым гана элементтери. Бирок адам адамсыз жашай албайт. Адамды башынан өткөн жашы эмес, билген кишиге өз заманынын өтүшү, өз жакындарынын алысташы же кетиши карытат. Ишке ашпаган кыялы карытат. Жетпей калган тилеги карытат. Андыктан, сынчылар айтмакчы кыргыз адабиятындагы кыздар поэзиясы «Сагын Акматбекованын жыйнагынан кийин жеп чыккан» жердеги жалбыректардан айырмаланып, бул жерде жакын адамын өзүнүн үзүлбөгөн бир бөлүгү катары кыя албай карап турган Адам-Даректын сүрөттөмөсүн өзгөчө табылга десек аша чаппайбыз.

Деген менен акындын жан-дүйнөсү - шамал тийсе теңселип айласын таппай калган пассивдүү өсүмдүк дагы эмес, өз чындыгы өзүнө жетиштүү Адамдын сергек, эркин, кашкөй дили.

Сыйын алып, сынык чыны албастан
Чыгып кеткен аял өңдүү үйүнөн,
Кетем сенден көлөкөмдү эш кылып,
Ааламыңа сыйбай калган күнү мен.

Бул – жөн эле дымактуу билдирүү эмес. Бул – ашыкча из калтыргысы келбеген, жашоосун эч кимге милдет кылбаган, өз күчүнө ишенген, жетик турмуштук позиция.

Жыйынтыктап айтканда, менин жеке баамымда ар бир жазмакер тек гана блокнотунда жазып, катып жүргөн чыгармалар ашпоздун изденип жасаган сый тамагына окшош. Анын жарыкка чыгышы – жумурай-журтту чын дилинен дасторкон үстүнө чакырганына барабар. Жарыкка чыкканга чейин ар бир автор өз чыгармасын кандай калча-

са өз эрки. Бирок окурман калкынын сынына коюп жаткан соң, анын жоопкерчилиги болуп көрбөгөндөй күчөйт. Айрыкча кыргыз эли - сыйга өтө маани берген эл. Андыктан алыстан жүрүп өз чыгармаларын элине тартуулап жаткан Нарсулуу Гургубаева өзү эңсеген ак жарыкка жетип, жазган ырлары элинин сүймөнчүгүнө айлансын деп астейдил тилек кылалы.

«Көк Асаба» гезити, 25-май, 2016-жыл

Акындын сөзү, сүрөткердин көзү

(Кыргыз поэзиясынын Саврасову)

Нукура кыргыз баласы бул жарык дүйнөнү үзгүлтүксүз, бүтүн, чулу түрүндө карайт экен. Башкасын кой, Жараткандын өзүн да анын жаратып жасап койгон нерсесинен улам тааныйт, жакшы көрөт, суктанат. «Ооо кагылайын Кудай! Жер-суу, тоо-ташыңдан айланайын Кудай! Жалынмак менден, жалгамак Өзүңдөн» деп биз көрүп калган карылардын эртең менен эрте туруп жалынганында эле кыргыздын бүт ааламга болгон теңдешсиз сыйы, көз карашы, мамилеси сезилип турбайбы. Эшикке чыгып эки жакты караса эле көзүнө урунганы жер-суу, тоо-таш, көгөргөн көк, агарган ак болуп турса башка эмне аркылуу жакшы көрмөк эле, Кудайды? Аныгында да Жараткандын улуулугу - жаратылыштын адам колунан келбей турган кереметинде, ченебеген чеберчилигинде, төгөрөгү төптүгүндө эмеспи? Андыктан кыргыздар турмушундагы болгон нерселерди да табият аркылуу таанып, салыштырып, туюп келгени ошо. Кыргыз акындары байыртан болмушту эки улуу теманын – «Аккан Суу» менен «Дүнүйөнүн» алкагында ачып келген.

Ошондон болсо керек, кыргыз турмушунда ушуга чейин өзгөрүлбөй кылымдар бою келаткан төрт мезгил - далай акындардын, ойчулдардын, сөзмөрлөрдүн түгөнгүс кенчи.

Бирок кийинки жазма поэзияда атайылап ошого арнап, кадимкидей эле жаз, жай, күз, кыш аркылуу жаратылыштын көркүн да, өз тагдырын да, турмуштагы өзгөрүүлөрдү да, дүйнө таанымын да атайылап баяндаган топтомдор жок, болсо да жокко эсе деп айтсак болот.

Кыргыздын белгилүү акыны Шайлообек Дүйшеевдин менин колумдагы төрт мезгилге арналган ырлар жыйнагы ушунусу менен кызыктуу. Өзгөчөлүгү да ошол аркылуу даана ачылат.

Бул жыйнактын жаралышы бекеринен эмес. Адатта кыргыз жазма акындары өз ичине сүңгүйт, өз сезимдерин, өз тыянагын, өз турмушун баяндайт. Залкар философ-акын Калчоро Көкүлов: «Менин илгертен келаткан адатым – ушу дүйнө менен эле кармаша берем. Кармашып эле келатам, же бир кармашыбыз бүтпөйт, деги бири-бирибизди жеңе элекпиз» деп айтканы көп поэзия чеберлеринин дүйнө таанымына үндөш. Кыргыздын көп мыкты акындары ошентип дүйнө менен чулу кармашат, «Дүйнө жана Мен» деген диалогдо жашап, ошондой эрөөлдө жүрүп өтөт.

Ал тургай кыргыз коомчулугу автордун өзүн деле көп жыл бою биринчи иретте саясий лириканын чыйырын салган, коомдук көкөй кести маселелерге окурманды түйшөлтө билген курч публицист акын катары билгени эч кимге жашыруун эмес. Анын кыргыз тили жөнүндө, кыргыз элинин абалы жөнүндө тээ Союз ыдырап бараткандагы жазган саптары өз кезегинде кыргыз жаштарынын аң-сезимин өзгөртүп, ушул сөздөрдү жазып жаткан, шаарда эле туулуп-өсүп, негизинен шаарда эле жетилген менин да жарандык позициямды калыптандырууга кыйла салым кошконун айта кетпесем болбойт.

Ал эми турмуштун миң кырдуу конкреттүү деталдарына, алардын сүрөттөмөсүнө кайрылган, терең үңүлгөн кыргыз акындары чанда эле кездешет. Алардын көбүнөн

кыйла айырмаланып, Шайлообек Дүйшеевдин бир чоң, балким жакшы ачылбай келаткан башкы өңүтү - ал илгертен бул жашоону чебер сүрөткердин көзү менен караган акын. Анын көзү – өтө кылдат сүрөтчүнүн, фотографтын, кинооператордун көзү. Балким сөз өнөрүнө аралашпай киного, сүрөт өнөрүнө баш-оту менен кирсе ал жакта абдан мыкты чыгармаларды жаратмак. Анын туюму – бул дүйнөнү анын көзгө урунган көркөмү аркылуу кабылдаган жандуу, сезимтал кыргыздын туюму. Шайлообек Дүйшеев – кыргыз поэзиясындагы мыкты сүрөтчү.

Жыйнактын башында айтылуу орус сүрөткери Алексей Саврасовдун чыгармачылыгына, басып өткөн жолуна, көркөм ыкмасына, автордун кийинки турмушуна тийгизген таасирине кеңири орун берилген. Ал тургай сүрөт темасы жалпы эле бул жыйнактын өзөгүн баштан-аяк тепчип өтөт. Саврасов өзүнүн көп картиналарын ар кандай вариантта тарткан сыңары, китепте акын өзү да тигил же бул темадагы ырларын ар кандай вариантта сунуш кылган.

Мисалы:

Жашоо деп мал-жан дүрбөгөн,
Жаз тостук жалган дүйнөдөн.
Бейиттер келип жок болуп,
Бетеге кайра гүлдөгөн...

Анан ушунун эле 2-варианты:

Жандын баары жашаш үчүн дүрбөгөн,
Жазды тостук жазыгы жок дүйнөдөн.
Бейиттери келер менен жок болуп,
Бетегеси келер менен бүрдөгөн.

Баарынан кызыгы, алардын ар бири – тек гана машыгуу иретиндеги кошумча варианттар же бири-биринин туундусу эмес, биринен бири калышпаган, ар башка формага салынган кадыресе өз алдынча, бүткөн чыгармалар. Сав-

расов орус кышын сүрөттөп даңазасын арттырса, автор кыргыз кышын, асыресе Ат-Башынын айтылуу аязын кемелине келтире чагылдырып жүрүп отурган.

Мыкты акындын чеберчилигинин белгилеринин бири - кыска эле текстте көп маанини, сезимди, процессти бере алганында. Сыйымдуулугунда! Китепте мындай мисалдар өтө көп.

Алтүндөгү сууда калган кийиздей,
Асманы да үнү жок жаайт жиникпей.
Агып түшкөн чагылган да көрүнбөйт,
Ата берип жок кылышкан кийиктей.

Ортосунда чындык менен жалгандын,
Ойноок болду окугандан калган муун.
Оюнчуктар батпай турат дүкөндө,
Оюну жок, бирок бүгүн балдардын.

Бул эки куплетте өтө көп нерсе бар. «Сууда салган кийиздей» үнү жок жаап аткан жамгырдын таасын элеси, ата берип жок болгон кийик, окубай да, ойнобой да калган азыркы муун, оюнчук дүкөнгө батпаган заман, анын баарын өз балалыгына салыштырып эскерип отурган автордун жан маанайы... Замандын сүрөтү кадимкидей көзгө тартылат.

Же болбосо өңчөй табиятка арналган саптарын алалы:

Арык бойлоп чакчыгайлар тызылдап,
Кеч мышыктай жылып кирет иңирден.
Чийдин жашыл үкүлөрү ызылдайт,
Чиркейлердин салмагына ийилген.

Элестеттиңерби? Ошол иңир азыр мышыкка окшоп жыла басып келаткандай, чийге конгон чиркейлердин илеби жаныңдан өткөндөй...

Баарынан да кадимки эле кыштын сүрөттөмөсүн акын сөз менен жазбай эле, өтө чоң чеберчилик менен мультфильмге тарткандай көрөбүз.

Кылчылдайт, аппак кийгени.
- Кыш белең? - десек:
- Ии, - деди.
- Үйгө кир, даам сыз? - деди энем,
Үй муздак болчу, кирбеди.

Очоктун оозу тегерек,
Ой жатты мени тебелеп.
«От жагып койсок эмине,
Олтуруп кетпейт беле!»- деп...

Кыштын өзүн үшүткөн суукту да, ойдо жокту болтурган кызыктуу фантазияны да, ага аралаш баарына төгүл-чачыл кыргыз мүнөзүн да кошул-ташыл аралаштырып, бир бүтүнгө жууруп салган мындай табылгалар өтө сейрек кездешет.

Жыйнакка мурун чыккан ырлар да кирген. Алардын ичинен Токтогулдагы чөп чабык, «Күндү бирөө таштап кеткендей» аптап, «боюнан бошонгон аялдай» аялуу күз мыкты тартылганын, бир даары сөз чеберлеринин мыкты баасына татыганын кайталап отурбайлы. Болгону жогоруда сөз болгондой, фактынын да, ага байланышкан турмуш чындыгынын да, салыштыруунун да сыйымдуулугун камсыз кылган, арабакеч тууралуу «Күздөгү ыр» аттуу картинанын фрагменттерин мисалга тарткым келет.

«Өзөндүн ташы калды,
Өмүрдүн азы калды.
О, Кудай чөп деп жүрүп,
Өзүмдү ташыгамбы?

... Кыздарым «сыйлашам» деп,
Күйөөгө тийе качкан.
Уулдарым «жыргатам» деп,
Калаага кире качкан».

... Араба талаа кезет,
Араба. Талаада кеч.
Кызарган Күн батаар жак.
Кыйшайган арабакеч...

Бул ашык-кеми жок бир адамдын өмүрү. Кызарып батып бараткан Күн аркылуу ошол жолдо өмүрү өткөн, жашы жетип кыйшайып бараткан арабакечтин турмуш таржымалын, керек болсо сапарынын соңун тартып берген финал. Мындай ыкманы адатта режиссёрлор жакшы колдонот.

Демек, бул жыйнак – жалаң эле табияттын ар кандай ракурстагы элеси эмес. Анын баалуулугу - Шайлообек Дүйшеев бул китепте табияттын төрт мезгили аркылуу өз жашоосун сүрөттөгөн. Анын ичинде баары бар. «Кыздарды чөмөлө кылып катып алган» жаштыктын деминен тартып, «тууган дебей туура атылган ок болгон, тунарыктап турганында сом болгон» Турдубек досуна чейин. «Заматта Ак Аюуга окшоп калган» кышкы Ак-Сайдан тартып орустун нан жыттанган талааларына чейин. Баарынан маанилүүсү – биз ошонун баарын акындын көзү менен кошо карайбыз.

Автор өзүн акыл астында жөн акын эмес, сүрөткер катары сезип турганы Саврасовдун картиналарынан алган таасиринен эле эмес, дагы бир ырынан даана көрүнөт:

Өз элим деп өңдөн азып,
Өзгө күнгө кактандым.
Кагаз - талаа, а өмүр - кар,
Карандаштай аз калдым...

Бул өтө баалуу салыштыруу. Аныгында салыштыра келсек адам аттуулар баарыбыз карандашпыз. Өз жашообуздун сүрөтүн кылык-жоругубуз, баскан-турганыбыз, сүйлөгөн сөзүбүз, калтырган изибиз, жасаган ишибиз менен өзүбүз тартабыз. Боёкторун башкалар, турмуш, мезгил кошуп жүрүп отурат. Көбү акын өкүнүч менен байкаган эски алиппедей болуп тамызгы иретинде отко ыргытыл-

са, саналуусу гана башкаларга үлгү болуп, көздүн жоосун кандырат, өлбөс-өчпөс турмуш сабагын калтырат.

Болгону, Шайлообек Дүйшеев - эмнеге тийсе ошону булгай берген көнүмүш карандаш эмес, жашоону чын дилинен жакшы көргөн, өзү эле жакшы көрбөй, сүрөттөмөлөрү аркылуу башкага да жакшы көргөзгөн, бул дүйнөнүн кооздугун, кереметин унутуп калган адамдын кайрадан жашагысын келтирген, көбү алыстан гана суктанып тим болгон Ат-Башыга да башкалардын арзуусун арттырган, күн желесиндей Жандуу Карандаш.

Жашоону жакшы көрүү демекчи, бул жыйнактын башында сөз болгон Саврасовдун таасирине байланыштуу эң мыкты ырлар тууралуу атайын аягында сөз кылып атам. Мунун жөнү бар.

Сагынтасың, элестейсиң, күлөсүң,
Сабак бүтпөй, санайм сааттын мүнөтүн.
Саврасовдун айтып жатат эжейим,
Чар каргалар учуп келген сүрөтүн.

Жазды оруска апкелиптир каргалар,
Жаз апкелген мындай карга кайда бар?
Терезеден көчө жакты карасам,
Тегеренип жаап жатыптыр майда кар.

Булуттары коргошундай ныкталган,
Бук болгондо крест, чиркөө жыттанган
Орустардын ала шалбырт асманын
Ошондо мен билбейм кимден кызгангам.

Ак чамбыл жол, уй-кой өткөн, киши өткөн,
Алакандай айыл ушул биз өскөн.
Кайыңдыга жаз апкелсем дечү элем,
Каргаларды уурдап алып китептен.

Көктү көздөй кое берип көп кылып,
Көчөлөрдү, талааларды көк кылып.
Сен басуучу жолдун баарын гүл кылып,
Сен басуучу жердин баарын чөп кылып.

Эжей калып, сабак калып, бак калып,
Эл бүткөндүн бардыгына мактанып,
Энеме да алпарбастан саа гана,
Эң биринчи барат элем Жазды алып!...

Ал кыз эмгиче балпайган байбиче болгондур. Өзгөрбөй турган эмне бар? Өзгөрбөй турган жашоо кумары, каргаларды китептен уурдап алып сүйгөнүнө жаз алып келгиси келген балалык кыял, анан ошол түбөлүк кайталанып жашообузга жарык чачып, улам жаңырып турган жаздын өзү гана бар экен, көрсө. Же, дагы бир вариантында айтылгандай:

Адырдын жолун теминтип,
Арыктын суусун элиртип.
«Айылга жазды биринчи,
Апкелген бала» дедиртип,

Жазды алып келгиси келген көксөө түбөлүк экен. Ал көксөөсүнө автор дал ушул китептеги ырлары аркылуу жетти деп эсептейм. Анткени бул жыйнактагы табияттын, турмуштун, окуялардын сүрөттөмөсү кадимкидей жашагыңды келтирет. Андыктан окурмандын көңүлүнө жаз тургай төрт мезгилдин баарын, ага кошуп өз дүйнөсүн кучагына батыра албай энтеңдеп көтөрүп кирип келген Шайлообек Дүйшеевдин өнөрүнө окурман катары чын дилимден ыраазычылыгымды билдирем.

Аягында айтаарым - адатта кыргыздын акындары жашы улууларын үлгү тутат, кетирген кемчиликтери болсо үндөбөй баалуу сабак алат, жакшы-жамандын айырмасын өз Жолунда пайдаланат, бирок кичүүсү улуусунун китебине баш сөз жазбайт. Андай вазийпа жашы улууларына тиешелүү. Аны жашы улуулар кандай аткарып атат, ошол берип аткан ак батасынын жоопкерчилигин сезип атабы-жокпу, кеп башка, бирок жалпы эреже, калыптанып калган салт ушундай. Андыктан Шайлообек байке бул

жыйнагына пикир жазып беришимди суранганда чочуп кеттим. Адегенде тамаша экен деп ойлодум. Жок, чын экен. «Эми мен жашы улуусу эле деп Сүйүнбай Эралиевди кайдан барып издеп отурайын?» дегенде бир эсе күлүп, бир жагынан сөзгө жыгылып макул болдум. Чын эле, ак саманды жаман деп чөптү кайдан табасың? Кыргыз интеллигенциясы болгон-бүткөнүбүз, жакшы-жаманыбыз менен турган турпатыбыз ушул. Башкасы жок. Башка бирөө четтен келип кыргыз үчүн талдап бербейт экен.

Ошентсе да бул айтылгандар китепке жазылган баш сөз эмес, китептеги чыгармалардын биринчилерден болуп даамын татып ырахат алган окурмандын пикири катары кабыл алынса экен деп, автордун чыгармачылыгын чын жүрөктөн урматтаган окурмандардын бири, *Жыргалбек Касаболот.*

Унутулган улуулук

(Акын Анасбек Жумалиевди азыркы окурмандын замандашына айландырган жагдайлар)

Мен интуициянын күчүнө көп таяна бербейм, көп нерселерди өзүм түшүнгөн баалуулукка негиздесем да акылга салып эле талдаганга аракет кылам. Ошого карабастан кээде зээним менен дээрим жакшы иштеп кеткен учурлар болот. Бир нече жыл мурун үйдөгү архивди териштирип отуруп, 1979-жылы, башкача айтканда мен мектепке жаңы бараткан кезде жарык көргөн Анасбек Жумалиевдин «Жергемдин көркү» аттуу жупкадай китеби колума тийгенде ошондой учурлардын бири болду. Адегенде согушка кеткен уулун күтүп өмүр өткөргөн кемпирдин аянычтуу тагдыры ошол кездеги чыгармалардан айырмаланып, жөнөкөйлүгү, ашыкча эч боекторунун жоктугу менен көңүлдү бурду. Андан ары баратап отуруп «Тууган жердин тунук суулары» деген ырга келгенде үн чыгара окуп атып автор менен кошо күпүлдөп кеттим:

Алтын булак аста шыңгырап
Агат тынбай ырдап күнү-түн.
Ошол булак – менин булагым,
Ошол булак – менин үмүтүм.

Туйлап акчу да бир булактын
Турдум карап соолуп калганын...
Ошол булак – менин күйүтүм,
Ошол булак – менин арманым.

Күкүктөнүп жээгин чапчыган
Күмүш дайра күнгө чагылат.
Ошол дайра – менин ардагым,
Алыс кетсем жаным сагынат.

Кубалашып толкун ойногон
Курчап турат тоолор деңизин.
Ошол деңиз – менин сыймыгым.
Ошол деңиз – менин эгизим.

Күн чыкканда күндүн нурлары,
Ай чыкканда айдын нурлары,
Турпатыңа келип куюлган
Тууган жердин тунук суулары.

Өмүрүмдү сенден сугарып
Өмүр бою келет дуулагым.
Өзөнүмдөн аккан сууларым –
Өзөгүмдөн аккан сууларым!

«Бул ырды бир жазса таластык акын жазган!» дедим ичимден. Жанымдагыларга да айттым. Эмнеге ушундай ой келгенин азыр так түшүндүрө албайм. Казактар айтмакчы, «оозун ачса жүрөгү көрүнгөн», мүнөзү шар, ойлору так, даана, жан дүйнөсү ачык, эр көкүрөк адамдын элеси келди.

Жаңылбаптырмын. Аны кийин билдим.

Бирок кеп анда деле эмес. Кеп мен ушул китептен өзүмдү таап алганымда болду. Адатта Ленин менен баштап, Компартия менен аяктаган советтик адабияттын талаптарындагы 40 жыл мурунку китеп 40 жыл кийинки мен түйшөлгөн, умтулган, ойлогон нерселер менен үндөшүп, тирилип келип сүйлөшүп турду.

Айтса-айтпаса төгүнбү? Алыс барбай эле жогоруда мисалга тартылган ырынан шыңгыраган бир булактын үмүт болуп агып турганы, соолуп калган башка булактын көөдөндөн кетпес арманга айланганы ал кезде жаратылыштын гана бир көрүнүшү болсо, биздин доордо мезгилдин эң актуалдуу маселеси катары да жаңырып турат го. Бул ырдагы суу жарыктыктын бүтүндөй табиятты жууруп келип туруп калган элестүү сүрөттөмөсүн айтпаган күндө да, «өзөнүмдөн аккан сууларым – өзөгүмдөн аккан сууларым» деген көз караштагылардын асты таландыга калып, арты камалып отурбайбы.

Аккан Суу эзелтеден кыргыз философиясынын туу чокусу болгону үчүн автор аны «өзөгүндө аккан сууга» салыштырып жатат да. Улуттук философия – улуттун өзөгү эмей эмне!

Сууну сүрөттөш керек болсо ушул азыркы кылымда жашаган мен да булактан баштап, өзөн менен агызып келип аягын деңиз менен бүтүрмөкмүн. Бирок антсем туура 44 жыл кечиккен болот экенмин...

Бул китеп колума тийген кезде 30дан ашып эле калган убагым болчу. Алыкулдун «30 жашында» жазылгандай «кайдан чыкты боз ат минген...» деп таң калуу да жарашпай калган кез эле. Антсе да Анасбек Жумалиевдин «30 жашы» бул курактан эчак ашкан мени менен абийиримдин тили аркылуу сүйлөшүп, маселени таптакыр башка өңүтүнөн коюп турду:

- Отуз жашка келгиче
Жүрөсүңбү үргүлөп?
Дагы отуздан эки өмүр
Сүрөсүңбү? Ким билет...

Аргымактай арыштап
Алчыланаар курагың,
Ар-намысты жарышта
Камчыланаар убагың.

Акын болсоң, акың жок –
Жай баракат жүрүүгө.
Акындык – бул умтулуу
Билбегенди билүүгө.

Ырларыңды отко сал –
Мааниси жок чийилген.
Сырларыңды топко сал,
Басып чыгып үйүңдөн.

Көздөрүңө чөгөргүн
Көрүп көркөм дүйнөнү.
Тапкын издеп «деңизге
Чөгүп кеткен ийнени».

Ошону айтып, отуз жаш
Коштошууга үлгүрөт.
Зекигендей негедир
Ойчул курак тирмийет...

... Бул турмушта канча ашуу
Ашаарымды ким билет?
Дагы отуздан экини
Жашаарымды ким билет?

Арийне, кеңири маанисинде мында айтылгандар – жалаң эле 30 жаштагылар үчүн эмес. Жалаң акындар үчүн да жазылган эмес. Адам баласы качан болбосун жашаган өмүрүнө саресеп салып, эмне кылганын, эмнеге жеткен-жетпегенин, жеңиши менен жемишин, утулушу менен утушун санап турган адаты бар. Ошентсе да 30 менен

40 жаш – кыргыз накыл сөздөрүндө бул жагынан абдан кеңири кеп болгон мезгилдердин бири. «Отузунда отун жара албаган кыркында кылыч чаба албайт» дейт кыргыз. «Үргүлөп, жайбаракат» жүрө берүү болбой тургандыгын, «билбегенди билүүгө» умтулуу качан болсо зарыл экенин ушул жашта чындап сезе баштайсың. Башыңа келген жаштын жүгү сезбесең да сездирип, «зекий» баштайт. «Маaниси жок ырларыңды» да, ойлоруңду да отко сала турган убак келет.

Анткени адам өмүрү чакталуу. 30дан дагы экини жашаса 90 жаш болот экен, ага ким жетип, ким жетпесин чын эле эч ким билбейт. Анасбек Жумалиевдин «30 жашы» койгон суроолор ошондогу 40тан ашкан мени да кыйнап турду. Ошол аркылуу таптакыр кийин туулуп-өскөн мени менен кайрадан замандаш, санаалаш болуп чыкты.

Баса, бул китеп чыкканда акын өзү да 32 жашта болгон экен. Бул кааласа-каалабаса да эркек-аял мамилеси бир сыйра электен өтүп, айрыкча акындар бул теманын өрүшүнө караганда өксүгүнө көбүрөөк көңүл бура баштаган кез болот. Алыс барбай эле акын Алыкул Осмонов «жаш кездердей ынак сүйүү жок экен, 30 жаштын улам аркы жагында» деп «Сулууга» аттуу ырында ашыгынан көңүлү сууп, сүйүүсүнө кыйла кексе тартып калганын билебиз. Антсе да бул ырында Алыкул негизинен ашыгы, ашыктыгы менен коштошот. Ал эми Анасбек Жумалиев «Махабаттуу терезесинде» аны ашык кылган жагдайдын баарын жаштыктын күчү менен байланыштырган:

«Махабаттуу терезе» деп атагам
Терезесин сен жашаган үйүңдүн.
Алгач ирет айнек чертип, себеби –
Алгач ирет даамын таткам сүйүүнүн.

Ал терезең күлүмсүрөп турчу эле
Айга түндө, күндүз күнгө чагылып,
Алыс кетсем калуучу элем аны мен
Айнектей мөл сезим менен сагынып.

Сага таандык нерселердин бардыгын
Кароочу элем бир башкача көз менен.
Өзүңө да периштедей ишенгем
Айтып берүү кыйын аны сөз менен.

... Калдык анан эки жээкте экөөбүз
Кайчы келип көз караштар биздеги.
Муздасак да бирибизден бирибиз
Ал мезгилдин өчөөр эмес издери.

Тагдыр бизди кошпогонго өкүнбөйм.
Сен ойготкон тунгуч сүйүүм уктаган.
Бирок ошол мөлтүрөгөн жаштыктын
Көз тийчүдөй кооздугуна суктанам!

«Махабаттуу терезе» деп атагам
Терезесин сен жашаган бөлмөнүн.
Сенден ысык сүйсөм дагы башканы
Андан сүйкүм терезени көрбөдүм.

Бул терезе – лирикалык каарман башынан өткөргөн ынак мамиленин, андан да көбүрөөк ошол мамиле доорон сүргөн жаштыктын түбөлүк сакталып калган кинокадры. «Жаш деген жаш, баткакка чылап туруп бир бутун чыгарып койсо деле ичиң эзилип жакшы көрө бересиң» деп улуулардын айтканы бар. Ал тургай кимдир-бирөө кайткыс сапар кеткенде деле адам анын өзүн эле эмес, аны менен кошо кеткен өз жаштыгын, жаркын күндөрүн жоктойт, ошону сагынат, ошону менен кош айтышат. Жүрөгүнүн бир бөлүгү кошо сыйрылат. Башкасын кой, «Манастын» өзүндө деле «көпчүлүк ыйлап, көп ыйлап, «көкжалым Манас» деп ыйлап, ошол ыйлагандын баарысы ӨЗ КАЙГЫСЫН ЖЕП ыйлап» дегени бар эмеспи. «Махабаттуу терезенин» кульминациясы – акыркы эки куплеттин акыркы эки саптарында. «...Бирок ошол мөлтүрөгөн жаштыктын көз тийчүдөй кооздугуна суктанам!» дейт автор. «Сенден ысык сүйсөм дагы башканы, андан сүйкүм терезени көрбөдүм» дейт. Автор ошол МЕЗГИЛДИ

сагынып атат. Андай сагыныч тирүү жан болгондон кийин баарыбызда бар. Демек, жаштыгы өткөн кылымга туура келген Анасбек Жумалиев бул жагынан да баарыбызга замандаш чыгууда.

Заман демекчи, ошол өткөн кылымда доордун эбегейсиз өзгөрүшүн көп акындар чагылдырып,аңдаганга аракет кылган.Акын Жолон Мамытов «жыйырма биринчинин акындары» менен «сулууларына» кайрылып, акын Турар Кожомбердиев дүйнөлүк согуш алааматынын коркунучуна каршы «ар бир таңда короз үнү ойготсун» деп аруу тилек кылып, акын Табылды Муканов «жерди бир чарк айланып чыккычакты» таарынычын туу кылып жүрөрүн ашыгына билдирип турган кез. Бул тенденция Анасбек Жумалиевди да кыйгап өтпөптүр. Аны «Бир мүмкүндүк - өмүрүм» деген ырынан даана байкабыз:

«Улуу Жердик табият.
Уулум ойнойт жанымда.
Миллардаган ата-энем
Туйлайт менин канымда.

Ошол өткөн «миллиарддын»
Бири туулбай калганда,
Бул дүйнөгө мен келбей
Калмак экем «арманда».

Миллиарддардын канчасы
Келээр менин артыман.
Жашоо чексиз себеби,
Дүйнө чексиз чалкыган.

Эмнени арнайм силерге,
Менден кийин келчүлөр?
Менден кийин мага окшоп
Күнгө салам берчүлөр.

Эмнени арнайм силерге,
Эмне мурас калтырам?»
Карап түпсүз асманды
Жооп табалбай олтурам...

Улуу Жердик табият,
Уулум ойнойт жанымда.
Бир мүмкүндүк, сан суроо
Туйлайт менин канымда.

Ах, сонунсуң, тирүүлүк!
Чөкпө, сергек көңүлүм!
Сан суроого жооп берчү
Бир мүмкүндүк – ӨМҮРҮМ!

Бул ырда баары бар. Автор жашаган доордун изи да, тирүүлүктүн табияты да көлдөлөң тартылып, «кийин Күнгө салам берчүлөргө» калтырчу мурасына түйшөлгөн адам баласынын түбөлүк санаасы менен коштолот. Ошону менен катар жанында ойноп отурган уулунун фонунда сергек оптимизм БИР ГАНА мүмкүндүк – БИР өмүр бар экенин эстен чыгарбаган жоопкерчилик менен жыйынтыкталат.

Анасбек Жумалиев кеп кылган бул жоопкерчилик ар бирибиздин башыбызда бар. Демек, ал бизге эле эмес, акын Сүйүнбай Эралиев айтмакчы «жүз жылдар мындан кийин да», дегеле адам адам болуп турганда келечекке түйшөлө турган пенделердин баарына замандаш. Антип түйшөлбөсө адам болбой калбайбы. Анткени ушинтип келечек, дегеле тирүүлүктүн тагдыры үчүн түйшөлүү – акындыктын эле эмес, адамдыктын да чен-өлчөмдөрүнүн бири окшобойбу.

Жакында жазуучу Султан Раев обончу Түгөлбай Казаковдун мааракесине карата ой толгоосунда Шопендин «ар бир адам жүрөгүндө кыңылдап ырдаган ыр түбөлүктүү»

деген сөзүнөн үзүндү келтирди. Анын сыңарындай, адабияттын тарыхы менен адабий мурас деген түшүнүктөр дайыма эле бири-бирине туура келе бербейт. Адабияттын тарыхына кайсы доордо кимдер эмненин таасири менен нелерди жазганынын баары кирсе, адабий мураска мезгил сынынан өткөн чыгармалар гана кирери анык. Ал эми мезгил сынынан өткөн чыгармалардын негизги белгиси – ачып окуган киши качан болбосун өзүн автордун замандашындай, жакын досундай, сырдашындай сезгени. Анда айтылгандар качан болбосун окурмандын жүрөгүнөн түнөк тапканы. Бул максатта кыргыз элинин маданий мурасын бүт бойдон кайрадан улуттук кызыкчылыктын жана көркөмдүк баалуулугунун негизинде баштан-аяк ревизиялап чыгуу маселеси күндөн күнгө күчөп келатканын өткөндө кеп кылдык эле. Өз заманына гана жарагандарын архивге тапшырып, качан болбосун окурмандын жүрөгүн козгой алгандарынын чаңын сүртүп бери алып чыгуу – тирүүлөрдүн милдеттеринин бири.

Мен Анасбек Жумалиевдин өз колума тийген, бир гана китебиндеги төрт гана ырын кеп кылдым. Башка чыгармаларын ачып окуган башка адамдар да өз замандашын, өз санаалашын, далайлары өмүр бою сырдаша турган, кайрыла турган өз досун да таап аларына ишенем.

Тирүүлөргө сунулган кол

(Жолон Мамытовдун поэзиясындагы мезгил категориясынын кош мизи)

Адам баласынын маданий турмушунун ажырагыс бөлүгү болгон адабияттын өнүгүшү диалектикалык мүнөзгө ээ. Анткени кайсы гана чыгарма болбосун, бир жагынан ички-сырткы дүйнөнү дайыма өз доорунун көзү менен караса, экинчи жагынан муундан муунга кала бере турган мурас болгондору гана мезгил сынынан өткөн деп эсеп-

телет. Ошондуктан адабияттын тарыхындагы зор материалдар катмары менен адабий мурас, адабий байлык деген түшүнүктөр дайыма эле бири-бирине туура келе бербейт.

Мезгилдин адабиятка тийгизген дагы бир таасири бар. Ал – мезгил темасынын өзү. Мезгил – акын-жазуучулар үчүн ар кыл өңүтүн карап, баалап, сезип, чагылдыра турган түгөнгүс кенч. Бул айрыкча доор алмашып, ири өзгөрүүлөр жүрүп жаткан убактагы авторлордун чыгармачылыгынан анык көрүнөт.

Өткөн кылымдын орто чени ошондой убак эле. Анткени кылымдар бою согушу да, ынтымагы да бир өңчөй эрежелер менен чечилип, салт-санаасы, үрп-адаты анча өзгөрбөй, тышкы таасирди өз баалуулугуна эптүү сиңирип алып бир калыпта жашап келген кыргыз элинин жашоо мүнөзү кескин өзгөрдү. Биринчиден көчмөн цивилизациянын эң типтүү өкүлү болгон эл отурук жашоого өтүп, оозеки сөздөн кагаз турмушка ооп, коомдук түзүлүш алмашты. Экинчиден ушунун өзү адабиятка да түздөн-түз таасир этип, прозадан тартып поэзияга чейин толгон-токой багыттар форманын да, мазмундун да ар кыл эксперименттерин баштан өткөрүп, көбү татыктуу ордун тапты. Ушул өзгөргөн турмуштун өзү да, аны чагылдырган адабияттын жаңылыгы да өз доорунун авторлоруна өтө терең таасир этип, бирин фольклордон ары чыгарбай артка тартса, башкаларынын кээ бир чыгармаларын өтө эле космоско көкөлөтүп, реалдуу турмуштан, кыргыз кыртышынан алыстатып жиберген да жайы бар. Алардын арасынан турмуштун өзгөрүшүн улуттук тамыры менен бирге карап, өз учуруна да жарактуу, кийинки окурмандар үчүн да актуалдуу чыгармаларды тартуулай алган калемгерлердин бири - Жолон Мамытов.

«Отту сүйгөн акындын» чыгармачылыгындагы мезгилдин илеби жана мезгил тууралуу ой толгоо анын бир нече чыгармасынан айрыкча даана көрүнөт. Аларды шарттуу түрдө өмүргө, табиятка, жарандык милдетке жана өнөргө тийгизген мезгилдин таасири деп бөлүп чыксак болчудай.

Өмүр жана мезгил

Атап айтканда, «Өмүр» аттуу философиялык ойлорго жык толгон ырында акын жашоонун өзгөрмөлүгүн моюнга алып, ошону менен бирге кийинки муундардын келечеги кең экендигине ишенип, ага каниет кылат:

Бойго жетип кара кыздар кечээги
кызыл-тазыл түргө бөлөйт көчөнү.
Суктандырат жаш балдардын алдыда
сеникинен өмүрү көп экени.
(«Өмүр»)

Билгенге бул нукура кыргыздык мамиле. «Келечектин баары силердики, айланайындар, силерге Кудай өмүр берсин» деген улуу канагат. «Силердин алдыңарга кетсем экен» деп кыргыздын улуулары бала-бакырасынын алдында дайыма Кудайдан тилек кылат. Калемгер биринчи иретте адам баласынын жашоосунда анын башына келген ойлордун жарыгына суктанып, ошону менен бирге өмүрдүн кайталангыстыгын, уникалдуулугун кыргыздык мүнөз менен бир кайрып өтөт:

Уюлгуган тунук ойлор андайда
чырак болуп жанып турат маңдайда.
Кызык, таттуу, табышмактуу жашоонун
бирок, даамы калбайт тура таңдайда.

Муну кыргыз Жеңижоктун дили менен «кайран бир гана жыйырма беш, кайраты жандан ашкан кез, кайпактабай отуруп казалын ырдын тапкан кез, калың кыргыз-казакка казалы менен жаккан кез» деп арман кылган. Токтогулдун тили менен «ат арыбас болсочу, жаш карыбас болсочу, жаратканы чын болсо деги жай-жайына койсочу» деп кыялданган. Болгону, ар бир доордун өзүнө тиешелүү «уюлгуган тунук ойлору» болот. Жолон Мамытов өзү жашаган мезгилге тиешелүү өзгөрүүлөр да адам өмүрүндө кайра келбей тургандыгын туюндурганын көрөбүз. Ошол эле учурда акын өмүрдөгү эң баалуу нерсесин да ырдын аягына коюп, атайын баса белгилейт:

Туйбайсың сен турпатымдан күмөндөп.
калаар болсом сезимдерди үнөмдөп:
качандыр бир кайра баштап жаралсак,
мен өзүңө келээр элем «Сүйөм!» деп...

Бул болсо ошол доорго таандык жаңы ойлордун бири. Өмүр жана өлүм тууралуу совет мезгилинде чыккан акындар диний алкактан нары чыгып, кыйла кызыктуу философиялык ойлорду айтышкан. Николай Морозов «өлгөндөргө тирүүлөрдү жок кылып, өлгөндөрдү тирүүлөргө бар кылган» (!!!) кубулуш жөнүндө өтө терең ой жүгүртсө, Расул Гамзатов ушул Жолон Мамытов мисал келтиргендей эле кырдаалда эмне кыларын ойлонуп, эки вариантына тең даяр болгон:

Ал тараптан келсем, менден айрылып
Калган дүйнө кандай болот? Көрөөрмүн.
Кайгырганың билсем - сага кайрылып,
Кайгырбасаң - кайра тартып жөнөөрмүн.
(Которгон Ж. Касаболотов)

Салыштыруудан көрүнүп тургандай, «тулпар тушунда, күлүк күнүндө» демекчи, Жолон Мамытов бул өмүргө кайра кайрылып келсе, тандай турган нерсесине алда канча жаш, турмуштун ачуу-таттуусунан көңүлү кала элек, жашоону сүйгөн жигиттин көзү менен карайт. Кайра жаралса жаш жигит катары, башка учурга эмес, дал ашыгына кайрылып келгиси келет. Мындай жүрөгүнүн жаштыгы, анын оргуштаган энергиясы – ошол учурдагы көп акындардан айырмалап турган фактор.

Табият жана мезгил

Жолон Мамытов табиятты да мезгил категориясынан өткөрүп, андагы өзгөрүүлөрдү да замандын агымы менен бирге караган. Ошону менен катар ушул азыркылар азыркы эле көзү менен карап жаткандай образдарды калтырганы байкалат. Мунун таасын мисалын кыргыз үчүн

эң баалуу көрүнүштөрдүн бири болгон тоолордун жана Ысык-Көлдүн сүрөттөмөсүнөн көрөбүз.

Аламда теңдешээри жоктойсуңар.
Жаңырып кыйкырыкты коштойсуңар.
Көк сүзгөн бийик тоолор, силер дале
билинбей кемий берет окшойсуңар.
(«Тоолор»)

Мындай тыянак тоолорду өзгөрүүсүз караган кыргыздар, башка да тоолук элдер, ал тургай «беш мүнөттүк көрөр күнү калса да» күйгүлтүк түшкөн адамдарга салыштырып тоолорду түбөлүктүн символу катары берген тоолук Расул Гамзатов үчүн да жаңы ой эле. Турмуш чындыгы Жолон Мамытовдун бул жаңы тыянагын факты жүзүндө да, коомдук аң-сезимдин өзгөрүшү түрүндө да айгинеледи. Мурунку баалуулуктар жок болуп, ордуна али түшүнүксүз тенденциялардын келиши Чыңгыз Айтматовдун өзүн «Тоолор кулаганда» чыгармасын жазууга аргасыз кылганы ушул эмеспи. Мөңгүлөр эрип, аны казууга жол берген кем акылдардын жоругу Зайырбек Ажыматовду «мөңгү, мөңгү, мөңгүм, келбейт сени көмгүм» дегизип мөгдөткөнүн кайда катабыз?

Акындын «Ысык-Көл» аттуу ырындагы жанаша турган эки куплетте кыргызга баалуу бул табият кереметинин байыркылыгы менен жаңы замандын таасири ширелишип калган:

Сен бир балык, ортосуна тоолордун,
Түшүп калып, өзөн-сайды шимирип.
Арбын кылым алдын келген жоолордун,
Торош үчүн туруп калган тирилип.

Бул – дүйнөгө мифтик аң-сезим менен карап көнгөн, эки тоо талашып, ортосунда көлгө айланып кеткен сулуу жөнүндө жомокторго кынык алган кыргыз үчүн мүнөздүү, ошол эле учурда жаңы көз караш. Тоолордун ортосуна түшүп калган балыктын образы жаңы. Автор Ысык-Көл-

дүн кылым карыткан байыркылыгын жаңы салыштыруу менен мыкты байытат.

Күзгү болсоң миң-миң жылдык турмушка,
Мөлтүр кашка эбегейсиз денесиң.
Сен бешинчи Океансың кыргызга,
Берип турган океандын элесин...

Ал эми акыркы эки сап - замандын таасирин чагылдырган психологиялык маниси бар салыштыруу. Анткени Океан тууралуу аздыр-көптүр так түшүнүктөр салыштырмалуу кийин эле, илим менен билимдеги күргүштөгөн маалыматтар менен кошо кеңири кире баштаган. Бирок «ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө» демекчи, Жолон Мамытов Ысык-Көлдүн кыргыздарга баалуулугун дүйнөлүк кубулуш аркылуу берип жатат.

Мекен жана мезгил

Туулган жердин баалуулугун дүйнөгө салыштырып, дүйнөдөн артык көргөн бул көз караш кийин кыргыз поэзиясында өрчүдү. Акын Толук Бек Байзак «мекенчил ууддар көбөйсүн, Мекеге сени теңеген» деп эгемен өлкөсүнө жалынса, акын Нарсулуу Гургубаева өз өлкөсүн «сен аман бол, себеби жок кырсыктан, бул дүйнөнүн бүлк-бүлк соккон жүрөгү» деп кыргыз үчүн көкөлөттү. Кыргыз аман турганда, кыргыз адабияты тирүү турса мындай мамиле ого бетер өрчүй береринен шек жок. Ушунун өзү мекенге карата Жолон Мамытов баштап кеткен ой чыйырынын негиздүүлүгүнөн кабар берет.

Мекен демекчи, ал табигый түрдө кичи мекенден чоң Мекен деген улуу жалпылыкка өсүп чыгат. Жолон Мамытов мунун акындык да, жарандык да эң сонун формуласын калтырган:

Биз өмүрдү коротобуз эркинче,
соодагерче жашабайбыз майдалап.
Кайсыл жайда калк кайгыдан мертинсе,
дал ошол Жер Ата-Журтка айланат!
(«Асырет»)

Кыргызда «кайсы жериң ооруса жаның ошол жерде» деген кеп бар. Кыргызстан эгемендик алгандан бери өлкөнүн аймактык бүтүндүгү үчүн күрөш мизинде келатат. Айрыкча бул чек арадагы тилкелерге тиешелүү. Ал жерлерди алып калалы деп кыйла саясий күрөш жүрдү, Шералы Назаркулов сыяктуу эр-азаматтарыбыздын башы сайылды, далай жоокерлерибиздин өмүрү курмандыкка чалынды. Жердин тагдыры үчүн талаш айрым учурларда мамлекет башындагылардын тагдырын чечип, өлкөнүн келечегин аныктаган актуалдуу маселеге айланды. Бул талашта «сен ал жерди бир барып көрдүң беле», «билбегенден кийин талашып эмне бар», «биздин жер болбогондон кийин эмне кыласың» деген өңдүү бөөт-чөөт түшүнүктөр азыр деле бар. Алардын баары Жолон Мамытовдун жогоруда мисалга тартылган төрт сабын маңдайына илип алса туура болгудай.

Өнөр жана мезгил

Акын өз өмүрүндө чыгармачылык тууралуу абдан көп ой жүгүртүп, анын табияты жөнүндө өтө баалуу түшүнүктөрдү калтырганын билебиз. Алыс барбай эле калемдештеринин жыйындарынын биринде сүйлөгөн сөзүн мисал келтирели:

«Өз окуучусунан алдыда болуу үчүн эмне кылуу керек? Бир эле жол...

Бүгүнкү жаш акын билиминин, ой жүгүртүүсүнүн байлыгы жагынан өз окуучусунан алда канча жогору туруп, таланты жагынан бардык таланттуулардан бийик болуш керек! Мына бүгүнкү жаш акындын портрети!

Мына ошондо гана анын чыгармалары балким өр тартып, биз сөзүбүздүн башында эскерип өткөн 2000-жылдын окуучу колуна тийип калаар. Бул туурасында Байдылда Сарногоев: «Биз өлгөндө ырыбыз кошо өлбөсө болгону», - деп, кашкайтып айтып салган.

А турмушта болсо ыры өзүнөн мурда жарык көрөрү

менен эле эч ким окубай коюп, ырлары өлгөн акындар толуп жатат...»

Жолон Мамытов өз ырларынын биринде акындыктын табиятын булутка салыштырып, анын вазийпасын адамдарды тазалоодон көрөт.

Ый тамакты бууганда ыйлаш керек эчкирип,
сен түбөлүк ыйыңды күлкү менен алмашсаң;
Жашаңдыктын дооруна күтүлбөгөн кеч кирип,
Жашыл, токой жаш гүлдөр, соолубайбы калбастан?
(«Булут»)

Анын чыгармачылыкка койгон талаптарынын квинтессенциясы жогоруда кеп болгон «Асырет» поэмасында ачылган. Анын ичиндеги мазмуну бир тең да, адресаты бир тең. Көбү аны бир акын экинчисине жакшы каалоо арнап, поэзиянын мүнөзү тууралуу кадимки сүрөттөмө жазгандай түшүнөрү да анык. Бирок чын-чынына келгенде аны совет доорундагы адабий чөйрөдө жүргөн күрөштүн формасы, анын алкагындагы тескери көрүнүштөргө каршы принципиалдуу чакырык деп түшүнсө да болот. Мыкты чыгарманын артыкчылыгы – кайсы учур болбосун жаңы өңүтүнөн ачылганы. Ошол кездеги чыныгы адабият менен халтуранын, сый менен сыйлыктын, чыныгы талант менен чырдуу атактын маселеси ушул азыр да эч кайда кеткен жок. Жолон Мамытов койгон маселелер мезгилдин өтүшү менен чечилбей эле, тескерисинче биздин доордо мурдагыдан да курч коюлуп, күчөп чыкты:

«Акын калкы эмне келсе оюна
шилтей берет» деп калышат. Ал туура.
Ал тийиштүү тиги менен мобуга
жана буга, тынбай жазган халтура!

Тетигиге тийиши бар анан да
жазуучунун ичиндеги жанбакты.
Жаратканы топон менен саман да,
өз төрүндөй ээлеп алган Парнасты!

Чындык сөздүн жок аларга жүйөөсү,
сындаганга кек сакташып, өпкөлөп:
«Кайдан чыккан машаяк - деп, - бул өзү?!
эртең сени миң электен өткөрөт.
(«Асырет»).

Сөз соңу

Бул макаланын жазылышына бир топ жыл мурун кесиптешим Азамат Тынаев менен болгон сөз себеп болду. Көрсө Кыргызстандын кино тармагын жетектеп турганда Жолон Мамытов бир топ кыргыз жаштарын Москвага окууга жөнөтүп, акыл-насаатын айтып, камкордук көрүп, жол көрсөткөн экен. Азаматтын жылуу эскерүүсүнө жооп катары Интернеттен атайын таап келип окуган бул ыр мага өткөн кылымдын адамдары тирүүлөргө күлө карап сунуп жаткан карылуу кол сыяктуу сезилет:

Мелмилдеп кылым жүзгө толгон күнү
Жарыкка төрөлгүлө, мен силерге
Биз жашап жаткан ушул жылдан салам
Айтамын, бакыт каалап энчиңерге.

Ишенем, ошондо да адамзатка
Таалайдын керегине аба сыңар.
А силер бул саламды китебимдин
Саргарган барагынан табасыңар.

Учурам турмуш сүйгөн үнүмдү мен
Силерге көз кайкыган закымдагы
Жыйырма биринчинин сулуулары,
Жыйырма биринчинин акындары.

Бүтүндөй жердин шарын, мейкиндикти
Силерге ишенгени отурамын.
Адамдык сүйүү, чындык, эркиндикти,
Ак мөңгү Ала-Тоонун топурагын.

Өбөмүн жүзүңөрдөн кучактап бек
Жыйырма беш жазды көргөн эрдим менен,
Өпкөндөй сүйгөнүмдү алгачкы ирет
Ак ийрим суу жээгинде мелмилдеген.

Махабат болооруна ошондо да
Ишенем, ошондо да күлкү болот.
Тоолордо тоолук сүйгөн кымыз менен
Айтуяк үйүр-үйүр жылкы болот.

Ишенем сенин жолуң алысына,
Ата Журт, алаканда сакталасың.
Апасы түнү бою «Манас» угуп,
Баласы соруп уктайт ак мамасын.

Учурам турмуш сүйгөн үнүмдү мен
Силерге, көз кайкыган жылдыздагы
Жыйырма биринчинин урпактары,
Жыйырма биринчинин кыргыздары.

Көрүнүп тургандай, акын абстракттуу кимдир-бирөөгө эмес, сага, мага, ага, азыркы адамдарга өткөн кылымдан кайрылып, салам айтып жатат. Саламына алик алып, татыктуу кабыл алалы.

Жакынкы жылдардын биринде Жолон Мамытовдун чыгармачылыгына арналган китептин бет ачары болду. «Жыйырма биринчинин акындары» анын да, өздөрүнүн да ырларын окушту. «Жыйырма биринчинин сулуулары» жаркылдап жаныбызда отурушту.

Ал эми «жыйырма биринчинин урпактары» менен «жыйырма биринчинин кыргыздары», анын арасында биз, тирүүлөр баштан кечирип жаткан сыноолордун кыйласына жооп табыла элек.

Мезгилдин өзү ошондой. Мезгил дайыма кайталангыс, тегерегибиздеги дүйнөнүн эскилиги менен жаңылыгы эриш-аркак кошо жүрөт.

Мезгил өзү көп учурда Жолон Мамытовдун поэзиясындай.

Дүйнөнүн дүбүртү жана муундардын муңу

Ак таңдай акын Амантай Кутманалиев «кыргыздын Алай-Ламасы» деп тамаша-чыны аралаш баа берген жазуучу Кубат Жусубалиевдин «эй, ичинде өлүп кала турган китептер болот» деп айтканы бар. Жаңылышпасам окурман жалаң ошол китептин мазмуну менен жашап, жалаң ошону ойлоп кала турган учурларды кеп кылса керек. Эгерде китептин көлөмүнөн кичирейтип, конкреттүү чыгармалардын масштабында карай турган болсок, менимче окурман ичинен чыга албай, ичинде жашап кала турган ырлар да бар. Алардын бири – Калчоро Көкүловдун «Шарт ушул, бири билбей, бири билип» деп башталган, аты жок ыры. Ыр беш эле куплеттен турат, андыктан аны талдоодон мурун толук келтирели:

Шарт ушул бири билбей, бири билип,
Шашылып бири чыкса, бири кирип.
Бул турмуш чамгарагын атып турду,
Бул дүйнө жүрүп турду чимирилип.

Бирибиз алыс кетип атагыбыз.
Бирибиз азга жетпей капалуубуз.
Ашууну болжоп атсак да бирибиз,
Агарды бирибиздин сакалыбыз.

Бирибиз арамдыкка жоро болуп,
Бирибиз арсар ишке жолободук.
Бул жашоо бир жаңырып, бир эскирди,
Бир ушул дүйнө турду тоголонуп.

Аргымак атты миндик азанатып,
Аш бердик, той чакырдык казан асып.
Бирибиз арыш керсек оомат тилеп,
Бирибиз аксап турдук жаза басып.

Бирибиз, жолдо калдык тебеленип,
Бирибиз жондо калдык көмөлөнүп.
Бир гана аалам турду ала салып,
Бир гана дүйнө турду тегеренип…

Көрүнүп тургандай, бул ыр дүйнөнүн кыймылы менен башталып, дүйнөнүн кыймылы менен уланып, дүйнөнүн кыймылы менен бүтөт.

Болгону ырдын башындагы адамдар «бири билбей, бири билип, бири чыгып, бири кирип» жүргөн жалпы адамзат катары абстракттуу, чоочун. Алар – дегеле ушул дүйнөнүн кубулуштары, азырынча кимиси ким экенин билбейбиз. Дүйнө да ошол кирип-чыгып жаткан адамдардын жашоосунун бир эсе мыйзамы, бир эсе фону катары кызмат кылат. Дүйнөнүн өзүнө карата мамиле да бейтарап:

Шарт ушул бири билбей, бири билип,
Шашылып бири чыкса, бири кирип.
Бул турмуш чамгарагын атып турду,
Бул дүйнө жүрүп турду чимирилип.

Экинчи куплет авторго чоочун эмес, анын өз тегерегиндеги, ага тиешеси бар адамдарга көңүл бура баштайт. «Биз» деген сөздүн ичинде баары бар. Адамдар – жөн эле дүйнөгө аралашкан, дүйнөнүн ичиндеги капкайдагы немелер эмес, лирикалык каарман өзү кошулган муун, автордун өзүнө алда канча жакын, боор эти менен тең кишилер. Бул саптарда негизинен «биздеги» адамдардын ар кандай абалы биринчи орунга чыгат. Куплетте дүйнөнүн көрүнүшү да, мүнөздөмөсү да жок, ал жалаң адамдар жөнүндө:

Бирибиз алыс кетип атагыбыз.
Бирибиз азга жетпей капалуубуз.
Ашууну болжоп атсак да бирибиз,
Агарды бирибиздин сакалыбыз.

«Дүйнө» ырдын ортосунда - үчүнчү куплетте экинчи ирет кездешет. Ал дагы эле тегеренип, айланып, өз мыйзамын жүргүзүп жатат, бирок бул жолу ал «бир жаңырып, бир эскирген» адам өмүрүнүн сыртындагы

реалдуулук. Жакшы-жаманы аралашкан адамдардын башынан өтүп жаткан өмүр - күнүмдүк, дүйнө - түбөлүк.

Бирибиз арамдыкка жоро болуп,
Бирибиз арсар ишке жолободук.
Бул жашоо бир жаңырып, бир эскирди,
Бир ушул дүйнө турду тоголонуп.

Байкап көрсөк бул саптарда дүйнө менен адамдын ортосундагы айырма да, байланыш да толук апогейине жете элек. Бири арамдыкка жоро болгон, бири арсар ишке жолобогон кишилер адам катары калыптанып бүткөн, жашоо бир сыйра эскирип да, жаңырып да бүтүүгө жетишкен. Аларды өзгөртүүгө кеч. Бирок бул ойлор азырынча баралына келип, болуп-толуп калган адамдар тууралуу айтылып жатат.

Автор дүйнөнү кеп кылбастан, кайрадан жалаң адамдардын абалына, жасап жетишкен иштерине, алардын күчөп бараткан айырмасына көңүл бурушун төртүнчү куплетте болушунча күчөтөт:

Аргымак атты миндик азанатып,
Аш бердик, той чакырдык казан асып.
Бирибиз арыш керсек оомат тилеп,
Бирибиз аксап турдук жаза басып.

Ал эми ырдын аягындагы адамдардын абалы – дегеле адам баласынын бир эсе типтүү, бир эсе аянычтуу финалы. Жолдо тебеленип калгандары да, жондо көмөлөнүп калгандары да жалаң эле өлүмдү билдирбейт. Өлүүтирүүсүнө карабай алардын тагдырын туюндурат. «Биздеги» кишилердин көбү кетип, азы калган армандуу жагдай дүйнөнү өзгөртө албайт, ал баягы эле өз ишин аткарууда:

Бирибиз, жолдо калдык тебеленип,
Бирибиз жондо калдык көмөлөнүп.
Бир гана аалам турду ала салып,
Бир гана дүйнө турду тегеренип…

Болгону дүйнөгө, ырдын башындагы эле айтылган анын объективдүүлүгүнө, бейтараптыгына, болмушуна карата мамиле да АДАМДЫК чен-өлчөмдөрдүн элегинен өтүп, бышып жетилип, аягына чыгып, дүйнө баягы эле дүйнө болсо да бул жолу ага бир эсе өкүнүчтүү, бир эсе айласыз контраст катары кызмат кылат.

Автор бул ырында Дүйнө менен Адамдын мамилесин композициялык жактан төмөнкүдөй ширелиштирген:

1. Дүйнө – Абстракттуу Адамдар.
2. «Биз» деген категорияга кирген адамдар. Дүйнө жок.
3. Дүйнө – «Биздеги» Адамдар.
4. «Биз» деген категорияга кирген адамдар. Дүйнө жок.
5. «Биз» деген категорияга кирген адамдар жана кайрадан Дүйнө.

Композиция эмнени көрсөтүп турат? Ырда айтылган адамдардын башынан өткөн нерселердин баары – кулкмүнөзү, жеткен-жетпеген тилектери, тагдыры - ырдын салааларында. Шырдактын көк (1, 3, 5 - Дүйнө жана Адам) жана кызыл (2, 4 – жалаң Адам) өңдөрүндөй болгон бул категориялар абдан гармониялуу айкалышып келип, аягында Төп Төгөрөк (Инь-Яң) белгисиндей уюп калган. Бир карасак дүйнө адамдарды кучагына алып, ичинде эритип жиберген болот. Бир карасак дүйнө адам баласын ар тарабынан курчап, өз мыйзамынан чыгарбай турат. Дагы бир өңүттөн карасак дүйнөнүн жаргылчагы айланып-айланып отуруп бүтүн адамдарды жутуп алып, алардын сыныктарын, эзиндилерин, таанылгыс өзгөргөн өнүмдөрүн сыртка бүркүп баратканын көрөбүз.

Жалпысынан бул ырда баары жөнөкөй. Адамдардын жашоосу да, дүйнөнүн кыймыл-аракети да турмушта кандай болсо ошондой. Ал тургай өтө эле жупуну да се-

зилиши мүмкүн. Анда айрым окурмандар «ичинде өлүп калгыдай» же тескерисинче, башкалары «ичинде жашап калгыдай» бул ырдын таасири эмнеде?

Менимче, биринчиден буга Калчоро Көкүловдун өзүнүн дүйнөгө карата ойлорунун жыйындысы таасир эткен. Мындан 20-30 жыл илгерки жолугушуулардын биринде «мен ушу алым жетсе-жетпесе деле дүйнө менен кармаша берем, балдар» деп айтканы бар. Анысы чын экенин тээ «Аптаптуу айыл» жыйнагынан тартып («дүйнө сен, дүйнө экенсиң») кийинки жазган ырларына («Дүйнө күн») чейинки жолуна сереп салсак даана байкайбыз.

Экинчиден дүйнөнүн өзүндөй эле дүйнө тууралуу ой толгоолор да байыркы. Айрыкча кыргызда илгертен эң көп ырдалган темалар – «Аккан Суу» жана «Дүнүйө». Болгондо да экөө эки башка нерсе эмес, чындап келсе бир тема. Анткени Аккан Суу – кыргыз таанымында ошол эле Дүнүйөнүн жашоо формасы. Ырда диаметралдык карама-каршылыктагы көрүнүштөр да кыргыз кыртышынан өсүп чыккан. Акындын дээрлик ар бир ырында мындай диалектика баштан-аяк кездешкендиктен, айрымдарын катар коюп окуу аларды окшош сыяктуу сездириши да мүмкүн. Кайталанган ыкмалар кездешпейт деп кепилдик да бере албайбыз. Андыктан Калчоро Көкүловдун ырларын дүңүнөн жутпастан, ар бирин бирден ичине үңүлүп окуганда гана алар күчүнө кирип, окурман журту чындап рахат алаарын айткыбыз бар.

Ырга кубат киргизип турган үчүнчү жагдай – ар бир муундун уникалдуулугу жана универсалдуулугу. Акындын бул ырын окуп отуруп, ал өз муунун эмес, биздин муунду жазгандай таасир калтырат. Балким ар бир муун өзүн табат. Мына биз эр ортонунан ашып калдык. Бирибиз чындап эле тебеленип жолдо калдык, бирибиз көмөлөнүп жондо калдык. Чын эле бул дүйнө БИЗ ҮЧҮН бир жаңырып, бир эскирди. Бирок бул дүйнө башынан эле ушундай

болуптур да? Биздин агаларыбыз, айрым учурда аталарыбыз менен тең кишилер, албетте, өз өзгөчөлүгү менен, ушул айтылгандардын баарын башынан өткөргөн экен да? Демек, муундардын муңу дегенибиз - бул адам баласы жашап турганда кайталана бере турган, бирок ошол эле учурда бири-бирине окшобогон, ар бири өзүнө кымбат нерсе окшобойбу? Бул чындыкты кайрадан психологиялык таасирин күчөтүп ачып бере билүү - поэзия үчүн абдан чоң табылга. Анткени мисалы Расул Гамзатовдун «Турналары» – жалаң советтик жоокерлер үчүн арналып жазылса да, анын масштабынан нары чыгып, дегеле жоокер аттуунун элесине арналган, кимдин болбосун талуу жерин козгогон, универсалдуу чыгарма. «Манас» эпосундагы, жалаң эле кайталангыс жеке адамдын эмес, бүтүндөй элдин тагдыры таразага коюлган, арбактар менен тирүүлөр аралашып сүрөп кеткен Каныкейдин Тайторуну чабышы сыяктуу жанды бүтүн дүрт козгогон эпизоддорду айтпай ак коелу...

Акырында айтарым «Жасап жазбай, жашап жазган оң» деген кеп айтылып жүрөт. Жеке баамымда, жашап (чындап сезип, өз башынан өткөрүп, ичинен кайнап) жазуу зарыл, бирок ал да жетишсиз. Жашаганың башканын жашоосун кошо козгобосо, жүрөгүнөн түнөк таппаса өз ичиңден күлгөнүң да, өксүп ыйлаганың да бекер. Ал сенин жашооң бойдон гана калат. Жазганың сенин гана жүрөгүңдү козгоп тим болбой, окурмандын да жүрөгүнө таамай тийип, тик сайылып, кайра суурулуп, бирок ошондон кийин да оңой менен кетпей турган из, керек болсо так калтырышы зарыл. Ушунун баарын бир эле учурда жөнөкөй да, терең да тилге салып, кыйноого салган ойлорду кыйналбай-этпей шыдыр көрсөтө билиш үчүн өтө чоң чеберчилик талап кылынат. Ал эми чеберчилик деген эмне?

«Кыркаяк кайсы буту биринчи шилтенерин сурап калышса ал байкуш ойлоно берип ташка айланып катып ка-

лыптыр» деген уламыш бар. Бул бардык нерсени акылга салып, органикалуу, ажырагыс нерселерди талдай берүү кээде зыян алып келерин, аны кайталангыс касиетинен, жандуу жашоосунан ажыратып, туюндурган жыйынтыктардын бири. Чынында эле, мисалы мушташ өнөрүндө өздөштүргөн ыкмаларың эрегиште өзүнөн өзү ишке жарап турбаса демек жетиле элексиң. Кырдаал өзгөргөн сайын «кайсы учурда кайсы колумду же бутумду каякка шилтесем» деп ойлонуп турсаң сөзсүз таяк жейсиң, ойлонбостон дароо аракет кылышың керек. Жалаң эр өнөрү эле эмес, бий болобу, күрөш болобу, дегеле адамдын денесине (демек тирүү нерсеге) байланышкан көндүмдөрдүн баары ошондой. Ал тургай Дүйнөнүн өзү ушундай – ал күтпөйт. Аракетиң өз убагында жана туура чыкпаса утуласың.

Менимче конкреттүү ушул бир ырдын мисалында Калчоро Көкүлов Дүйнөнү ар бир Адамга, анын ичинде мага, сага, ага кошо жууруп туруп көтөрүп чапкан. Же түшүнгөн кишиге ошол тегеренме Дүйнөнүн жаргылчагына салып туруп ар бирибиздин артка кылчайгандагы өмүрүбүздү жанчып чыккан. Конкреттүү бир окурман катары жеке мага бул ыр көңүлүмдүн түпкүрүнө калтырган из өмүр өткүчөктү кетчүдөй эмес. Тескерисинче, жаш өйдөлөгөн сайын, «биз» дегендердин арасындагы адамдардын улам бири жолдо тебеленип, жондо көмөлөнгөн сайын ал изди колум менен сыйпалап, тегеректеги дүйнөнү карайм.

Дүйнө болсо эч нерсе болбогондой миң кулпуруп, миң өзгөрүп, дагы эле тегеренип, дагы эле тоголонуп, дагы эле ала салып, өз сапарын улантууда.

«Көчмөн дүйнөдөгү» көздөн учкан көк жээк

Ак боз ат өмүр өтөт айланганы,
арыйсың көр оокатка байланганы.
Карыткан адамдарды - жылдар эмес,
Алардын ишке ашпаган армандары.
(Толук Бек Байзак).

Азыркы Кыргызстандын эгемендигинин алгачкы жылдары XX кылымда башталган дүйнөлөшүү (глобализация) жараяны менен тыгыз байланыштуу. Өлкө өз алдынча жолго түшкөндөн бери мурдагы көнүмүш чектер жоюлуп, диний, идеологиялык, маданий жаңы агымдар кирип, экономикадагы кризис бүтүндөй бир муундун тагдырын өзгөрткөн эмгек миграциясын пайда кылды. Мына ушул динамикалуу, татаал, салттуулук менен жаңы көрүнүштөр бири-бирине таасир эткен мезгилдин типтүү маанайын, кубулуштарын, адамдык проблематикасын чагылдырган кызыктуу адабий табылгалардын бири – акын Толук Бек Байзактын «Көчмөн дүйнө» ырлар жыйнагы.

Китептин аталышы да, мазмуну да баштан-аяк автордун жеке турмуштук тажрыйбасы жана ал жашаган доор менен тыгыз байланыштуу. Анын жаштыгын журналистикадан, жетилген курагын Түркиядагы жана Орусиядагы эмгек миграциясынан бөлүп караш мүмкүн эмес. Бул жагынан жыйнакты баштан аяк тепчип өткөн темалардын бири – Мекендин тагдыры тууралуу түйшөлгөн санаа, ага болгон бүтпөс кусалык:

Сага караан боло албадым, бу капалуу күнүңдө.
Ийинимди тосо албадым, бирок менден түңүлбө.
Биз кайтаарбыз жеңиш менен
күндөрдүн бир күнүндө,
ал анткени өзүң барсың,
жүрөктөрдө, сүйүүмдө.
Касиетин Ата журттун
уул эмесмин сезбеген,
алыс жерде өзүңдү эстеп
сагынамын, эскерем,
бирок ушул кыйын күндө
сага берээр, саа жөнөтөөр,

сүйүү, үмүт, ырдан башка эчтемем жок, эчтемем…
(«Кош, мекеним»)

Кыргыз эли менен кыргыз мамлекетинин абалы кейиштүү экенин көп эле акындар жазып келатат. Бирок «карыз кылган чирик дөңгөчтөр отун болуп жарабай» турганын айткандар сейрек эле болсо керек. Толук Бек Байзак бул жагынан мекенинин абалын өзүнүкү менен ажырагыс байланышта, терең эмпатиялык туюм менен карайт:

Мекеним үшүп турат. Мен да үшүдүм.
От жагалы, бар бекен тамызгылык?
Чириген дөңгөчтөрдүн кереги жок,
жылытпайт, күйбөйт дагы, карыз кылып.

Ырас, жалпысынан кыргыз эли - биринчи иретте көчмөн цивилизациянын көрүнүктүү өкүлү. Көчмөндүк – кыргыз элинин тарыхына эң чоң таасир эткен дооорлордун бири. Анын ийкемдүүлүгү, кыймылдуулугу, дүйнөгө болгон мамилеси жана этикалык императивдери кыргыздын улуттук менталитетин аныктаган. Бирок азыркы миграция – бая кыргыздар каалашынча өз жеринде көчүп-конуп, ырахаты менен жер ооштурган илгерки көөнө турмуш ыгы эмес, кыйла жыл отурукташып калган жеринен, боор эти менен тең болуп, бир эсе арабөк абалда турган мекенинен айрылган аргасыздык.

Мындай жаңыланган маанидеги көчмөн духтун илеби китепте бир нече тегиздиктен ачылган. Алардын бири – Аккан Суу – Деңиз – Ысык-Көл үчилтиги. Аккан Суу – тээ Жеңижоктон бери кыргыз акындары тынымсыз кайрылган темалардын бири. Автор да адам өмүрүн агып жаткан дайрага салыштырып, анын башынан өткөргөн нерселерин да суунун тагдырына окшоштурат:

Дарыялар кайда агарын билишпейт,
Ала-Тоонун ар жагынан куюлуп.
Дарыялар жансыздыкты сүйүшпөйт,
өмүр бою ырдашчудай туюлуп.

Бирок жолдон күтөт канча тосмолор,
ар кай жакка чачыратып бурушат.
Керек болсо дудук кылып кээ бирин,
суу сактагыч көлмө кылып тынышат.

Дарыялар кайда агарын билишпейт,
эркиндиктин ырын ырдап түбөлүк.
Азып тозуп алар агып жеткиче,
алыстагы деңиз барат түгөнүп.
(«Дарыялар кайда агарын билишпейт»)

Жаратылышта дарыялар же деңизге, же көлгө куят. Андыктан Аккан Суунун бул жыйнактагы экинчи өңүтү – Деңиздин учу-кыйыры жок чексиздиги, анда саякаттап өткөн өмүрлөр, ага байланышкан тагдырлар. Автор деңизди өзү басып өткөн жолдун оош-кыйыштары, кубанычы жана кайгысы, өмүрдүн баалуулугу менен бирге карайт. Айталык, кызы Акылайга арналган ырында аны маякка салыштырып, өзүн жээгин таба албай жаткан кеме катары сезгенин көрөбүз:

... Анан сездим, ааламдын албуут деңиз экендигин,
мен анда жалгыз кеме алдастаган,
серпилип толкунуна зор турмуштун,
чайпалып ары-бери чыгып калган,
жалгыздык аралына жан баспаган.

Деңиздин сырын, анын тереңдигин, кенендигин дүйнөдө көп акындар ырга салган, бирок түбүнө жеткен эмес. Ал ар бир акынга деңиз өзүнчө ачылган. Толук Бек Байзакты бирде ал философиялык күтүүсүз жыйынтыктарга, бирде акын жана адам катары багыт берүүчү ориентирге алып келет.

Тең салмагын бу дүйнөнүн,
кармаса да Теңири,
Тереңдиги жок деңиздин,
кыска болот өмүрү.

Таңдан кечке ошол үчүн,
жүрөгүмдү бүлөймүн.
Мен баруучу бир деңиздин,
соолубашын тилеймин.
(«Соолубасын деңиздер»)

Жыйнакта деңиз ашыктык ырларына да фон жана салыштыруу катары көп кызмат кылат. Айрым ырларда лирикалык каармандын ашыгы – авторду сагындырган жээк.

Көздөн учкан көк жээк болуп,
жетпөөчүдөй көрүндүң.
Бара албасам толкун болуп,
жеңгени ошол өлүмдүн.

Башкасында аял заты – алыстагы азгырган, көзгө илинер-илинбес арал:

Деңиз сырын начар билген адамдай,
сага барчу жолду жүрөм табалбай,
Көздөн учкан закым болуп мелтиреп,
алыстасың ачылбаган аралдай.

Дагы биринде аял - ошол албуут, сырдуу, терең деңиздин өзү:

Деңиздейсиң албуут, терең, жан алып,
мен деңизчи ашык болгон карарып.
Толкунуңда чабалактайм балыктай,
бир жоголуп, бирде кайра жаралып...

Алыстагы мухитсиңби азгырган,
толкун сымал эркелеген, наз кылган,
мынча неге ээлендирдиң, эңсетип,
махабаттай кышты дагы жаз кылган..

Же ушуга эле үндөш:

Таарынычсың жаралуу көңүлүмдөй,
сагынычсың аялуу өмүрүмдөй.
Кайда толкуп барасың деңиз окшоп,
чардак сымал чарчатып мени сүйбөй...

Бирде – сүйүүнүн өзү деңиз:

Бар сырым, арманымды төгүшкөнү,
келемин толкун болуп бөлүшкөнү.
Ойноткон кемелерди мухит сымал ,
жүрөгүң – сүйүүлөрдүн көрүстөнү
Жүрөктөр – сүйүүлөрдүн көрүстөнү...

Бирок автордун жан дүйнөсүндө Аккан Суунун эң сүйкүмдүү, жанга жакын өңүтү – Ысык-Көл. Грузиядан келген кесиптештер көлүбүздү көрүп алып, «ребята, да это грех называть озером, это же море» деп чын дилинен суктанган жайы бар. Эске сала кетсек, айтылуу акын Жолон Мамытов Ысык-Көлдү «бешинчи океанга» салыштыруусу – кыргыз поэзиясындагы эң мыкты табылгалардын бири. Бирок баалуулук жагына келгенде дүйнөдөгү деңиздер менен Ысык-Көлдүн ортосунда чоң айырма бар. Ал - дүйнөлүк чалкып жаткан суу мейкини эмес, кыргызга гана таандык, кыргыздын боор эти менен тең бүткөн, кыргыздын жүрөгүнө жакын деңиз.

«Ысык-Көлгө» деген ырында ушул мамиле жакшы ачылат.

Мени күтүп жатасыңбы алыста,
кээде толкуп, кээде тунуп мелтиреп?
Сени таштап бакыт издеп кеткемин,
эми сенсиз таңдар атып, кеч кирет.

Жашоо деген жаңылануу эскирип,
турмуш ушул кубаныч да эчкирик.
Аттын башын шарт буруучу кез келер,
баткагыңдын бакыттыгын кеч билип.

Алигиче үмүт үзбөй адамдан,
жатышса да соодалашып, азалап.
Пенделерди көр дүйнөгө кararган,
жатасыңбы эртели-кеч тазалап?

А мен дагы кутула албай кургуйдан,
курган жаным көр оокатка багынды.
Алыс жерден келалбасам капылет,
кабыл алгын жүрөгүмдү, жанымды.

Жалгыз сенсиң жан дүйнөмдү жайгарып,
жардам берчү өзүмдү өзүм табышка.
Мээримиңди адамдардан аябай
менсиз толкуп жатасыңбы алыста?

Демек, ага кыргыздын мамилеси да өзгөчө болууга тийиш. Кыргыз илгери Ысык-Көлгө түшкөн эмес. Сыйынып, суктанып гана тим болгон. Автордун окурмандын эсине салып жаткан ушул баалуулугу илгеркилердин жүрөгүндөгү ыйыктык дагы эле бар экендигин далилдейт:

Бу көлгө келиш керек тайынышка,
жөн гана келбеш керек чайынышка.

Жыйнактагы экинчи даана байкалган тегиздик – Ата Журт – Түркия – Орусия үчилтиги. Жалпы эле «Көчмөн дүйнө» - дал ушул үчөөнүн ортосундагы адамдын, азыркы дүйнөдө ар башка элдерден алган таасирин, сабагын, тажрыйбасын салыштырып, ортосунда өзүн таап-таппай турган кыргыз баласынын абалы.

Кыргызстанда жүрүп жазылган ырлар «Жайлоодо» аттуу чыгармадай фольклордук стилге жакын, кыргыз кыртышына ынак болсо, четте жазылган же ал жактагы таасирлерден улам жаралгандарында ошол өлкөлөрдүн илеби келип турат.

Булардын ичинен Түркиянын таасири биринчи иретте бир топ ырлардын стилдик өзгөчөлүгүнөн, техникалык эркиндигинен, маанайды берүүдөгү ыкмаларынан байкалат. Анткени заманбап түрк акындарынын бир топтору уйкашка жана ыргакка анча байланбайт, ойдун агымын үзбөй бергенге аракет кылышат, бирок ички ыргак сөзсүз бар. Автор Назым Хикметтин «Деңизге кетким келет» деген

сөзүнө салыштыруу иретинде «Тоолорго кетким келет» деп жазган ырынан тартып азыркы чыгыш поэзиясынын психологизмине чейин сиңирген.

«Сүкүт» деген ырында автор өзү да байкабастан суфист акын Желаледдин Руминин сүйүүгө арналган ойлорун улайт:

Бул дүйнөнүн жарымы жарык,
жарымы болсо караңгы.
Убакыт да учат куштай,
күйүктүрүп адамды.
Биз да ошондой жаралыппыз,
ысык сууктан, ак карадан, жек көрүүдөн, сүйүүдөн.
Жададым эх, күйүүдөн!
Олтурамын сүкүт салып,
ой учугун чубаймын,
акылмандан ою тунук,
сүйүү сырын сураймын.
Ал жылмаят сырдуу гана
түпкүрүнөн кылымдын:
«Махабаттын каалаганы
– каалаганы Кудайдын…»

Автордун бул тирүүлүккө, болмушка, дүйнөгө болгон мамилесине да бир эсе ак-караны аралаш караган, турмуштун ар бир көрүнүшүн ышкы менен сүрөттөгөн «дүнүйөчүл» кыргыз ак таңдай акындары менен ар бир кубулуштан Жараткандын мээримин көргөн Чыгыш акындарынын стили аралашкан:

Тирүүлүк, бар экенсиң!
Дайрадай атырылган шар экенсиң,
жакшыга, жаманга да жар экенсиң,
кедейге кенен болуп, а байларга,
улактын терисиндей тар экенсиң.

Баары бир сүйөм сени,
Күн менен ар бир таңда көргөнүмө,
баарына бирдей көңүл бөлгөнүңө,

жашоомо үмүт берип, сүйүү берип,
баа жеткис бу өмүрдү бергениңе!
Жараткан, сүйөм сени!

Же дагы бир ырында айтылгандай:

Бу кечте кайрадан ырдаймын,
сагынычтын терезесинде.
Жалгыздыктын жан досу - ырлар,
бу кечте мага не шыбырар?
Асмандай аппак кары себелеген,
адамга үмүт берип ченебеген,
бактардай ак кебезге оронушкан,
мага окшоп кан жолдордо тонолушкан,
жана да сүйүү катып көкүрөккө,
сактаган бир кайырсыз жоголуштан..

Саякатчылык романтика жана карт тарыхтын кекселиги, цивилизациялык ролу жана баарын батырган космополитизми менен өзгөчөлөнгөн Стамбулдан айырмаланып, Москва акындын жүрөгүнө суук болуп кирип, турмуш болуп чыккан. Анын таасири миңдеген башка мекендештерибиз сыяктуу эле жашоо сабактарына бай, катаал, өзүң менен бетме-бет келтирген, жашоонун мыйзамы, өтүп жаткан өмүр тууралуу ойлондурган экзистенциалдык маселеге барып такалат. Анын бир мисалы төмөнкү саптардан туюлат:

Кар себелейт жаан аралаш Маскөөдө,
сууланышкан чачтарымды тараймын.
Бара жатып трамвайда элүүнчү,
декабрдан арт жагымды караймын.

Караймын да, көздөн учкан карааны,
алыстагы Ата Журтту самаймын.
Өтүп жаткан бу жылды да узатып,
чачтарымдын ак талдарын санаймын.

Москвада өткөн өмүрлөр жалгыздыкка, учу жок ойлорго, сансыз санаага жык толгон. Башка мекендештерибиз

үчүн да орус баш калаасынын ырайы менен үрөйү көп учурда автор үчүн чоочун:

Москөө суук. Москөө мерез. Москөө - арман.
Олтурам, ой толкуну курчап алган.
Жылытпайт ысык ичкен кофе дагы,
жылытат жалгыз ырлар, берип дарман.

Өрттөнөт ойлор чиркин, болуп көмүр.
Жылдарың каркырадай, учат өмүр.
Жетимдей жалтайлаймын чоочун үйдө.
Жан дүйнөң - жыртык чокой, жыртык көңүл.

Бирок ошону менен катар Москвада үмүт да, жакшы тилектер да, бактылуу ирмемдер да бар.

Бузалбайм маанайыңды шамал окшоп,
жүзүңдөн суратпастан өпкүлөгөн.
Бу дүйнө өзүң сымал аяр, назик,
бу дүйнө - карегиңдей мөлтүрөгөн.

Батырып бар бакытты көз ирмемге,
мен эми эс-мас болуп олтурамын.
Шамалдай ойлорумду алып учат,
шамалы кереметтүү Москванын.

Адам баласынын жашоосундагы ар кыл өңүттөргө дүйнөлөшүүнүн тийгизген таасири сөзсүз түрдө анын жалгыздыгы тууралуу маселени кабыргасынан коюп, алдыңкы орунга чыгарат. Ушу тапта коом дээрлик атомардык деңгээлге чейин чачырап, индивидуализм кыйла кеңири жайылган позицияга айланганда адамдын адамга болгон мээрими, кызыгуусу, жан тартышы айрыкча жамаатчыл кыргыз коому үчүн абдан актуалдуу жагдайга айланууда. Ошондуктан жыйнактагы көзгө урунган дагы бир тегиздик – глобализация менен жеке адамдын жалгыздыгы. Ушундан уламбы, айтор «Мен жөнүндө ойлойсуңбу кичине?» аттуу ырында Толук Бек Байзак чоң шаарларда бири-биринен

руханий жактан алыстап бараткан адамдардын абалын сүрөттөйт.

Мен жөнүндө ойлойсуңбу кичине, мен жөнүндө?
Бул калаада сан миң адам самсыган.
Карабастан кебетеме, түсүмө,
жаркый карап жазгы күндөй жакшынам.
Жамгыр сенин жашыңа окшоп,
каректериң жүрөк козгоп,
бир карашта жан дүйнөмү жанчыган.

Ажыдаардай жутат мени ичине,
бул албуут шаар, бул кымгуут шаар, тагдырларга тойбогон.
Жетсем дегем аз да болсо кичине,
кыялдарга, максаттарга ойлогон.
Бирок барам жутулуп,
кайдыгерлик кулкунуна, эч эркиңе койбогон.

Эртели-кеч каршы-терши ташынган,
поезддерде, трамвайда,
агымында көр оокаттын агамын.
Бетондолгон дубалдарга жашынган,
бетондолгон жүрөктөрдөн,
эмнени издеп табамын?

Каршылыгын алалбаган сүйүүдөй,
жамгыр болуп Кудай ыйлайт көчөдө,
үнү менен бир таштанды баланын...

Же илгерки Чыгыш акындарынын бир үзүм тыянактарындай, кыргыздын «атадан алтоо болсоң да ар жалгыздык башка бар» деген накыл кебиндей чындыкты эске салган саптар бар:

Көңүлүм – үзүлгөн гүл.
Көз жашым жамгыр болуп төгөт бүгүн.
Сезбепмин жан дүйнөмдө сурак барын,
билбепмин жан дүйнөңдүн бөлөктүгүн...

Жыйнактагы ашыктык ырларынын маанайы да өтө кеңири диапазондо берилген. Биринде «балмуздактай таттуусуң да, дал ошондой муздаксың» деген таарыныч катылса, башкаларында «аялды түшүнүштүн кереги жок, аларды сүйүш керек ченеми жок» деген турмуш чындыгына бай жыйынтык ачылган. Болгону, бул китептеги ашыктык ырлары акындын тагдыры, басып өткөн жана багындырып жаткан жолдор, аралык, адамдардын ортосундагы тереңдеп бараткан ажырым аркылуу чечмеленет.

Жалпысынан бул китептеги ырлардын баарын тегиз мыкты деп айтууга болбойт. Бир топторунда ыр жазуунун техникасы жагынан чала иштелген жерлери көп. Айрым ырларда «кузгундар», «чөөлөр» сыяктуу трафарет салыштыруулар көзгө урунат. Кээде күчкө салып, жазыш үчүн жазылып калган ырлар деле жетиштүү. Алардын катарында автордун атасына арнап жазылган ырлары жана башкалар ошол убактагы чыныгы психологиялык абалдан эмес, уулдук же жарандык милдеттин жүгүнөн улам жазылгандай учурлар бар. Анткени чыныгы ырлар күтүүсүз келет, ээ-жаа бербей төгүлөт, бугуң менен кошо чыгат.

Ошентсе да жыйнактагы ырлардын басымдуу көпчүлүгү андай кемчиликтерден оолак, андан да маанилүүсү - жогоруда сөз болгон ар кыл тегиздиктерден талдоого мүмкүн болгондуктан, адабиятчыларда да астейдил кызыгуу жаратып, окурмандардын жүрөгүнөн да терең түнөк табат деген ишеним бар.

Таш бетиндеги тамчылар

(Марат Токоевдин «Сүртүмдөр» ырлар жыйнагындагы дзенчил жана синтоисттик эстетиканын эксперименттери)

Кыргыз поэзиясы өтө байыркы. Кылымдар бою 7-8 муундун ыргагынан, уйкаштын ыгынан чыкпай келаткан оозеки чыгармачылык «Манас» баш болгон гиганттарды, Жеңижоктун «Аккан суусу» өңдүү шедеврлерди жараткан. Аны элдин кабылдоосу да ошончолук байыркы болгондуктан кыргыз поэзиясы ар кандай жаңычыл көрүнүштөрдү өтө сак кабыл алып, көбүн өз боюна жуутпай, далайын агындыдай тышка серпип салган учурлар жетиштүү. 9, 10, 11 муун өлчөм мурдараак диний адабияттын, кийинчерээк совет мезгилинин күүсү менен кирип, азыркы кыргыз поэзиясынын ажырагыс бөлүгүнө айланганына көп болду. Антсе да бул поэзия жалпысынан өзүнүн кылымдар бою сыналган нугун өзгөртүүгө багытталган аракеттерди анча жактыра бербейт. Фольклордук формада болсо да ошол эле айтыш өнөрү кыргызда сөз эркиндигинин уникалдуу багыты катары эмгиче жашап келатканынын бир сыры да ушул.

Ошондуктан жаңы маданий агымдарды, багыттарды талдаганда элдин мындай узак тарыхый сындан өткөн эстетикалык табитине айып коюу туура эмес. Аны «алдыга кеткен» же «артта калган» нерсе катары көрсөтүү да жасалма түшүнүк, маданияттагы компрадордук позициянын бир түрү. Өзөгүнө жакын нерсени кыргыз окурмандары кабыл алып эле келген. Буга Табылды Мукановдун, Медетбек Сейталиевдин «сынган саптары», бир топторунун улуттук өзөктөн анча алыстабаган, мазмунду терең ойлорду эркин, бирок ички ыргагы бар формалар аркылуу берүү аракеттери өз окурманын тапканы жакшы далил.

Бул жагынан аудиториянын табити менен өнөр ээсинин

алакасы чебер ашпозчу менен сый тамакка келген адамдардын мамилесине окшоп кетет. Калемгер өзү үчүн жазганы – ашпоз өзү үчүн тамак жасап, өзү жеген менен барабар. Аны жарыкка чыгармайынча акын же жазуучу эмне жазса деле өз эркси. Бирок жарыкка чыгарары менен автор ошентип тамак жасап, анысын сынга коюп элди да дасторкон үстүнө чакырган ашпоздун ролуна өтөт. Мындайда «менин айтайын дегеним тигиндей эле, түшүнбөй коюшту» деген туура эмес. «Мен ушундай көрөм, чыгармачыл позициям ушул, аны түшүнбөсөңөр – силер түркөйсүңөр» деген кеп – «мага ушундай даам жагат, силер тамактын даамын билбейт экенсиңер» деп дасторкон үстүндөгүлөрдү айыптаганга тете.

Мында кыргыз окурманы көнүп калган, талап кылган уйкаш жана ыргак чеберчилиги – ошол чыгарманы таш чайнагандай кылбай, сиңимдүүлүгүн арттыруунун жолу. Албетте, ага чоң эмгек жана кылдаттык талап кылынары талашсыз. Дегеле поэзия тирүү турганда уйкаш менен ыргактын ролу эч качан таптакыр жок болуп кетпейт.

Бирок ар бир даамдын күйөрманы болгон сыяктуу эле ар бир чыгармачыл форманын окурманы, угарманы табылары чын. Азыр кыргыз ашканасынын ассортименти кеңейип, жалаң эле бешбармак жей бербей, мантуу, палоо деле жеп калбадыкпы. Бул жагынан алганда ошондой жаңычыл агымдарды карманган авторлордун жараткан чыгармалары элге канчалык даражада сиңимдүү болот деген талаш-тартыштар али алдыда. Канчалык даражада элдин жүрөгүнөн түнөк табары, анын күйөрмандары кимдер болору биз али билбеген, абдан көп факторлорго жараша аныкталат.

Ошондой эксперименттердин бири – акын Марат Токоевдин 2021-жылы жарык көргөн «Сүртүмдөр» ырлар жыйнагы. Автор бул китебинде кыргыз поэзиясын биринчи иретте жапон жана башка Чыгыш элдеринин эстетикасына жакындаткан. Ал канчалык даражада жемиштүү болгонун

айтыш үчүн акындын жүрөгүнө жакын жапон поэзиясынын айрым өзгөчөлүктөрү тууралуу азыноолак түшүнүк бере кетүү зарыл.

Жапон поэзиясында сөздүн көнүмүш маанисинде уйкаш жок. Буга жапондордун чоркоктугу же кесири эмес, тилинин өзгөчөлүгү себеп болгон. Антсе да биринчиден ички ыргак, экинчиден сөздөрдүн мааниси менен ойногон чеберчилик, үчүнчүдөн дзен жана синтоизм багытындагы эстетика бар.

Дзен деген эмне? Буддизмдин бир бутагы катары эсептелген бул окуунун мазмуну тууралуу узун сабак кеп кылса болот. Бизди кызыктырганы – анын эстетикасы турмушту дал өзүндөй, эч кандай кооздобостон кабыл алып, ошондон ырахат алууга үндөйт. Жаратылыштын өзүнөн, жөнөкөй нерселерден улуу ачылыштарды байкаган, «мына сага, өмүр бою издесем жанымда эле турбайбы» деген маанайды даңазалайт.

Демек, автордун:

Басёнун каргасындай жалгыздык
Шоңшойот жан дүйнөмдүн багында,
Жылаңач бутактары каржайып,
Суналган суз асмандын алдында, - деген саптарын түшүнүш үчүн Басёнун Акылбек Жуманалиев которгон:
Молойгон бутакта
Отурат жалгызсыраган карга.
Күзгү кеч, - деген хоккусунун маанайын сезиш керек болот. Ошондо автордун «Жалгыздык» аттуу ырындагы:
Асман бетинде сейилде
Ай орогуна илинип
Араң бошонду ак булут.

Улам-улам жолду карайм.
Көрүнбөйбү бир караан?
Кимди күтөм? Өзүм билбейм.

Өзүмдү өзүм алдап келем.
Үмүт менен жашап келем.
Неге күтөм? Өзүм билбейм.

«Эмне» эмеспи «Ким» дегеним?
Чын элеби деги менин

Күткөнүм бул? Өзүм билбейм, - деп үч саптарга эмне үчүн ыктаганы түшүнүктүү боло баштайт.

Ал эми синтоизм – Жапониянын байыркы дини. Кыргыздардын да ушул күнгө чейин жашап келаткан эзотерикалык түшүнүктөрүнө үндөш бул дин ар бир нерсенин жаны бар деп эсептейт. Синтоизмдин этикасы кенедей кумурскадан тартып эбегейсиз тоого чейин жандуу-жансызга тирүү, аң-сезимдүү нерседей мамиле кылууну талап кылат. «Чөптү кордосоң көзгө зыян» деген принципти түшүнгөн кыргыздар үчүн бул этика негизинен тааныш. Анын эстетикасы да ушундан келип чыгат: таштан баштап чөпкө чейин ар бир нерсе СЫЙГА жана суктанууга татыктуу. Жапон синтоизми менен кыргыз таанымынын үндөштүгү ушунда: адам – аврамисттик диндер айткандай Жаратылыштын ээси эмес, анын бир бөлүгү:

Мен өлгөндө жер болом,
Азык болом эң сонун
Курт-кумурска, чөптөргө…
Аз болсо да бул нерсе
Азайтаттыр күнөөмдү –
Курт-кумурска, чөптөрдүн
Жандары үчүн мен кыйган
Билип-билбей тирүүмдө.
(Марат Токоев)

Өткөндө акын Толук Бек Байзактын «Көчмөн дүйнө» ырлар жыйнагына карата макалада Аккан Суунун ошол контексттеги эки өңүтү – Деңиз жана Ысык-Көл тууралуу кеп кылдык. Кызык жери, жапон поэзиясы кайсы бир кубулушка эмес, анын деталдарына көбүрөөк көңүл бурат. Хокку, хайку жазган акындардын көбүнүн чыгармаларын-

да сууга байланышкан негизги объект – учу-кыйыры жок деңиз же ээ-жаа бербей шаркырап аккан дайра эмес.

Тыптынч жаткан көлмө же тамчы.

Эч кайда шашпаган, жымжырттыктан ырахат алып, тамчынын доошунан өмүрдүн кайталангыс жалгыздыгын, аялуу абалын көргөн бул сүкүт жапон поэзиясына абдан терең из калтырган.

Ошондуктан Сагын Акматбекованын керемет котормосундагы:

Ыргыды бака көлмөгө.
Чачылып кетти жымжырттык
Тунжурап жүз жыл турду эле, - деген Басёнун поэзиясы – күтүүсүз жерден көздү чайыттай ачкан дал ушул дзен эстетикасынын жемиши. Марат Токоевдин бул жыйнактагы:

Сууга чөккөн таштай чөгүп кетемин,
Убакыттын ой талыткан мейкинине.
Бул дүйнөдө «узак» жашап келгеним

Араң жарайт бир гана «чулп» эткенине, - деген саптары да ушул маанайды мезгил категориясына акцент коюп чечмелөө аракети.

Суу демекчи, дегеле Аккан Суу – жалпы Чыгыш философиясынын квинтессенциясы. Баарына ат коюп, катар номерин берип, санап, бир калыпка салып чыккан Батыш усулунан айырмаланып, Чыгыш адамы үчүн бир тамчыга экинчисин кошсо эки тамчы болбойт. Бир эле чоң тамчыга айланат...

Формаларды бири-бирине ооштуруп, форманы мазмунга, мазмунду формага өткөрүп турган кубулуш да суунун абалы. Буга келгенде жапон поэзиясында синтоизмди дзен философиясынан бөлүп кароо мүмкүн эмес. Экөө эриш-аркак болуп ыктуу кийишип калган. Сууга түшкөн ташпы, ага секирген бакабы, тамган тамчыбы – бир эсе сууну жандуу нерсе катары көрсө, бир эсе учурдун баалуулугун сүрөттөөнүн ыкмасына айланат.

Сөз болуп жаткан китептеги «Жалбыректар» аттуу ырда:

Айылдын эрке иттериндей
Ойношот кубалап машинелерди
Шаардын көчөлөрүндө, - деп кадимки эле бут алдыбыздагы жалбыректар кыска, бир шилтем менен мүнөздөлгөнүн, ошол эле учурда бир жандуу экинчи жандууга салыштырылган.

Автор өз жыйнагында бирде жанында турган итке, короодогу бакка, асмандагы булутка же жердеги көлчүккө карата ой жүгүртүп эле тим болбостон, аларга тирүү жан катары кайрылат же жан тартат. «Короодо өскөн жалгыз даракка» деген ырында ал:

Төрт тарабың сенден бийик дубалдар,
Күн шооласын тоскон сага жеткирбей.
Жалдырайсың аянычтуу, жетимдей –
Эч бир жан жок бул капастан куткараар.

Курчоосунда муздак бетон дубалдын
Элестеткен тунжуроонун эзүүсүн
Жалгыздыктын символунун өзүсүң
Катып калган тиктеп бетин асмандын, - деп бактын абалын тирүү жандын абалына салыштырат. Же кадимки эле биз көрүп жүргөн көлчүккө кылган мамилеси башкача:

... Асмандын үзүктөрү
Карарып жерде жатат.

Эмнеге ал умтулду
Жаан болуп төгүлүүгө?
Тапканы - адам буту
Санаа салган көңүлүнө.

Ырас, кыргыз поэзиясы тээ илгерки төкмөлөрдөн бери эле жаратылыштын көрүнүшүн адамдын абалын чагылдырыш үчүн ыктуу пайдаланып келген. Жеңижоктун:

Бакайырда жалгыз тал,
Баласы жок байкуш тал,
Жол боюнда жалгыз тал,
Жолдошу жок байкуш тал, - деп өзүнүн тагдырын жал-

гызсыраган бакка окшоштурганы армандын классикалык мисалына айланган. Бирок ар бир даректын өз арманы бар. Ар бир замандын да өз дарагы болот. Жеңижок өзү көргөн жалгыз талды баласыз кишиге окшоштурса, азыркы бетон дубалдын курчоосундагы дарак бизге замандаш адамдардын абалын элестетет.

Марат Токоевдин адамдагы ички маанайды берген ыгында да кыргыз кыртышындагы реалдуулукту көөнө жапон поэзиясынын каражаты аркылуу туюндуруу аракети байкалат.

Кышкы түндүн жанды талыткан
Узактыгын мурда сезбепмин.
Бош ордуңду колум сыйпалайт, - деген турмуштук психологизм бир эсе жапон хоккуларында көп айтылчу «жеңи көз жашынан суу болгон» ашыктардын ашкере сентименталдык абалын, бир эсе Кыялбек Урманбетовдун ажайып котормосундагы Баба Тахирдин:

Ойдо калар эстен кетпес ошо күн,
Оо, мас кылган олоң чачың, кош өрүм!
Түндө жатсам элесиңди кучактап

Эртесинде гүл жыттанат төшөгүм, - деп гениалдуу кынапталган саптарында айтылгандай абалдын бир өңүтүн «кыргызча» берип, жөнөкөйлөтүп, ошону менен бирге жанга жакындыгын тереңдетет.

Бул жыйнактагы ойлор да бирдиктүү, тегиз, чеберчилик менен жышылган ойлор эмес, жаратылышта таштардын өзү кандай болсо ошондой, табигый, жылт эткен маанай жана мазмун үзүндүлөрү. Маанай ойго, ой маанайга чөгөрүлгөн. Бирок шакекке салчу таштай өгөөлөнүп, тегиздетилип отурбастан кандай болсо ошондой калтырылган. Балким ошонусу менен баалуу.

«Мекениңе кайт», - дейт Улуулук.
Бирок кантип ага жете алам?
Өжөр жаным алсыз умтулуп
Көк асмандай болду көк ала.

Байкалып тургандай, бул саптарда адам мекенине кайтышы маанилүү экенин Улуулук өзү сүйлөп турат. Адам-

дын жаны өжөр, бирок күчү жок тура! Көк асманды биз чексиздиктин, улуулуктун жышааны, Теңирдин өзүнөн келген символу катары көрөбүз, бирок анын ала булут баскан абалын да аянычтуу нерсеге салыштырса болот экен. Ал эми төмөнкү ыр – өңчөй салыштыруулардан турган сүрөт:

Жер өлүктөй кепинделген ак карга.
Күн араң жан боз асманда үлбүрөйт.
Дарак суроо белгисиндей, а карга
Бутагында үтүр болуп үргүлөйт.

Бирок дүйнө издегенин акыры
Кубанычсыз бул суздуктан тапкансып
Мемиреп тынч. Айлананын ак ыры
Уйку менен дүйнө бетин жапкансыйт.

Каргалар үтүргө окшоп, жер кар менен кепинделип калган бул ырда жалаң табият тирүү жан катары каралса, адам менен табияттын ажырагыс байланышы бул китептеги «Кыш жана жаз» аттуу ырдан даана көрүнөт:

Кары кыштын алы жок алышканы –
Денесинде аз калган агыш каны.
А жаз болсо селкидей кыткылыктап
Кары кыштын намысын кытыгылайт.

Бушайманмын, өзүмө түшүнө албайм.
Ойлор жана сезимдер башаламан –
Кары кыштын демин таап жүрөгүмдөн
Жаздан коркуп, кайрадан жазды күтөм.

Мында алы кетип, «агыш каны» аз калган кыш да, селкидей тамашакөй жаздын намысты козгогон ойноктугу да, ошол эле учурда лирикалык каармандын «жаздан коркуп, кайрадан жазды күткөн» эки анжы абалы да - баары бар. Аныгында мындай абалдын сүрөттөмөсү кыргыз окурманына, кеңири масштабда карасак дегеле кайсы

окурманга болбосун чоочун эмес. Орто жашка келгенде көп эле киши кыштын демине көнүп, жаздын дымагынан чочулап калса керек. Айтса-айтпаса төгүнбү? Кайра эле ошол кайран Өтө Жеңижоктун:

«Кырда болот кызыл таш,
Кырктын өзү кыйла жаш.
Кыйла да болсо азсынат,
Кыялында жашсынат»... – деп баштаган ыры нак турмуш чындыгы эмей эмне? Ушундан улам, китептеги саналуу ашыктык ырлары да өтө лирикалык көтөрүңкү маанайда эмес, турмуштун жүгүн сездирип, тагдырдын мыйзамын, жолдун узактыгын, учурдун кылчайбаган кымбаттыгын, ошону менен бирге эле аяр сезимдин баалуулугун баса көрсөтүп турат:

Көздөрүң сенин – Жашыл арал,
Бейиштин төрү жомоктогу.
Тескери согуп тагдыр-шамал,
Отуз жыл сага жолотподу.

Адаштым башка аралдарда,
Чачылдым, сындым, кетип кейпим.
Издөөдөн сени чарчаганда
Капыстан сага жетип келдим.

Тескери соксун тагдыр-шамал –
Кайрууга болбойт жоголгонду.
Кыялда калсын Жашыл арал,
Бейиштин төрү жомоктогу.

Жалпысынан Чыгыштын мыкты адамы чыдамкай болот. Эмгектин эң оорун тандап, оңой жагына качырбай баары үчүн жоопкерчиликти мойнуна алып, өмүрдүн өтүп баратканын кээде гана бир жылт эткен ирмемдерден байкайт:

Билесиңби, мен көнүпмүн
Баш көтөрбөй жашаганга.

Жаз келгенин билдим бүгүн
Нөшөрлөгөн жаан жааганда –
Тамчылары алма-өрүктүн
Бариктерин күбүп бүтүн
Бут алдыма таштаганда.

Жапонияда Рёандзи храмы аттуу храм бар. Анда 15 таш жайгашкан. Келген адамга дайыма анын 14үү көрүнүп, бирөө көрүнбөй калат дешет. Ал таштарды эч ким жонуп, жышып, табигый формасын бузган эмес, тек кам көрүп гана коюшкан. Азыркы имараттарга жумшалган таштар көбүнчө зымырайып түздөлүп, бир стандартка салынган болсо, байыркы бир топ сепилдердин таштарын адамдар бири-бирине эптүү жалгаштырып, ошону менен ушул кезге чейин урагыс чептерди курушканы көрүнүп турат.

Ошондуктан баштапкы турпаты бузулбаган, кадимки таштардын бетиндеги жаан тамчыларындай жапайы, табигый эстетиканы көргүсү келген, шашылышы жок, шурудай тизилген системага эмес, деталдарга үңүлгөн окурмандар бул китептен өзүнө ылайык эстетикалык ырахат ала алат деп ойлойм. Ал эми жалпы кыргыз поэзиясына канчалык сиңээрин, кайсы жерине кандай из калтырарын Аккан Суудай болгон турмуштун өзү көрсөтмөкчү.

(19/02/2022, Стамбул)

Урунду муун, уурдалган жаштык

(Нуриза Өмүрбаеванын ырларындагы кыргыз миграциясынын жан маанайы)

Кыргызстан эгемендик алгандан бери элибиздин кыйла бөлүгү эмгек миграциясында тышта жүрөт. Муну жалаң эле экономикалык кыйынчылыктар эмес, калктын байыртан калыптанган менталитети менен байланыштаргандар да кездешет. Анткени кыргыз журту – көчмөн цивилизациянын типтүү өкүлү. Бирок азыркы миграция менен

илгерки көчмөн жашоонун ортосунда бир нече принципиалдуу айырма бар. Биринчиден, азыркы миграция кыргыздардын туруктуу ата журтунда жүрбөстөн, дүйнөнүн ар кайсы бөлүгүнө, анын ичинде эч качан көрбөгөн бейтааныш мамлекеттерге чейин жетип жатат. Экинчиден, көчмөн жашоо дегеле бул дүйнө жүзүндө тарыхтын өткөн этабы катары артта калгандыктан, Кыргызстандын өзүндө да, мигранттар барган өлкөлөрдө да адамдын жумушуна, жашаган жерине ж.б. байланган отурук турмуш үстөмдүк кылат. Үчүнчүдөн, азыркы мигранттар илгеркидей үй-бүлөсү, жерге-жээги, айыл-апасы менен кошо салтанаттуу, ырахаттуу көчпөстөн айла жоктон, көр оокаттын айынан, энеси баласынан, жубайлар бири-биринен, баласы атасынан бөлүнүүдө.

Ушул реалдуулуктун баарына байланышкан психологиялык абал, турмуш чындыгы кийинки жылдары эмгек миграциясында жүргөн акындардын чыгармачылыгында чагылдырыла баштады. Алардын бири – акын Нуриза Өмүрбаеванын колубузга тийип жаткан «Бейтааныш бекет» аттуу ырлар жыйнагы.

Баамчыл окурман бул китептеги лейтмотив – азыркы турмуштан улам келип чыккан алыстык, айрылуу, ажырым, сагыныч экенин илгиртпей түшүнөт. Автор үчүн замандаштары, жакындары да туруктуу бир жерде жашабаган, келгин куштар сыяктуу болуп калган:

Жетер жерге жетип эсен, Күн кармап,
кайтсаң экен адаштырбай ай-жылды.
Мен да алысты көксөп учуп ызгаарда,
узак жолдо канаттарым кайрылды.

Узадыңар көккө сиңип күүгүмдөп.
Бир күүгүмдө мен да алыска кетти элем.
Кайра кайтып келериңди ким билет?
Канаттуунун Мекени жок дешти эле...

Бул китептен көзгө даана урунган бир көрүнүш – автор ата мекенинин, үй-бүлөсүнүн, жакындарынын алдындагы

жоопкерчилигин өтө терең кабыл алып, жанында боло албаганына, жардам бере албаганына өзүн күнөөлүү сезгени байкалат. Ортодогу аралыктын таасири сезилет. «Сиңдиме» деген ырында мындай маанай акыркы жылдардагы турмуш чындыгы менен кошо жуурулушуп кеткен:

Чырагына чырак кошуп ааламдын,
чыбыктайым, Чынар болуп көктөдүң.
Жүрөк менен терметкенде балаңды,
бешик ырын тыңшап турсун Көк Теңир.

Жаккан отуң, жапкан наның, кемегең,
жарык берип, жандандырат бир үйдү.
...Сага арка-жөлөк, болор кезде мен,
алыстыгым, алсыздыгым билинди.

Мигранттардын мындай сезимтал жоопкерчилиги жогорудагыдай үй-бүлөлүк, туугандык байланыштарда гана биринчи планга чыгып тим болбостон, жарандык көз карашын да курчутуп, жекелик пландан жалпы элдик масштабга өсүп жетилүүдө. Ал журт башына күн түшкөн учурлардын баарында улут биримдигинин бир элементи болуп калды. Коронавирус пандемиясы болобу, табигый кырсыктар болобу, чек ара чатактары болобу – эмгек мигранттары каржылык да жардам берип, керек болсо дүйнөнүн булуң-бурчундагы маалымат согушунда да көмөк көрсөтүп келатышат. Ошондон уламбы, айтор бул китептеги Тажикстандын тажаал агрессиясынан кийин жазылган ырда ушул өкүнүч өлкөнүн тиешелүү жетекчилерине нааразылык менен кошо даана көрүнөт:

Өздөн чыккан душман болду хандарың,
өрт ичинен нан издеткен калкына.
Өмүр өңүн тааный элек балдардын,
көзүн көрөм Мекенинен жалкыган.

...Бир бириксең, миң чачылган жолдосуң,
кайран элим канат, калкан күтө элек.
Жарып өткөн жүрөгүңдүн толтосун,
жаратың көп... Кайсы бири бүтөлөт?!

...Ай көрүнбөй, асманыңда ый түнөп,
арман ырын ырдап турдук эчен күн.
Арсыз, арзан, жарыктары үлбүрөйт,
жылдыздары кайда кетти Мекендин?

...Ата журтум, өмүрүмдүн соңунда,
сага барып бүтөт бардык жолдорум.
Кечир мени, багыты жок жолуңда
жарык дагы, жылдыз дагы болбодум.

Жыйнактагы ырлардын бир топтору алыстан жазылган кат түрүндө берилген. Анысы курбусуна, калемдештерине, досторуна жазылган ырларда ортодогу аралыктын узактыгын туюндурат («а калганын кийинки катта жазам» деген өңдүү саптар да бар). Көп учурда ортодо эскерүү, жылуу мамиле, өткөн күндүн элеси гана калып, лирикалык каармандардын ортосун же символикалуу Деңиз, же убакыт, же эки башка жолго түшкөн болмуш бөлүп турат:

Ошол кыштын жылуулугун кеч билдим.
Арабызда азыр деңиз толкуну...
...Кечире албайт болчусуң сен эч кимди,
Мен эч кимди сагына албайт болчумун...

Сен билген ый жүрөгүмдү эзгенде
бир барууга, балким ичтен ардандым.
Мен жаркыган, мен толкуган кездерде,
сен деңиздин бир жээгинде каржалдың.

Арып-азып чарчаганда бул жолдон,
көп билинди катарымда жоктугуң.
Жаркылдаган жаштыкты ушул гүлгө окшош
уурдап бүттү орой тагдыр, от-кылым! (М.га)

Кыз-келиндер поэзиясы ашыктык темасынан алыстаган учурлар сейрек кездешет. Ал тургай андан башканы жазбаган, жаза албаган, жазгысы келбеген акын кыздар да көп. Бул жөн гана өзгөчөлүкпү же кемчиликпи деген талкуу - бүтпөй турган талаштардын предмети. Бир гана анык билгенибиз – кайсы тема болбосун акындын өз турмушу, башынан өткөрүп жаткан жагдайлар сөзсүз түрдө ага таасир тийгизери чындык. Ошондуктан Нуриза Өмүрбаеванын чыгармачылыгында да кеңири учураган бул багыттагы ырларда анын автобиографиялык сүртүмдөрү көзгө урунат. Бул ошол эле ортодогу аралыктын, түйшүк тартып өткөн жылдардын таасири:

Таштап чыктым күндөрүмдү бороондуу,
бул сапарым кайсы жерден токтомок?
Кетем бүгүн узатканым жок өңдүү,
кайтып келсем тосуп алчум жок болот.

Таштап чыктым жакын деген адамды.
Багым эле толбос дагы, кемигис.
Жолдор бөлүп, мезгил бөлүп араны,
жолукпаспыз, кааласак да эми биз.

Таштап чыктым жамгыр, карлуу калааны,
санаага бай, сараң эле жыргалга.
Айталбадым ушул жолдун азабын,
тагдырынан жеңил чыккан ырларда.

Китептеги ажырым адам менен Мекендин, адам менен Адамдын ортосунда гана эмес, азыркы замандагы адамдын өз дүйнөсүндө, анын ичинде бүгүнкүсү менен мурункусунун ортосунда да тереңдеп баратканын көрөбүз. Муну психологдор менен конфликтологдор ички чатак («внутренний конфликт») деп эсептешет. Адамдын өз турмушундагы бир зарыл ролу экинчи зарыл ролуна каршы чыкканда аргасыздан ички тирешүү күчөйт:

Турмушуңдан өзүңө алган жазаң бул —
туура чыкпайт кадамыңдын бардыгы.
Азыр мени көп ойлонтот качандыр,
мен жаңылткан адамдардын тагдыры.

Өткөнүмдөн өчпөй турган сөз калды…
Өрткө айлантты түшүнбөстөр ойнумду.
Аял болуп бул дүйнөгө көз ачып,
аялдарга азап берип койдумбу?..

… Азгырыгы, түйшүгү көп бул жолдун,
аягына кандай күндү жазды экен?
Мээримсиздик көп ыйлатты… Соорондум.
Мен кылчайбай койгон жандар кантти экен?..

Мындай өзүнө өзү терең үңүлгөн саптар окурманды кайдыгер калтырбайт. Ал көп учурларда лирикалык каарман менен кошо түйшөлүп, кошо ойлонуп, кээде болуп жаткан турмуштун жандуу баянын өз оозунан угуп жаткандай сезет. Поэзия үчүн бул кыйла чоң жетишкендик.

Ага тоскоол кылган бир гана жагдай - бул китепке кирген ырлардын айрым техникалык мүчүлүштүктөрү. Биринчиден, мындагы уйкаштар бири-бирине коошо бербеген, кээде такыр эле уйкашпай калган мисалдар көп. Мындайда ырдын даамын билген окурман чаап бараткан күлүгү мүдүрүлө бергендей, чайнап аткан ашынан таш чыккандай кыйналып кетиши мүмкүн. Экинчиден айрым сөздөр кайталанып, тажатып жибергендери да бар. Үчүнчүдөн сөздөрдүн муун өлчөмдөрү, кээде сүйлөмдөр бузулуп, уйкаш үчүн күчкө салынган учурлар да кездешет. Тилекке каршы, бул кеп болуп жаткан жыйнак үчүн эле эмес, кийинки муундагы көп эле калемгерлер үчүн да мүнөздүү көрүнүшкө айланууда. Анткени китеп басуу ишинин мүмкүнчүлүктөрү кыйла кеңейгенине карабастан, бир катар калемгерлер «шарт болуп турганда чыгара коеюн» деген

эски советтик шашмалыктан арыла элек шекилдүү. Андыктан жыйнакка жалпы эстетикалык баа берүү, өз табити үчүн ак-карасын иргөө жагын окурмандын эркине калтыралы.

Буга чейин миграциядагы тагдырлар, анын азыркы адамга тийгизген таасири прозада Нуриза Өмүрбаева өзү акын Нарсулуу Гургубаева менен биргелешип жазган «Кат турмуш» повестинде, акын Толукбек Меңдебаевдин «Көчмөн дүйнө» жыйнагында ж.б. бир топ кеңири чагылдырылган. Колубуздагы жыйнак бүгүнкү турмушубуздун ажырагыс бөлүгү болгон бул тенденцияны улантып, анын биз байкай элек кубулуштарын кыйла таасын туюндурганын кеп кылдык. Китептеги салыштыруулар, ойлор, коюлган проблематиканын өңүтү көп жагынан өзгөчө. Көп ырлар айрым сынчылар айтмакчы «жашап» жазылгандыктан, ыр ышкыбоздоруна терең психологиялык таасир этери да бышык. Ушул айтылгандардын баарын эске алганда, жыйнак сөзсүз түрдө сүйүп окуй турган өз аудиториясын табат деген ойдомун.

Өнөр деген өжөр күч

(Акын Илим Курмушуевдин чыгармачылыгындагы чындык менен чеберчиликтин гармониясы)

Ушу тапта коомдук турмуштун ар кайсы өңүттөрүнө, анын ичинде маданий тармакка күн санап күчүнө кирип бараткан социалдык тармактардын тийгизип жаткан таасири изилдене элек. Азырынча пайдасынан зыяны көп болуп, сөз эркиндиги ал үчүн кесипкөй жоопкерчилик тарткандардын монополиясынан чыгып, ар кимдин колундагы эркин микрофонго айланып баратканы көзгө урунат. Көбүнчө мындай башаламан формат тазалык менен ыпластыктын, чеберчилик менен халтуранын, тереңдик менен тайыздыктын чен-өлчөмдөрүн экинчи планда калтырып, коомдук аң-сезимге кыйла доо кетирүүдө. Анткени он ит

биригип үрсө бир адамдын үнү угулбай калат, таза менен кир кошулса көбүнчө кир тазарбай эле, тазалык кирдейт, кир жукпаса да бир топ зилдейт. Бирок жамандын арасынан атайылап жакшыны издегендер үчүн азыркы соцтармактардын пайдасы да бар. Дегеним, аздыр-көптүр эстетикалык табити болгон сөз ышкыбоздору үчүн мындай ит ашы кара буламык бозала массивден чыныгы акындарды, жазуучуларды, публицисттерди айырмалап алыш оңой болуп калды. Биздин замандын өзгөчөлүгүнө жараша ошондой шартта соцтармактан көзгө урунуп, соцтармакта жазып жүрүп, тилекке каршы арабыздан эрте бөлүнгөн мыкты акындардын классикалык үлгүсү - Илим Курмушуев.

Илимдин чыгармачылыгында көзгө даана көрүнүп турган үч өзгөчөлүк бар.

Биринчиси – улут үчүн күйгөн жарандык позиция, чындык үчүн күрөш, көкөйгө көк таштай тийген көрүнүштөргө жаны ачыган астейдил акындык мамиле. Чынын айтыш керек, кыргыздын башынан өтүп жаткан сыноолорду далай калемгерлер сапка тизип, кагаз бетине төктү. Бирок көбүнүн калтырган үлгүлөрү көчөгө илинген плакаттын стилинде супсак, жасалма болгонун да тана албайбыз. Мындайда чыгарма айныксыз ишенич жаратып, окурмандын жүрөгүнөн түнөк табышы үчүн автор чындап түйшөлүп, чындап толгонуп, коюлган теманы жан дүйнөсүнүн миң түрдүү элегинен өткөрүшү негизги шарт. Андан да башкысы – ошол чындыкты тайсалдабай кабыл алып, анын алдындагы жоопкерчиликтен качпай, окурманга жылаңач төөнү бучкакка чапкандай таасирдүү жеткире алууда. Илим үчүн бул абал типтүү көрүнүш болгонун билебиз.

Каран күн ай, кана ошол буудан Кыргыз?
Катындары кабылан тууган Кыргыз?
Кара таандай каптаган душмандарын
Кан кустуруп Каңгайга кууган Кыргыз?

Карыларын төрүндө баккан Кыргыз.
Кайгыргандын көңүлүн тапкан Кыргыз.
Чындык үчүн чыркырап күйүп жаткан
Чымын жанын садага чапкан Кыргыз.

Ынтымактан ырысын тапкан Кыргыз.
Ырыскысын ыймандын таткан Кыргыз.
Жардыларын жат элге жалчы кылбай
Жалгыз тонун үстүнө жапкан Кыргыз.

Кыз балдарын кырк үйдөн тыйган Кыргыз,
Кыз каадасын кырк үйдөн жыйган Кыргыз.
Кыздын бир тал чачы үчүн бөөдө түшкөн
Кыңыр иштин тамырын кыйган Кыргыз.

Сөз кадырын, сөөлөтүн билген Кыргыз,
Сөзгө жыгып, сөзгө баш ийген Кыргыз.
Аялдарын эркеги жубай кылып,
Аялдары эркекке тийген Кыргыз?

Кан Манастар калкынан качып жүрөт,
Каныкейлер денесин сатып жүрөт!
Сайкалдары сайрандап кытай менен
Саунада саксайып жатып жүрөт!

Алмамбеттер арактан өлүп жатат,
Ар-намысын айрандай төгүп жатат!
Айчүрөктөр абийрин ачып таштап
Ар өлкөдөн келгендер көрүп жатат!

Ак куланы араптар минип жүрөт!
Ак күбөнү арбактар кийип жүрөт!
Кошойлору кой союп элден уурдап
Коңурбайга кошомат кылып жүрөт!

Арманы, ыйы башынан ашкан элди,
Ар тараптан айласы качкан элди.
Кашык менен чогулткан кадыр-баркын
Кайсарлары чөмүчтөп чачкан элди.

Толо тойгон кардына корстон элди,
Тоо сатканга добушун кошкон элди.
Миң сом берип ,,кайнак суу куям» десе
Миңи барып көчүгүн тоскон элди.

Туура сөздү туура деп көнө албаган,
Туура жүргөн туганын көрө албаган,
Ыштанынан көрүнсө ырай, жүзү
Ычкырына асынып өлө албаган,

Абыкелер аң жакка баштап барат,
Арт жагына азабын таштап барат.
Кеңкелестер башкарган байкуш элге
Келечек муун көздөрүн жаштап барат!

Ырдын өзү мындагы келтирилген мисалдан кыйла узун. Антсе да мындай чоң үзүндү келтиргенибиздин жөнү бар. Көрүнүп тургандай, автор элинин өткөн күнүнө канчалык суктануу менен караса, азыркы ачуу реалдуулугун да ошондой эле кашкайта көрсөткөндөн качкан эмес. Кыргыздын мурункусу менен азыркы абалына бирдей көңүл бурулганы контрастты күчөтүш үчүн атайын жасалганы байкалат. Карама-каршылыктуу жагдайлардын тең салмагын сактап, эки жагын тең бирдей сүрөп отуруп драматизмин апогейге жеткирип, маселенин мынчалык курч коюлушуна жетишүү - айныксыз чоң акындын белгиси.

Автордун көп ырларындагы ойлору адамдыктын талабынан кайнап чыкканы көзгө урунат. Бул жагынан ал тиешелүү жыйынтыктарга башка бирөөлөрдүн жолун улагандан эмес, өз алдынча жеткен:

«Аш болбойт» акылсызга амал берсе
Ачылат арты бир күн, шамал келсе.
Колунан келбес иште моюндаган
Кокуйдун арсыздыгы жаман нерсе.

Жан дүйнө жалкоо болот ач калаарда,
Жандими жанын сатат аш табаарда.
Тишинин кирин соруп жашайт намыс
Тийгизбей кесепетин башкаларга....

Адамдын мыктысы дүйнөнүн өзүнө окшош, ар дайым өз алдынча жол чабат. Анткени дүйнөнүн агымы эч качан кайталанбайт. Муну индустардын акылмандары «Абсолют кайталайт, бирок өзү кайталанбайт» десе, тээ байыркы Гераклит «бир сууга эки ирет киргенге болбойт – кийинкисинде адам да башка, суу да бөлөк» деп коштой чапкан экен. Кыргыз баласы анын баарын «Аккан суу» менен «Дүнүйөдө» айтып эле келген. Антсе да ар бир доордун өзүнө ылайык чакырыктары бар. Өзгөчө биздин заман адам баласынын алдына мурда-кийин болуп көрбөгөн суроолорду койду. Алардын көбүнө жооп табыла элек. Атап айтканда, эркек менен аялдын ролу боюнча талкуу жыл өткөн сайын күчөп баратканын тана албайбыз. Анын тарыхый объективдүү да, саясий субъективдүү да себептери көп.

Илим Курмушуев кыргыз коомунда эле эмес, замандын өзгөрүшүнө жараша бүт дүйнө жүзүндө болуп жаткан талаш-тартыштарга жөнөкөй адам катары ой жүгүртүп, өз алдынча калыс бүтүм чыгарат:

Иттин ити «ичегиңди чубаган»,
Изиң көрсө ирип дүйнө күлаган.
Мынча неге байкуш болдуң адамзат
Мыскылдардан өмүрүңдү сураган???

Аял... эркек... кимдер алар? Адам да!
Анда эмес кеп! Алар койгон кадамда!
Ар кимиси өз кадырын билбесе
Ар кимиси өз алдынча жаман да!

«Мен аялмын,» «Мен эркекмин» дегендер,
Мээсин чукуп тирүүлүктүн жегендер!
Ким болсоң да түпкүлүгү адамсың
Ким болсоң да жол ээсисиң, кеменгер!

Ким болсоң да жоопкерчилик мойнуңда.
Кимдигиңди бетке тутпай койгун да!
«Адам» деген атың үчүн жооп изде
Ансыз аалам өзү дейди, жолбун да!

Дүйнө демекчи, «жер жарылса акындын жүрөгү аркылуу өтөт» деген сөз айтыла берип штамп болуп калды. Аныгында жарылган жердин баары эле акындын жүрөгү аркылуу өтө бербейт. Тамырына, жан дүйнөсүнө, баалуулугуна жакын нерсе гана чыныгы акындын жүрөгүнөн өтөт. Окурманга да ошонусу аркылуу жакшы жетет. Болбосо «акын деген бардык нерсеге сезимтал болот» деген зыяндуу стереотиптен улам дүйнөдөгү резонанстуу кырсыктарга, өзү маанисин түшүнбөгөн согуштарга чындап кейибесе деле «жазып коюш керек» деген принципке салып жасалма пафос менен станоктон чыгаргандай жалпы сөз менен урдурган калемгерлерди деле көрүп жүрбөйбүзбү. Тилекке каршы, андай жасалмалык жаңы жазып келаткандарда да, кыйла такшалып калган акындарда да кездешет. Бул жагынан Илим Курмушуев «жердин жарылганын жүрөгүнөн өткөрүүчү» сейсмоаппарат эмес, түшүнгөн кишиге кыска жашаган өмүрүндө конкреттүү улуттун жылаңач нерви катары колунан келишинче кызмат кылган. Мен мындай аныктамага эң ылайык келген ыраматылык Тургунбек Бекболотовдун поэзиясын билем. Турмуштун ачуу чындыгын мынчалык даана сезип, окурман журтуна ошол тейинде жеткирүү жагынан эң мыктылардын бири эле. Бул эки акын эки башка мезгилде, эки башка шартта

жашап өттү, түрдүү темаларды жазды. Бирок турмуштук проблематиканы чагылдыруу, ага болгон чынчыл мамиле жагынан бул эки акындын тандаган Жолу, алган багыты бирдей болгону экөөнүн чыгармачылыгын салыштырган кишиге оңой эле байкалат.

Илим Курмушуевдин ырларынын экинчи өзгөчөлүгү – чыгармачылыкка, анын ичинде поэзияга өтө жогорку деңгээлдеги мамиле кылганында. Илим акындын жүгүн эң сонун түшүнгөн. Анысын колуна калем кармаган замандаштарына арнаган, арасында өзүн кошо сындаган ырында мындайча туюндурат:

Жерде жатып Көктөн биз үн беребиз,
Чөлдө жатып көктөмдөн гүл теребиз..
Билсек дагы «гений» деп өзүбүздү,
Биз деген бир, баягы «биз» элебиз...

Өйдө туруп ободон кыйкырабыз,
Опол тоону ороодо кымтынабыз..
Ошентип биз ойлордон ооруксунуп,
Окулбаган бараkта жыртылабыз.

Пенделиктин сазынан чыга элекпиз,
Петефини жанынан уга элекпиз..
Назым менен түрмөдө жүз көрүшүп,
Байрон менен баарлашып тура элекпиз..

Жол ката кууп Жолонду, жете элекпиз.
Жолун улап Турардын кете элекпиз..
Шаркыраган ,,шапкечен» агындылар,
Шайлообектин сайынан кече элекпиз..

Көрүнүп тургандай, автор өзүнө да, өз доорундагы чыгармачыл муунга да кыйла сын көз менен карайт. Өзүнө чейинкилердин нукура баасын билип, али иштей турган нерсе көп экенин моюнга алуунун өзү – кесипкөй мамиле. Болбосо башка темада эки ооз ыр жаза элек жатып акындыгына басым кылган, өзгөчө жаштар поэзиясынын «балалык оорусун» деле көрүп жүрбөйбүзбү...

Ал акындыктын табиятына мындан да терең үңүлүп ки-

рип, Алыкул Осмоновдун тагдырына кызыккан ырында 30 жаштын символу болгон Ак Боз атты айтылуу акындын негизги белгисине айландырган:

Чакан үй, терезеси ачык калган...
Чачылган бөлмө... шамал чачып салган.
Чачылган баракгардын жан дүйнөсүн
Чачылган тагдыр чаңы басып калган.

Ушул үй улуулуктан курулгансыйт.
Ушул үй укмуш... түркүн кубулгансыйт...
Күтүүсүз өтүп калсаң, көчөсүнөн
Күрсүлдөп жөтөл үнү угулгансыйт.

Өмүрдүн Жыпарына канбай калган,
Өмүргө көптү берип, албай калган.
Ырларын толкундардан алган акын,
Ысык Көл жээгине азыр барбай калган...

Мезгилдин агымына чайып канат,
«Мен» деген жандар чөгүп, калып барат.
Бир адам минген Ак Боз арыш күүлөп
Мезгилге каршы жүрүш салып барат. .

Ак Бозду минген ээси акын эле,
Ал абдан Ата Журтка жакын эле.
Аз эле өмүр сүрүп кеткенсиген...
Аныгы - ден соолукка жакыр эле...

Жетимдик кийимин кийип, ашын ичип,
Жетпесе - жерге агызбай жашын ичип,
Балалык доорун дагы койгон дешет
Байкабай, башкалардан бачым ичип..

Ак Бозду 30унда баккан дешет,
Ак Бозго акын табы жаккан дешет.
Жээгинде Ысык Көлдүн жемин берип,
Жетелеп, далай суутуп баскан дешет.

Жазмыштын татаал жолун кезген дешет,
Жагынып жашагандан безген дешет.
Өлгөндө туруп кетип мүрзөсүнөн,
Өмүрүн таап алаарын сезген дешет.

Дүйнөнүн дүйүм сырын кош-кош ачкан,
Дүпүрөйт дүбүртү ар кыл, окшош атчан...
Аралап тобун бузуп баратканы -
Алыкул деген биздин Ак Боз атчан.

Чынында Алыкулдун тагдырына, чеберчилигине кыргыз поэзиясында көп эле акындар кайрылган. Бирок алардын эң мыктысы – Турар Кожомбердиевдин «От өчпөгөн коломто» поэмасы. Албетте, жанрдын өзгөчөлүктөрүнө жараша алп акын анда жалаң эле кейипкердин тагдырына эмес, дегеле чыгармачылыктын табиятына, көтөргөн жүгүнө, беттеген озуйпасына кеңири кайрылган. Бирок чакан поэтикалык чыгармалардын ичинен Илим Курмушуевдин бул ыры кыргыз классигинин портретин ошондой деңгээлге жеткире сүрөттөгөнү кокусунан эмес. Анткени күтүүсүз ойлор, кыска кайрыктар, бир-эки куплет менен чоң маселе көтөрүү жагынан да экөөнүн кредосу үндөш.

Акындын ырларынын үчүнчү өзгөчөлүгү – ашыктык темасындагы чыгармаларынын нагыз кыргызча тазалыгы. Чындап келсе нарктуулугу. Өмүрдүн өзүнөн чыккан, дал турмуштун өзүндөй жөнөкөй, астейдил лирикасы. Жашырганда не, жашы кыйлага барып калса да кыз-кыркын аттуунун баарына өпкө-жүрөгүн чаап, киндиктен ылдый түшүп кеткен чоң эле калемгерлердин одоно төгүндүлөрү нукура поэзиянын табиятына да, кыргыздын бийиктигине да коошпой, поп-музыканын арзан баа мисалдарындай одурайып турганы турган. Эми ошолорго төмөнкү саптарды салыштырыңыз:

Ак куум менин, ак булуттай жайкалган,
Асманыңдан арзуу жанып, Ай тамган.
Мен сени издеп Күндөй батып өмүрдөн
Мен сен үчүн Ак Таң болуп кайта алгам.

Мен бар жакка күндө сен да жөнөөрсүң,
Мен жалкыбай көнгөн жолго көнөөрсүң.
Мени тапкан тоолордогу зоолордон
Менин тапкан ырларымды көрөөрсүң.

Жол алыстыр... Жолго кетээр күн көптүр,
Жоргоң бузбай күндөп безип, түндөп жүр.
Майдаланып кеткен сүйүү чөлкөмүн
Махабаттын ыры менен гүлдөп жүр...

Бул саптардын чеберчилиги да, ичиндеги ойлордун сыйымдуулугу да, кыргыз кыртышына, улуттун түпкү тамырына жакындыгы да таң калтырат. Анткени кыргыз акындары башынан бери көңүлдүн ар кандай оош-кыйышын, асыресе ашыктык темасын табияттын түрдүү көрүнүштөрү аркылуу бергенге чоң уста. Илим Курмушуев ошол илгертен келаткан салтты улантып, көңүлүндөгү ышкысын жаратылыштын сөзү менен сүйлөп, тоолордун мамилеси менен туюндурат:

Баары жапжаш - аба жапжаш, суу жапжаш,
Баары шайыр, баары сага куракташ.
Түркөй адам таба албаган сөз менен
Түмөн ойду саймедиреп турат таш.

Баары жашыл - пейилдер да, көңүлдөр,
Жашыл бойдон өтөт тоолук өмүрлөр.
Сары көйнөк кийбейт мында күз деле
Саркеш Көктүн санаасы жок өңүн көр!

Тоолор - кербез, миң кыялдуу, бир сырдуу,
Тосуп алат бир маанайда миң түрдүү...
Тоолор менен сүйлөшө алуу - зор бакыт,
Тоолор – алптар, Ай, Күн менен тең курдуу.

Мээрбан тоолор сүйөт көңүл улашты...
Мээрим төгүп жүрөгүмдөн сылашты.
Башка сырым барк албайбы, ким билет?..
Баарын коюп сен жөнүндө сурашты.

Айтып бердим ашык кылбай, кем кылбай,
Адамзаттан жанды сага тең кылбай.
«Аман болсун ак куун» дешип шыпшынып
Аскалар да балкып турду мен тургай..

Жогорудагы ырларга керектүүнүн баары кирген. Автор алардын техникасын да так сактап, мүдүрүлтпөй жорго жүрүш менен тегиз алып өткөн. Ошол эле учурда ар кыл темалардын таптакыр башка өңүтүн ачып, ойлорун өзү туулуп-өскөн Алайдын мөлтүр кашка сууларындай тунук, даана бергенге жетишкен.

Түрктөрдүн мыкты киноактеру Хакан Бойавдын устаттарынын бири «Өнөр = чындык + көркөмдүк (чеберчилик)» деген формула иштеп чыккан экен. Илим Курмушуевдин чыгармачылыгында бул формуланын талаптары ашыгы менен аткарылган деп эсептейм.

Тилекке каршы, Илим Курмушуев аз жашады. Айылда күн өткөрүп жаткан калемгерлерге «элеттик акындар» деп атайын бир аз текебер боек сүртүп сүйлөгөндөрдөн айырмаланып, карапайым турмушта, жашоонун кайнаган чордонунда өмүр кечирди. Оргу-баргы мүнөзү, курчтугу, бетке чабарлыгы, кээде азоо жылкыдай ала качып, кээде ката кетирип, кээде көпкө жоголуп кетип тоолору менен сырдашып элине ыр куржунун көтөрүп келген өзгөчөлүгү менен эсте калды. Ошентсе да «эл акыны» атангандардын

кыйласын чаңында калтырып мыкты жазды. Ушунун өзү наам, атак, сыйлык сыяктуу сырткы атрибуттар чыныгы таланттын алдында шоона эшпей кала турганын далилдейт.

Анткени чыныгы өнөр - Илим Курмушуевдин өзүндөй өжөр нерсе.

(«Монпарнас» журналы, №9)

Проза

«Кат турмуштагы» өтмө катар реалдуулук

(Нарсулуу Гургубаева менен Нуриза Өмүрбаеванын эпистолярдык стилде жазылган китеби жөнүндө)

XX кылымдын аягынан тартып ушул убакка чейин Кыргызстандын эли адамдардын ортосундагы өз ара мамиленин, коомдук психологиянын өңүтүнөн караганда кыйла кызыктуу, олуттуу, терең өзгөрүүлөрдү баштан өткөрдү. СССР таркап, ага даяр болбогон эл кайда барарын билбей тамырын издеп ар жерге урунуп көрдү. Мурда жашыруун жүргөн бир топ маалыматтар ачыкка чыгып, көнүмүш система кыйрап, адамдар орун которуп, эл бир сыйра ичкиликке берилип, короолордо, подъезддерде баары бири-бирине сырын төгүп бакылдашып стакан кагышып отурган бир кызыктуу заман өттү. Андан соң адамдардын ортосундагы коммуникациянын боштугун диний ишмерлер ээлеп, элдин бир тобу ошол жакка да ооп кетти. Кийин чөнтөк телефондор чыгып, ага Интернет кошулгандан бери адамдардын арасындагы алака-катыш, коомдук пикир, саясий технологиялар соцтармактарга көчүп, чыныгы бетме-бет мамиленин бир тобу виртуалдык алака менен алмашты. Адамдардын ортосундагы жандуу байланыштын ордун техникалык каражаттар ээлей баштаган бул процесс азыр да ак-карасы аралаш жүрүп жатат. Ал кыргыз коомун

мындан ары канчалык терең өзгөрүүлөргө дуушар кылары азырынча эч кимге белгисиз.

Мына ушул бүгүнкү реалдуулукту формасы жагынан да, мазмуну жагынан да адекваттуу чагылдырган сейрек чыгармалардын бири – акын Нарсулуу Гургубаева менен Нуриза Өмүрбаева биргелешип жазган «Кат турмуш» аттуу китеп. Авторлордун өзү үчүн бул алардын проза жанрындагы алгачкы тажрыйбасы. Ошого карабастан, ага адистердин да, жалпы окурмандардын да назарын буруп, резонанс жарата кылган айныксыз үч жагдай бар.

Биринчиден, бул чыгарма проза багытында дал бүгүнкү турмушту таасын чагылдырган сейрек табылгалардын бири. Болбосо эгемендик заманы келгени жазуучулар журту тегеректе болуп жаткан өзгөрүүлөрдү кандай туюндурарын, ага кандай мамиле кыларын, баа берерин билбей алдастап калып, көбүнчө мурунку замандын баатырларына, детективге, мелодрамага кирип кеткенин көрүп эле жүрөбүз. Алардан айырмаланып, сөз болуп жаткан китеп так ушул азыркы заманды, анын оош-кыйыштарын, актуалдуу маселелерин кадимки турмушка аралашып жүргөн адамдардын көзү менен ичтен карап, болушунча реалисттик нукта мүнөздөгөн. Баалуулугу да ушунда.

«Кат турмуштагы» каармандардын ар бири - реалдуу жашоодогу прототиптеринен байкалган мүнөздөрдүн жыйындысы. Бир каарманда бир нече кишинин мүнөзү, кылык-жоругу, башынан өткөн окуясы типтештирилип берилген. Бул бир эсе адамга эмес, проблемага көңүл буруш үчүн жасалса, бир эсе чыгарманын сыймдуулугун, ырааттуулугун камсыз кылуу максатын көздөсө керек.

Экинчи өзгөчөлүгү жалпы окурмандарга караганда адистерге көбүрөөк кызыктуу болушу мүмкүн. Бул өзгөчөлүк – жанр маселеси. Анткени китеп эпистолярдык стилде жазылганынан тышкары, жанрлардын синтезин

пайда кылгандай таасир калтырат. Анда публицистиканын да, эссенин да, повесттин да белгилери бар. Маанайды туюндуруу жагынан юмордон тартып трагедиялык ноталарга чейин бардыгын камтыйт.

Үчүнчү өзгөчөлүгү да негизинен адабиятчыларды жана коммуникация адистерин кызыктырышы мүмкүн. Ал китептин композициясына байланыштуу. Чыгарма өз-өзүнчө диалогдор менен монологдордон (каармандар бири-бирине жазган каттардан) турат. Алардын ар бири өз алдынча чыгарма катары караса да, жалпы сюжеттик сызыктын бир бөлүгү катары караса да болгудай кылып жазылган. Бул авторлордон, айрыкча өз ара кызматташтыкта өнөктөшүп жазган калемгерлерден логикалык чоң чеберчиликти талап кыларын белгилей кетиш керек.

Китептин мазмунуна келсек, ага жалпы фон катары кызмат кылган турмуш чындыгынын эки чоң көрүнүшү бар. Алар чыгарманы баштан-аяк тепчип турат. Бири – жогоруда айтылгандай социалдык тармактардын ролу, андагы адамдардын, анын ичинде чыгармачыл интеллигенция өкүлдөрүнүн психологиялык портрети. Бул китептин аталышына да себеп болгон өңдүү. Анын бир мааниси каармандардын биринин жообунда ачылат:

«Катың аябай узун экен. Акыркы жылдары узун кат алуу кызыктай көрүнүп калбадыбы... Ошого таң калып окуп, таң калып кабыл алдым. Мен дагы деле илгеркидей айта турган сөзүңдүн башы бар, аягы бар узун каттарды жакшы көрөм. Азыркыдай абал сурашуу же маек эмес, кат. Ошондой каттардын бир балакети бар. Атайын сага жазылганына алданасың, өзүң атап бирөөгө жазып аткаңа алданасың. Маектешкен башка нерсе, узун, уз-ун кат жазган башка нерсе да. Кат менен кошо адамга ишенимиңди жибересиң, ишенимиңди бирөөнүн колуна карматасың. Мындай каттар аярлыкты талап кылат, аяр мамилени талап кылат, өзүңө да, кат жазган адамыңа да ишенимди талап кылат. Ошонусу менен

жагымдуу, ошонусу менен коркунучтуу. Болбосо, күндө эле сүйлөшүп атпайбызбы, бирок ошолордун баары кат эмес да. Суроо-жооп эле... Анын жарымы чын жүрөктөн төгүлгөн маек экенинен шегим бар. Ошого катыңды көрүп, таң калдым».

Экинчиси, балким андан да маанилүүрөөк жагы – каармандар өзү да аралашып, башкалардын да турмушу, тагдыры баяндалган эмгек миграциясынын таасири, андагы адамдардын азап-тозогу, сая кеткен өмүрлөр. Миграция деп жалпы айтылып, статистикалык көрсөткүчтөр жыл сайын үстөккө-босток берилгени менен анын артында канча адамдын өмүрү, үмүтү, өкүтү жатканын сыртынан туруп туя бербейбиз. Айталык, капитализмдин мазмунун Карл Маркс илимий эмгектеринде түшүндүрүп берсе, анын күнүмдүк чыныгы жүзүн Оноре де Бальзак өз чыгармаларында конкреттүү адамдардын психологиясы, жеке адамдардын трагедиясы аркылуу абдан кылдат көркөм чагылдырып чыккан жайы бар. Колубуздагы китеп ушул жагынан өз милдетин кыйла так аткарган. Анын бир көрүнүшү китептин башында айтылган каармандын биринин өлүмүнөн кийин көз алдыга даана тартылат:

«Алты жыл бир ресторанда идиш жууду, Күн көрбөдү, айына бир же эки жолу эле дем алып иштеди. Тапкан акчасына жаркырап деле кийинген жок, ойногон жок, күлгөн жок, эки жакты деле көргөн жок. Байкушум же бирөөнү сүйбөптүр же аны бирөө сүйбөптүр. Качан сүйүп, качан сүйүлмөк эле? Таңкы ондон түнкү бирге чейин идиш жууса, анан үйгө келип сенейип уктаса. Айына бир жолу дем алса... Сүйүүгө деле убакыт керек, күч керек. Ошол... Алты жыл идиш жууптур... Эстей турган болсоң, ушул сөздөр эле айтылат экен... Адам өлгөндө «жакшы адам эле» деп айтылат. «Бир да жакшы күн көргөн жок!» депчи? Айтылабы?! Мен Кудайды дагы жоготуп алдым... Кудай ушундай учурларда каякка кетип калат?...»

Айтмакчы, авторлор азыркы эмгек миграциясы кыргыз үй-бүлөсүнүн көнүмүш жашоо ыргагын бузуп, жалаң мигранттардын эсебинен жашаган ата-энелер, туугандар, жакындар көбөйгөнүн да сүрөттөшкөн. Чындыгында эле балдарынын алыста жүрүп тапкан акчасын куру дымакты көздөгөн айрым туугандары той-топурларга, кийим-кечеге, мүлккө коротушканын мигранттар өзү да айтып жүрүшөт. Аны адистер да белгилешкен. Балдары кылмыш дүйнөсүнө кирип кетсе да алар чоочун өлкөдө эмне кылып акча таап атышканы менен иши деле болбогон, эптеп эле алган акчасына каниет кылган ата-энелер четтен табылат. Китептеги балалыгы оор өтүп, жаштыгында көрбөгөн азабы калбаган каармандардын бирине абасы кымбат тон алдырып сыймык менен кийип жатканына жаны ачыган монолог муну жакшы туюндурат:

«Эсиңиздеби, былтыр абасы өзүнүн туулган күнүндө дубленка алдырып кийгени? «Мен 60 жылдык маараке мде элден кем калбай дубленка кийишим керек. Үйдүн улуусусуң, дубленканы сен алып беришиң керек», – деп Акберметке дубленка алдырып кийген. Ошол киши дубленканы кантип кийди, элге не деп кийди? Пол жууп жүргөн жалгыз бой энеге кантип дубленка алдырып, кантип ошону уялбай жонуна илди, билбейм. Неге жакшылыктарда, куда-сөөк-көбарарда, сый көрө турган жерлерде Акбермет үйдүн улуусу болбойт да, кемпир көмүлөрдө, өт алдырарда, дубленка алдырарда үйдүн улуусу болуп чыга келет?»

Албетте, китеп баштан-аяк аял затынын көз карашы менен жазылган. Бул да бекеринен эмес, анткени бул авторлор үчүн да, окурмандар үчүн да турмуш чындыгы. Жашырганда не, эмгек миграциясынын негизги жүгүн көптөгөн жылдар бою аялдар көтөрүп келди. СССРдеги эмгек менен камсыз кылуу, идеология системалары кулап, өлкө өз жолун издегенден тартып кыргыз эркектери кыйлага чейин өз ордун жоготуп, алдастап калганда үй-бүлөнүн басымдуу милдетин аял заты аркалап, ал тургай социалдык чоң күчкө айланды. Ошондуктан чыгармадагы диалогдор менен монологдордо көпчүлүк окурмандар

байкай бербеген жагдайлар, аял затынын жакшы-жаман кулк-мүнөзү, сырлары, түйшүгү, санаасы кыйла деталдуу ачылган. Ага баа берүүнү окурмандын эркине калтыралы.

Ошентсе да китепте коюлган маселелердин диапазону жалаң ошондой деталдар менен чектелип калбастан, абдан кеңири коюлган. Анда диндин салттуу эрежелерге тийгизген таасиринен тартып «Кудайга суроосу көбөйгөн» чыныгы философиялык ой толгоолорго чейин, үй-бүлөлүк жана жеке мамилелердин трансформациясынан тартып адамдык милдеттин салмагына чейин бүт бар. Айрыкча каармандардын бири атасынан айрылгандагы абалы ата салтын жерип, чет жактан келген диний талаптарга оой баштаган коомдун карама-каршылыктуу жагдайларын даана сүрөттөйт:

«Жерге берип салышыптыр. «Ыйлабагыла, эреже ошол» – дешти. Бул эмне болгон эреже? Кайдан, качан келген эреже? Бирөөнүн атасын күтпөй көөмп салган кандай эреже? Эскилердей болуп үч күн күтпөсүн, мейли, бирок жок дегенде толук бир күн күтүп турса болбойт беле? Бир күндөн айланамбы? Эки саат күтүп турса болбойбу? Качан, саат канчада барарыбызды баары билет эле го... Ал аз келгенсип, жакыныңды жоготуп, ичиң өрттөнүп, өзүң кошо өлө албай бүк түшүп турсаң: «Ыйлаба» – дегени, ыйлатпаганы эмнеси? Жакынын жоготкон адам кантип ыйлабай коёт? Кантип ыйлабай коё алат? Ишенесиңби, дагы эле кимди жаман көрүшүмдү билбей турам. Өзүмө кошуп дагы кимди жаман көрүшүмдү билбей турам. «Эреже» десе эле, баш ийип берген, ар кимди ээрчип кете берген элдиби? «Эреже» десе эле, мени, инимди, атамдын бир туугандарын унутуп калган, күтө туралы деп талап кылбаган туугандарымдыбы? Тагдырымдыбы? Тилектиби? Москваныбы? Кимди жаман көрөйүн? Жашоомдун кайсы бөлүгүн жаман көрөйүн?»

Китеп эки акын кыздын диалогу түрүндө жазылгандыктан анда адабий чөйрөнүн оош-кыйыштары

тууралуу пикир алышууга кеңири орун берилгени мыйзам ченемдүү. Андыктан соцтармактардагы чыгармачылыкка болгон мамиле, анын деңгээли үчүн болгон жоопкерчилик, элдин эстетикалык табити жөнүндө бир топ кызыктуу ой толгоолор учурайт:

«Сактан Фейсбук барагына: «Мындан ары жазбайм, чыгармачылыктан кеттим» – деп пост жазды. «Тез келген адам, ушинтип тез кетет окшойт» – деп ойлодум ичимден. «Туура кыласың, жазбай эле кой» – дегим келди аябай. Бирок, эл ага жеткирген жок. Анын да өзүнө ылайык күйөрмандары, окурмандары бар экен... Көпчүлүк: «Жаз эле жаз, сен жакшы жазасың, сен жазбасаң, кыргыз адабияты оор жоготууга учурайт!» – деп жаалап кетти. Биздин адабият ушунчалык кичирейип кетти беле же Сактан ошончолук чоң фигурабы, түшүнбөй калдым... Бирок, биз ыйык көргөн нерселерге адамдар ашканага кирип чыккансып эле мамиле кылып калыптыр. Шоу болуп атканы кейитти. Ага не? Ошол сөздү угуш үчүн, мактоо угуш үчүн жазган экен».

Чыгармадагы эки негизги каармандын бири кесиби жагынан мугалим болсо, бири котормочу. Ал жалаң кылмыш иштерин которгон ишканада эмгектенет. Ошондуктан китепте оор кылмыш кылган адамдын тагдырына, аны ошого түрткөн жагдайларга кеңири орун берилген. Кыздарды да, эркектерди да зордуктап өлтүрүп жүргөн кейипкер суракта отуруп балалыгында башынан өткөн азаптуу окуяларды, өзүнүн эле айылдаштарынын, жакындарынын көрсөткөн кордугун айтып берген соң конкреттүү ушул кылмышкердин жоруктарына жалпы коом күнөөлүү деген жыйынтык аргасыздан келип чыгат. Дегеле жыл өткөн сайын күч алып бараткан кылмыштардагы жалпы коомдун жоопкерчилиги, тазалануу зарылчылыгы – бул китептеги негизги лейтмотивдердин бири. Анын бир белгисин кыздарды зордуктаган уландардын туугандары күнөөнү жабыркоочуларга оодара салганынан көрөбүз:

«Жакшы бүлө болсо, баласы кыз зордомок беле? Үчөөнүн тең Москвадагы туугандары окуяны угуп, баары бөлүмгө келиптир. Коридордо катар отурганбыз. Эркектери зордукталган кызды ачык эле сөгүп, аялдары каргап атты. Кыз тез эле шуркуяга чыгып калды. Биринен бири озунуп: «Ал өзү бузулган кыз экен, ошол жерге өзү барыптыр» – дейт улам эле. Балдардын жоругу тууралуу сөз жок. Бузулган кызды зордуктай берсе болот деген түшүнүктү алар кайдан алганын билбейм, бирок баары кудум мыйзамда ошентип жазылгансып, ишенимдүү сүйлөп жатты. Ошончо кишинин окшош, бир кылка ойлонгону кыжырымды келтирди».

Демек, жыйнакта көлөкөдө турган, негизги маектештердин оозу менен сүйлөп жаткан башкы каарман – чындап келсе алар да эмес, Абийирдин өзү. Адам баласынын негизги салттуу регуляторлору болуп калган диний ишеним менен мыйзам талаптарынан айырмаланып, абийир дегениң даяр жоопторду бербейт. Миң алакетке салып, өзүңдү өзүң тыштан караганга, өзүңдү өзүң соттогонго мажбур кылат. Адамды адам кылып турган негизги белгилердин бири болгондуктан ал тууралуу маселе алмустактан бери козголуп келген. Тээ байыркы заманда эле Будда пайгамбар «Адам болуу кандай кыйын!» деп арттан шаңшыса, Чыңгыз Айтматов аны улай «Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу» деп алдыдан таңшып турганынын сыры ушул. Ошондуктан бул китепте даяр жоопторго караганда ар кыл өңүттөн коюлган суроолор, адамдык абийирге койгон тандоо арбын кездешет. Мугалим болуп иштеген кыздын үй-бүлөлүү адам менен болгон мамилеси үчүн ички түйшөлүүсү, өз сезими менен моралдык талаптардын ортосунда урунуп-беринген абалы чыгарманын кыйла бөлүгүн ээлейт. Ал ордунан тура албай калган ооруқчан орус кемпирди баккан ишинде да эки башка тилектин карама-каршылыгына кабылат:

«Дагы бир күнү кемпирди бастыруу жөнүндөгү оюмду Асылкүл эжеге айтып көрдүм. «Эмне кыласың, керек болсо өздөрү бастырып алсын, бастырбаса сага не?» деп жактырбады. «Бул басып кетсе, сен экөөбүз ишсиз калабыз, ошого мээң жетпейби?» – деп урушуп койду. Анын сөзүн угуп, биздин сөзүбүзгө түшүнбөй, жаткан жеринде бизди тиктеп жылмайган кемпирден уялып кеттим. Боорум ооруп кетти. Басып кетсем дегенде эки көзү төрт. «Көп баспасам деле мейли, ашканага, туалетке барганга жарасам болду. Жок дегенде таяк менен китеп текчеме басып барсам, үй ичинде эле басканга жарасам кана?» – деп кыялдангандан тажабайт. Ишсиз калам деп корккон мекендешимдин тилегинен кемпирдин басып кетсем деген тилеги чоң дагы да, таза дагы да. Басып кетсе экен, ылайым…»

Жогоруда айтылган өзгөчөлүктөрүнүн баары бул китепти кыргыз адабиятындагы уникалдуу көрүнүшкө айландырып, анын жарата турган резонансы тууралуу талкууларга жем таштайт. Анын тагдыры кандай болушу мүмкүн? Бул суроого жооп табыш үчүн маселенин маданияттагы эмес, таптакыр башка чөйрө болуп эсептелген экономикадагы аналогиясына кайрылалы.

Дүйнөдө экспортко карата эки башка мамиле бар. Жапонияда эң мыкты товарлар жапон элинин өзүнө кызмат кылат. Бул жапон өкмөтү өз элин сыйлаганынын белгиси. Башка мамлекеттердин көбүндө тескерисинче, эң мыкты өндүрүм четке чыгарылат. Дагы башкалары рынок өзү чечсин деп жайына коюшат. Дүйнөлөшүү жараяны тереңдеген сайын маданиятта да чыгармаларга карата ушул үч башка мамиле калыптанып калды. Айталык, кыргыз тарыхын кыргыздын көзү менен баяндаган, терең сырларын чындап кыргыз гана түшүнгөн Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылычы» ички аудиторияда улуттук аң-сезимге небак терең сиңген болсо, ошол эле теманы улай кыргыз

менталитетин конкреттүү фактыларга байланбастан, жалпылаштырып көркөм туюндурган Садык Шерниязды «Курманжан датка» фильми - негизинен тышкы аудиторияга багытталган «экспорттук» өнүмдү көбүрөөк эске салат.

Бул жагынан караганда «Кат турмуш» - ички аудиторияга да, тышкы аудиторияга да кызыгуу жарата турган көрүнүш. Кыргыз окурманы азыркы заманга бүгүнкү каармандардын көзү менен карап көрүп, анда коюлган маселелерге түйшөлүп ичтен тазалануу мүмкүнчүлүгүн алат. Ал эми чет элдик китеп ышкыбоздору ушул тагдыр чечер доордо кыргыз коому баштан кечирип жаткан көрүнүштөр менен жакындан тааныша алат. Андыктан коомдук резонансына жараша китепти жок эле дегенде орус жана англис тилдерине которуу зарыл деп эсептейм. Анткени эмгек миграциясы, дүйнөлөшүү, ага байланышкан адамдык тагдырлар, гуманитардык маселелер – ушу тапта кыргыздын эле эмес, көп эле элдердин башында турган жагдай.

Китептеги эпизоддордун баары эле баштан аяк кызыктуу болот деп айтыш кыйын. Айрымдары аялдар аудиториясына, айрымдары чыгармачыл чөйрөгө гана актуалдуу болушу толук мүмкүн. Антсе да баарыбыздын эле башыбызда турган «кат турмуштун» жарык көрүп жаткан кыйла чебер сүрөттөмөсү кыргыз окурманынын жүрөгүнөн татыктуу түнөк табарына ишенем жана авторлордун мындан аркы чыгармачыл эксперименттерине чын дилимден ийгилик каалайм.

Кыргыз аялдарынын дүйнөсү Топчугүл Шайдуллаеванын чыгармачылыгында

Эгемендик жылдарында кыргыз көркөм адабиятынын ичинен проза багыты анча өнүкпөй келатканын көптөгөн адистер белгилеп жүрүшөт. Жазылгандары көбүнчө тарыхый инсандарга арналып же детектив жанрында окурмандын күнүмдүк гана муктаждыгын канааттандырууга

жарап келатканы, идеялык же эстетикалык табитти канааттандыргыдай олуттуу темалар көтөрүлбөй жатканы да айтылууда. Ушул жагынан алганда дегеле дүйнө адабиятындагыдай эле Кыргызстанда да аялдар прозасынын потенциалы кыйла чоң. Анткени биринчиден аял авторлор салттуу түрдө күнүмдүк турмуштагы нерселерди, эркектер анча элес албаган көрүнүштөрдү жазуу жагынан чебер келишет. Экинчиден аялдар – адам баласынын, демек кайсы коомдун болбосун тең жарымы.

Топчугүл Шайдуллаева – кыргыз адабиятына салыштырмалуу кеч кошулган автор. Ал аңгеме жанрында жазат. Бул жанрдын азыркы заманга ылайык бир өзгөчөлүгү – тез окулуп, аудиториянын аң-сезимине бат сиңет, окурманды кыйнабай, ошол эле учурда чакан көлөм менен белгилүү бир идеяларды, проблемаларды козгой кеткенге ыңгайлуу. Айрыкча маалымат өтө эле көптүк кылган Интернет доорунда окурманга чыгарманы жеткирүүнүн актуалдуулугу артты. Айрымдар айткандай сөзсүз көлөмдүү чыгарма жазганда гана чоң жазуучу деп эсептелет деген стереотипти бул автордун чыгармалары четке кагууда.

Топчугүл Шайдуллаеванын чыгармаларын бириктирип турган жагдай – дээрлик баарында кыргыз аялдарынын, айрыкча айылдык аялдардын тагдыры, көйгөйү, мүнөзү, түйшүгү чагылдырылат. Экинчиден көбү турмуштан алынып, ошол эле учурда кыйла актуалдуу социалдык маселелерди козгойт, окурманды ошолордун тегерегинде ой жүгүртүүгө мажбур кылат. Үчүнчүдөн баарында болбосо да кыйла бөлүгүндө мыкты чыгармаларга мүнөздүү болгон өтмө катар маанилер, улам ар кайсы өңүттөн ачылган көрүнүштөр чагылдырылган.

Төмөндө автордун 20га жакын аңгемесинен байкалган айрым жагдайлар, аларга карата мүнөздөмө жана сын пикирлер баяндалган. Алардын баары толук илимий негизде эмес, окурман катары кадимки эле формалдуу логиканын жана жекече табиттин базасында талданган.

«Балакана»

Кыргыз аялынын уялчаак, чыдамкай, көп жагынан баео образы жакшы берилген. Баш каармандын психологиясы бир топ жакшы ачылган. Бирок эркек бала аны түйшөлтүп жаткан нерсеге анчалык эле терең ой жүгүртүп жибериши бир аз шек жаратат. Бала апасына күйөрү чын. Антсе да бул оорунун маанисине аял башкача, баласы башкача мамиле кылат эле деп ойлойм. Кыргыз баласы адатта өз оюнда да мындай темаларга киргенден уялат, эркек балдар үчүн апасынын андай маселелери тууралу сөз кылуу да, ой жүгүртүү да табу. Аңгемедеги сөз болуп жаткан нерселер кыргыз окурманы үчүн кыйла жаңы тема. Андыктан аны чочутуп албаш үчүн анчалык натурализмге баруунун деле зарылдыгы жок. Албетте, эротикадан тартып натурализмге чейин көнүп калган азыркы кыргыз окурманына да, чет элдик окурманга да бул теманын ушундай өңүттө коюлушу кыйла кызыктуу болушу мүмкүн. Анын окурмандары да табылаары чын. Бирок Төлөгөн Касымбеков кыргыз менталитетин Батыш менталитети менен салыштырып айткандай, ачып кое турган жана жаап кое турган нерселер бар. Кеп аңгеме кайсы аудиторияга багытталганына жараша болот.

«Намазшам гүл»

Баш каармандын башынан өтүп жаткан окуялар жакшы ачылган. Маселе негизинен туура коюлган. Кыргыз коомунда акыркы жылдары болгон окуялардан улам аял заты орустар айтмакчы «я и лошадь, я и бык, я и баба, и мужик» болуп атканы эч кимге жашыруун эмес. Аялдарга абдан чоң күч келип атканы чын жана бул абдан чоң коомдук маселе. Бирок бул чыгармада сүрөтттөлгөн өзгөрүүлөр өтө эле аша чаап, кыйла гротеск менен берилген. Анткени коюлган маселе туура экенине карабастан, баш каармандын башынан өткөнчөлүк өзгөрүүлөрдү кыргыз аялдары

үчүн типтүү деп айтканга болбойт. Баары бир канчалык башынан кыйынчылык өтсө да, кандай жумуш кылса да аял заты аял затына тиешелүү, жок эле дегенде аны тааныта турган белгилеринен ажырабай эле жашап келатат. Ал тургай совет мезгилиндеги андан катаал турмушту баштан кечирген аял заты деле антип өзгөрүп кеткен эмес. Эгерде автор маселенин коюлушу үчүн ушундай күчөтмө ыкмаларга барган десек, анда туура. Бирок реалдуулуктан алыстап кеткен болот.

Ошондо да эки нерсени эсепке алыш керек. Таптакыр эле аңгемедегидей эркек мүнөз күтүп калган аялдар психологиялык жактан деле анчалык кыйналмак эмес. Сөгүнүп-сагынып, баарына орой мамиле кылып калгандары өз башына келген кыйынчылыкка деле ошондой эле мамиле кылмак. Экинчиден, эркекке айланганда деле башынан ошондой оргу-баргы тарс-турс жүргөн, эркек мүнөз аялдар көбүрөөк айланышы мүмкүн. Мурда уяң мүнөз күткөндөрү кийин канчалык орой түргө өтпөсүн, аял экени адатта баары бир тааныпып эле турат.

«Айгүл Тоо»

Айгүл Тоонун тегерегиндеги коомдук окуялар документалдуу чындыктан алынган. Экологиялык проблема жакшы коюлган, жаратылыш менен адамдын ортосундагы сырдуу байланыштын психологизми жакшы берилген. Сюжет да, композиция да кыйла кызыктуу. Бирок айрым жерлеринде ынандыра бербеген жактары бар.

Апасын көтөрүп бараткан Азимдин образы жакшы берилген. Бул уникалдуу сцена, чет элдик окурмандарынын арасында ага суктангандар да болушу мүмкүн. Ага эл арасындагы динге байланышкан уламыштар себеп болгону көрүнүп турат. Бирок ошентип апасынын көңүлүн караган бала анын сезимине да аярлык менен карайт болсо керек деген ой бар. Апасынын гүл тууралуу айткандарына көңүл кош караган бала аны көтөрүп барарына деле анча ишенбейт экен киши.

Бүажар башы менен ташка тийип жарадар болсо бир жөн болмок. Бул чындыкка көбүрөөк окшойт. Сөзсүз эле аңгемеде көрсөтүлгөндөй жарадар болушу бир эсе күмөн жаратса, бир эсе иренжитет.

Мен Баткенге барып Айгүл Тоодогу гүлдөрдү көргөнүм жок, бирок Интернеттен сүрөттөрүн, видеолорун кыйла көрдүм. Канга окшоп кыпкызыл болгон бир да гүл көрө алганым жок. Кызыл деп айтыш кыйын. Ал тургай пионер жагоосундай да кызыл эмес. Баары кочкул сары. Аны кан менен ассоциация кылыш үчүн сөзсүз кызыл кылып деле кереги жок.

Физкультурник жигиттин өлүмүнө чын эле сүйлөшкөн кызына жаккысы келгени себеп болгону так эмес. Ал же так айтылышы керек, же энесинин гана оозунда калганы жакшы. Эл болсо таң калган бойдон калса ишенимдүү болмок. Бирок жалпысынан окуянын өнүгүшү жана чечмелениши да көп маселени козгоп турат.

«Атлес көйнөк»

Түштүк колорити жакшы берилген. Кичинекей кыздын атлес көйнөккө кызыгуусу, окуяны сүрөттөөдөгү деталдар жакшы ачылган. Кийимди кызына энеси эмес, атасы алып берип жатканы таң калтырат, бул да жергиликтүү менталитеттин өзгөчөлүгү болсо кызыктуу жагдай. Бирок окурман үчүн түшүнүксүз бойдон калган суроолор бар. Кыз кийин атлес көйнөктөрдү кийгенде эмнеге атасын элестетип алып жагымсыз болду? Анын атасынын акчасын уурдаткандагы корккону жакпадыбы, же ага чейин урушканыбы? Ага өзүн күнөөлүү сездиби? Же кийин так ошондой көйнөк таппай койдубу? Ушул жактарын ача кетсе жакшы болмок. Экинчиден бул аңгеме эмне максатта жазылганы түшүнүксүз. Анын максаты эмне?

«Гилемчи»

Кол өнөрчүлүк жана өнөр адамдары, алардын тагдыры, мээнети, түйшөлүүсү, турмуштагы өзгөрүүлөр тууралуу эң мыкты чыгармалардын бири. Бул боюнча фильм тартса

да болчудай. Аңгемеде килем токуган аялдын кылган иши, анын өзгөчөлүгү, ага кылган элдин мамилеси, өзүнүн образы жакшы ачылган. Айрыкча соода-сатык заманы келип килемчилик четке сүрүлгөнү, далай кесиптер өзгөргөн доордун сүрөтү абдан жеткиликтүү берилген. Окурман үчүн да кызыктуу, чыгармачыл чөйрөдө жакшы кабыл алынаары шексиз.

Бир гана жери – килем деген сөздүн жазылышында ката кеткен. Адабий тилдин нормасын сактабасак кийин кыргыз бирин бири түшүнбөй кала турган күнгө жетебиз. Ошону оңдоп койсо эле мыкты чыгарма.

«Чыныгүл»

Автордун эң мыкты чыгармаларынын бири. Жесир калган соң айыл аксакалдарынын айтканына каршы албай улам бир чалга турмушка чыга берген, аларды аяп кетип кала албай кам көрүп жүрө берген, аягында өз уул-келининен жылуу сөз укпаган кемпирдин образы – кыргыз адабиятындагы сейрек табылгалардын бири. Аңгеменин негизги баалуулугу – жеке бакыт менен тар чөйрөдөгү коомдук пикирдин, жеке бакыт менен бирөөнүн бактысын ачуу зарылдыгынын, жеке бакыт менен салт-санаага жамынган калыстыктан алыс микросистемалардын ортосундагы карама-каршылык абдан жакшы, эч кандай эпатажсыз, жөнөкөй эле турмуштук сүрөттөө аркылуу ачылып берилгенинде.

Экинчиден кыргыз аялзатынын көптөгөн сапаттары да Чыныгүлдүн образы аркылуу жакшы чагылдырылат. Өз оюн ачык айта албаган уяңдык, абройлуу деген кишилердин айтканына каршы чыгып өз бактысын талашуу жөндөмүнүн жетишсиздиги типтүү көрүнүш болуп келгенин тана албайбыз. Бул чыныгы аял затына таандык сапат дайыма эле аял затынын бактысына иштей бербей тургандыгына далилдер көп.

Бардык системалар сыяктуу эле, салттуу көз караштардын ичинде да келишкис карама-каршылык бар. Чыныгүл кемпир айыл аксакалдарынын айтканынан чыга албай турмушка чыга берсе, уулу ошол эле салттуу көз караштардын айынан анын улам бир эрге тийип жүргөнүнө арданууда. Эгерде аксакалдардын сунушунан баш тартып койсо деле салтка каршы чыкты деп эч ким аны күнөөлөмөй алмак эмес. Демек кеп жалаң эле салтта эмес, дегеле система менен жеке адамдын ортосундагы карама-каршылыктын ар кандай өңүттөрүнө барып такалат. Кеп адам өзүнө ошол системанын кайсы өңүтүн тандап алганында.

Автор эне менен уулунун ортосундагы түшүнбөстүктү да, өмүрү ушундай турмушта өткөн кемпирдин абалын да абдан жакшы сүрөттөгөн.

Маселе абдан туура өңүттө коюлган, анткени биринчиден ал кыргыз коому үчүн жаңы нерсе эмес. Убагында залкар жазуучубуз Чыңгыз Айтматов да айылдагы коомдук пикирдин басымынан улам кор болуп жүргөн аялдын тагдыры тууралуу жердештерине ачык кат жазып, ачуу сындаган жайы бар. Коомчулуктун бир даары эмгиче каршы болгон «Жамийланын» жазылышына да ошондой көрүнүштөр себеп болгон шекилдүү.

Аңгемеде уулунун аты айтылбайт, ролу энесине нааразы болгон келинге каяша айта албаган көңүлсүз маанайында гана көрүнөт. Калган окуялардагы ролу бүдөмүк. Бул да бекеринен эмес. Биринчиден, кайтып келген энесин таптакыр эле аялынын жемесине салып бергенге көңүлү кыйбайт, экинчи жагынан чын эле энесине болгон таарынычы да бар. Баласы болжол менен орто муун. Кыргыз коомунда дегеле аял затын канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай калыс сөзүн айтып коргоп кала турган тарап – орто муундагы эркектер. Бирок алар өзүнүн ошол функциясын толук аткарбай, пассивдүү ролго өтүп алгандыктан кыргыз коомундагы аял-эркек мамилесине байланыштуу көп маселелер адилет чечилбей келатканы да чын.

«Абысындар»

Аңгеме бүтпөй калган. Жаш келин менен ага үйлөнгөн абышканын нике түнүн аңдыгысы келген абысындар качып кеткенден кийин автор эмне айткысы келгени белгисиз. Аңгеме абысындардын образын да ача алган эмес, жаңы түгөйлөрдүн ортосундагы мамиленин да уландысын көрсөткөн эмес. Ортосунан чорт үзүлүп, шашылыш аяктагандай элес калтырат.

«Долу»

Бир эсе күлкүлүү, бир эсе турмуш чындыгынан алынган, бир эсе ойлондуруучу аңгеме. Абышкасына таарынса эле дарыяга агып өлөм деген долу кемпирдин образы, анын артынан эч ким келбей койгондогу психологизми абдан жакшы берилген. Абышкасына ыраазы болгону, анын баркын билгендеги ойлору кыргыз наркын абдан жакшы сүрөттөйт. Адам баласынын жаратылыш менен болгон символикалуу байланышы да мыкты табылга.

«Кара жаздык»

Аңгеменин сюжети кызыктуу, бир эсе мистикалык десе болгудай окуялардан турат. Күйөөдөн жолу болбогон, кимге тийсе, ал тургай кимди жакшы көрсө улам бири кайтыш боло берген аялдын образы, ага карата айылдаштарынын эки башка мамилеси жакшы сүрөттөлгөн. Кызматын баары пайдаланып, бирок ырымынан баары корккон бул аял баарына чыдайт. Кайсы бир жагынан фатализм жыттанган бул чыгарма тек гана тагдырдын тамашасына көңүл бурбай, анын шартындагы адамдын психологиялык абалын, өз тагдырынан өзү качкысы келген аракетин, айылдаштарына жана тагдырына болгон таарынычын жакшы ачып берген. Каармандын андан наркы тагдыры атайын ачык калтырылган, бирок ошол туура. Аялдын жашоосундагы бир этап эмнеси болсо да бүттү, эми кийинкиси башталат жана ал таптакыр башка кеп. Эгерде сүрөттөп

кете берсе узарып кетмек жана кызыгы кетип калмак. Ал ошентип ачык калганы менен окурманды кызыктырган бойдон калтырат.

«Кара туман»

Аңгеменин сюжети өтө кызык, күтүүсүз жагдайлары көп. Аксак кошунасы келип жүргөн азиз келин туманда сөзүнөн алдырып анын аялына билинип калат. Чындыгында туман бул жерде эки кызмат аткарат. Биринчиден, ал андан аркы окуяларга себепчи. Анткени ширеңке сураганы кошуна келин келбесе айып ачылат беле, ким билет. Экинчиден, туман – бул ошого чейин эле болуп жүргөн окуяларды жашырып жүргөн күч сыяктуу. Тескерисинче, тумандан кийин жүз сыйрылып, бет ачылганы турат. Үчүнчүдөн туманды тиги аксак жигит менен азиз келиндин жашыруун бактысына, соо келиндин тынч турмушуна кол салган символикалуу күч катары да караса болот.

Ошентсе да аңгемеде реализм жагынан аксап турган айрым жагдайлар бар. Мисалы, түн киргичекти бир топ бар экенин көзү көрбөгөн келин билиши шек жаратат. Мындан тышкары, эгерде келин көчөдөн келген кишинин жыты жана дабышы башка экенин билсе эмнеге жигиттин атын атады деген да суроо туулат.

Жалпысынан автордун кызыктуу аңгемелеринин бири.

«Келин таш»

Мифтик сюжет аралашкан, эзотерика менен мораль карама-каршы коюлган окуяны негиз кылган, кызыктуу аңгеме. Кайнатасынын каргышына калган келин ташка айланып калганы тууралуу уламыш далайынын үшүн алып, окуянын каармана катуу таасир этет. Үйүндөгүлөрдүн адилетсиз мамилесине кабылган өнөрлүү келин акыры акыл-эсинен адашып тынат. Келин таш – ошондой адилетсиз мамилеге да чыдоого аргасыз кылган психологиялык факторлордун бири, келиндердин үстүнөн карап турган символ. Андай уламыштар адатта алда канча негиздүү окуяларга таянат. Мисалы, кайнатасын чын

эле аябай кор туткан келиндер тууралуу уламыштар бар. Бирок аңгемеде так ушул каргыш менен адилеттиктин карама-каршылыгы тууралуу эл арасындагы аша чапкан түшүнүк жакшы ачылган. Анткени кыргыздын туура түшүнүгү адилетсиз каргышка маани бербейт. «Бөөдө каргыш бөрүгө тийбейт» деген кеп бар. «Каргышың кара башыңа» деген жооп да бар. Тилекке каршы, мисалы ала качууга туш болгон кыздар да ушундай «келин таштын» курмандыгы. Болбосо кыргыздын каргыш жөнүндө туура түшүнүгүн негиз тутса босогого жатып алмак тургай тизилип алса да аттап туруп үч түкүрүп баса бермек. Же өздөрүн каргап жатып кутулуп кетмек. Бул эми учуру келгенде айтылган сөз.

Келин ташты жок кылгысы келген келин аны жок кыла албай калган трагедиясы бир чети туура берилген. Анткени андай түшүнүктөрдүн үстөмдүгү кете элек. Чындыгында ташта эч кандай деле күнөө жок. Балким бул окуя турмуштан алынган жана чындыгында эле ошондой аяктаган болушу мүмкүн.

Бирок кыргыз тарыхы далай «келин таштарды» талкалап чыгып кеткен Уркуялар менен Курманжандардын мисалын да билет. Эгер андайлар болбосо совет мезгилиндеги аялдарды эркиндикке чыгаруу өнөктүгү мынчалык ийгиликке жетмек эмес.

Демек аңгеменин финалына эки башка өңүттөн караса болот. Эгерде элге үлгү бергиси келсе келин таш биротоло элге дүң болуп талкаланганы же ага жеткирбей эле абышка кечирим сурап, келиндин астына түшкөнү туура болмок. Кыргыз совет маданиятында андай үлгүлөр да бар, балким андан алда канча жана негизсиз аша чапкандары да кездешет. Мисалы, Чыңгыз Айтматовдун «Биринчи мугалими» боюнча тартылган фильмде мугалим Дүйшөн эч кандай күнөөсү жок эле ыйык бакты балталап кирет. Экинчи да вариант бар – келин ырдап чыгып, эл алдында өнөрү менен таанылып, бактысы ачылышы да мүмкүн эле. Эгерде кайсы бир катаал реалдуулукту бергиси келип,

маселени ачык калтырса азыркы варианты да туура. Бирок анда аша чапкан уламыштарды айткандардын ою туура болуп чыгат, анда окурманда туура эмес жыйынтык келип чыгат. Азыркы турпатында мындай финалдын пайдасынан зыяны көбүрөөк.

Учуру келгенде айтыла кетчү сөз бар. Чолпонбек Абыкеевдин «Ай менен жарышкан автобус» деген чыгармасы белгилүү. Турмуштун оорчулугунан улам ичип кетип, бирок аялына өчөшүп жатып улам бир туура кадамга барып оңолуп кеткен мурдагы аракечтин окуясы абдан кызыктуу баяндалган. Убагында көптөгөн окурмандар ошол аракечти «өлтүрбөстөн», тирүү калтырып, ийгиликке жеткирүүнү автордон суранган жайы бар. Ушунун өзү кыргыз коому үмүт бере турган үлгүлөргө суусап тургандыгынын белгиси. Балким ушул максат менен карап көрсө чыгарманын потенциалы ого бетер ачылышы мүмкүн.

«Өрүк-эне»

Окуя жакшы сүрөттөлгөн менен аңгеме эмнеге багытталганы белгисиз. Жыйынтык жок. Өрүк менен аялдын байланышы жакшы ачылган, бирок автордун эмне айткысы келгени бүдөмүк.

«Орунча»

Турмуштук кызыктуу мисал. Адатта өгөй эне болгон аялдарды адабиятта терс каарман катары сүрөттөшөт. Бул чыгармада болсо тескерисинче жакшы аял кайсы жакка барбасын, баарын өздөй көрүп бооруна тартып өз болуп кетери жакшы сүрөттөлгөн. Чыдамкай, боорукер, жапакеч кыргыз аялынын образы жакшы ачылган. Башында эмне үчүн бир адамды эки башка ат менен атап жатышат деп таң калган окурманга анын сыры бара-бара ачылат. Жакшы чыгармалардын бир белгиси – коомго жаңы түшүнүктөрдү тартуулайт. Ушул жагынан алганда «өгөй» деген ажырымдуу, катуу сөздүн ордуна диалектиден табылган «орунча» деген жумшак, жакындаткан сөз бара-бара кыргыз лексикасына кирип кетиши да мүмкүн.

«Парз»

Башында эзотерикалык маанайга багытталган сыяктуу бул аңгеменин чыныгы турмуштук сыры бара-бара ачылат. Тирүү калган күйөөсү аргасыз жаңыдан аял алып жаткан, ырым катары ызасын басыш үчүн башынын тушуна суу куюлуп жаткан маркум келинге салыштырмалуу анын сиңдисинин күйүтү күчтүү болуп чыгат. Автор бул жерден бир эпизод менен жоголуп бараткан элдик ырым-жырымдарды да, турмуштук жагдайды да, аялдарга болуп жаткан туура эмес мамилени да козгой кеткен. Чыгарма ошонусу менен баалуу.

Мүрзөгө куюлуп жаткан суу тирүү келинге жетпей калганы аркылуу эки башка окуянын ортосундагы контраст абдан жакшы берилген. Мүрзө башына суу куюу – бул жерде аргасыз амалдын символу. Мүрзөнүн өзү – бул тирүүлөрдүн өлгөн үмүттөрү, тилектери. Бул ырым-жырым жашыруун жасалып жатканы бир чети реалдуулуктан алынса, бир чети адамдардын айтылбай жаткан ичиндеги арманына да символ катары кызмат кылат.

«Прокурор»

Автордун гениалдуу чыгармаларынын бири. Бир караганда адамды дендароо кыла турган кесирди көрсөтүш үчүн гана жазылгандай көрүнгөнүнө карабастан, анын тереңи аңгемедеги деталдардын өтмө катар маанилеринен ар башка өңүтүнөн ачылат. Жегич кудалар баарын даярдап, бирок чырагын унутуп калганы – көр дүйнөнүн баарын камдап, бирок ыйманын, жан дүйнөсүнүн жарыгын, абийири менен ар-намысын унутуп калганы. Жарык өчүп калып атканы да бир эсе биздин реалдуулук болсо, бир эсе азыр ошол баалуулуктар жетишпей жатканынын белгиси. Көпкөн прокурор күйгүзүп жаткан акча – ошончо адамды күйгүзгөн чечимдер. Анын ошончо кесир менен өрттөлүшү, улам көбүрөөк пачкаларды күйгүзүшү – өлкөдөгү коррупция ошончолук кынык алышы. Акча жөн эле күйүп

кетип атканы – арам акча эч кимге пайда келтирбей, куру дымак үчүн гана кызмат кылып жатат. Анын үстүнө жегичтер акчанын чыныгы функциясын деле билбейт. Мисалы бир шкафында 10 миң долларлык костюмдары эле бир там болуп тизилип турганын айтып мактанган байлар болду. Анын баары жөн эле күйүп жаткан пачка акча, анткени бир киши кааласа-каалабаса деле бир эле кишилик тамак жейт, бир кийгенде бир эле кишилик кийим кийет, бир эле кишилик үйдө жашайт. 100дөн ашык жер участогу бар коррупционерлер, килейген там салып, бир бурчунда кайтарып отургандар – ушунун баары чындап келсе абсурд театры, антилогика, антиэкономика. Прокурор көпкөнчүлүгүнөн ошончо кишинин мээнетин күйгүзүп жатат.

Аңгемеде чырак алып келчүлөр кечигет. Бул да азыркы реалдуулук – өлкөгө жарык берчүлөр кечигип, ар кимиси ар кай жерден жарык издеп, андайлардын карааны көрүнбөй жатканы да чын. Өлкөгө жарык алып келчүлөр прокурорлор эмес, ошол тышка кеткендер экени да чын. Окуяда келиндер чыгып кеткен, алар бир эсе чын эле реалдуу жашоодо жумшаганга ылайык каармандар, бир эсе миграциянын, жөнөкөй карапайым адамдардын символу.

Чыгарма чыныгы реалдуулуктан алынган же алынбаган күндө да жогоруда айтылган символдору аркылуу эле өтө чоң тарбиялык функция аткарат.

Балким аңгеменин аталышын «Прокурор» эмес, «Кесир» деп койгондо маниси мындан да жакшы ачылмак.

«Сыныk»

Ооруканадагы аялдардын тарыхы бир караганда башка, ача келгенде башка болуп чыгат. Күйөөсү жок баш каарман адегенде күйөөлөрүн жактырбаган башка бейтап аялдарды жактырбай, алардын камкордугуна суктанып жаткан болсо, кийин эркектер тууралуу ою өзгөрөт. Ооруканадагы баш каармандан башка аялдардын сыныгы – бул

сөөктүн эле сыныгы эмес, көбүнчө көңүлдүн сыныгы. Диалогдордогу, окуялардагы атмосферада сөөктүн сыныгы бүтсө да көңүлдүн сыныгы, мамиленин сыныгы бүтпөй, ошол бойдон калганы көрүнүп турат.

«Тракторчу келиндер»

Согуш убагында болгон окуя, андагы психологиялык кырдаал, турмуштук жагдай жакшы сүрөттөлгөн. Совет адабиятында андагы кыйынчылык белгилүү бир стандарт менен гана сыпатталса, бул жерде анын башка да өңүттөрү ачылат. Эркек-аял ортосундагы азгырык да, ошол азгырыкка алдырбаган туруктуулук да жакшы баяндалган. Болгону аял башы менен чолок ветеранды чаап жиберген раистин образы көп нерсени бузуп турат. Экинчиден согушту көрүп келген киши анчалык эле коркок билиш болушу шек жаратат.

«Эки эшиктүү үй»

Илгери айылдык кеңештин катчысы болгон жалгыз бой аялдан, анын кыздарынан жана канчык итинен башка эч ким жашабаган үйдүн эки эшиги бар. Элге карата ачылган эшиги эл көргөн чындыгы болсо, ички эшиги өзүнүн ички чындыгы. Өзүнүн жакын тууганына күйөөсүн өзү өткөрүп берген аял айылдагы эжесинин сөзүнө сынат. Бирок ошол эле учурда анын өзүнүн да чындыгы бар, аны башкаларга түшүндүрүш кыйын. Аңгеме психологиялык кырдаалды реалисттик өңүттө ачып, адам менен иттин ортосундагы аналогия аркылуу аялзатынын татаал жана карама-каршылыктуу тагдырын жакшы чагылдырган.

Корутунду

Жалпысынан Топчугүл Шайдуллаеванын аңгемелери турмуштан алынган. Автордун коомдук уюмдарда иштеп, эл менен аралашып, ар кандай окуяларды угуп жүргөнү анын чыгармачылыгына жакшы таасир эткени, турмуштук

багажын байытканы көрүнүп турат. Эстетикалык жана көркөм баалуулугу жагынан өз окурманын таап келаткан, талаш-тартышка жем таштаса да эң негизгиси кайдыгер калтырбаган авторлордун бири.

Болгону автордун алдында турган адамдык да, маданий да олуттуу маселелердин бири – чыгармаларын өзү аралашкан чөйрөнүн идеологиясына баш ийдирип албай, уникалдуулугун, чыгармаларына көрк берип турган улуттук колоритин, тарыхый тамырын сактап калуунун зарылчылыгы. Бул сөз бекеринен айтылган жок. Диний чөйрөгө кирсе чыгармалары даават жыттанган, либералдык чөйрөдө иштесе ошол жактын идеологиясы кашкайып көрүнүп калган көп авторлор чыныгы чыгармачылык эркиндик жагынан өзү аралашкан жердин жеми болгону байкалып жүрөт.

Ошонун баарын эске алган күндө да бул аңгемелер жарык көрсө кыргыз коомунан кыйла окурмандардын жүрөгүнөн түнөк табары чын.

Адашкан арбактардын убарасы

(Арслан Койчиевдин «Добул-таштык «Заратустранын» аңгемеси» аттуу китебинен улам чыккан айрым ойлор)

«Мы обязательно найдем черную кошку в темной комнате, даже если ее там нет»

(Тенгиз Абуладзе. Фильм «Покаяние»)

Кыргызстан эгемен мамлекет болгону анын башынан өтүп жаткан процесстерди тиешелүү деңгээлде көркөм чагылдыруу вазийпасы аксап келатканы көптөн бери эле айтылып келатат. Бул маселени актуалдуу кылып турган үч жагдай бар.

Биринчиден, өз мезгилин аңдай албаган адабият учур талабынан кыйла алыстайт, анын ордун башка идеялар, идеалдар, суроолор, демек ошого жараша жооптор да ээлей

баштайт. Башкалардын реалдуулугу өз чындыгыңдан маанилүү көрүнүп, элиң ошолорго аргасыздан тартыла баштайт. Бул жагынан 30 жыл ичинде адабиятыбыз замандын орчундуу суроолоруна көп учурда жооп таба албагандыгы, аныгында издебегени да коомубуз диний, маданий, идеялык жагынан башка өлкөлөрдүн иримине тартылып кеткенине чоң себеп болуп калганын моюнга алыш керек. Экинчиден, айрым өлкөлөрдүн чындыгы көрсөтүп тургандай, коомдук аң-сезим өткөн кылымдарда же өз ара келише бербеген дооорлордун лабиринтинде кала бериши да коркунучтуу. Андай коом бара турган багытын жоготот, кандай жашоону каалай турганын өзү билбей калат. Чоңураактары илгерки же жакынкы эрдигин көксөп, дат баскан куралы менен «Можем повторить!» деп жин тийгендей сыртка атырылышы мүмкүн. Чаканыраактары көп кылым мурунку бабаларынын эрдиги азыркы тапта курал болуп бере албай атканын көргөн соң колун шилтеп эл катары чачырап кетүү коркунучу бар. Үчүнчүдөн, мындай шартта адабиятта пайда болгон элдир-селдир идеал сөрөйлөр (ууру-кескилер, шылуундар ж. б.) элдин бир бөлүгүн чындап эле имерип, ого бетер табитин бузушу ыктымал. Анын баары болуп да жатат.

Ушул кенемтени эске алганда, Арслан Койчиевдин «Добул-таштык «Заратустранын» аңгемеси» аттуу китеби – Кыргызстан эгемендик алгандан кийинки жылдардагы айрым көрүнүштөрдү дүйнөлүк тарыхтын контекстинде көркөм чагылдыруу аракеттеринин бири. Медиадагы талкууларга караганда, жанры жагынан адабият адистеринин ар кыл пикирин жаратып келаткан чыгарма. Себеби бири аны повесть десе, башкасы роман деп баа берүүдө. Ал боюнча талаштарга токтолуп отурбастан, автордун аракети канчалык ийгиликтүү ишке ашканын кеп кылардан мурун сөз болуп жаткан китептин сюжеттик сызыгын кыскача эске сала кетели.

Окуя Кыргызстан бөлүнүп чыккан алгачкы жылдарда археологдор таап алган сөөктү божомолдон улам «репрессия курмандыктарынын бири экен» деп жарыялап жиберген журналисттин тегерегинде өнүгөт. Бул кабардан чочуган НКВДнын пенсиядагы ардагери кандуу жылдардагы өз кылмыштары эсине түшүп, шакирттери аркылуу журналисттин сары изине чөп салат. Табылган сөөктү адегенде Заратуштра заманына туура келет экен деген жыйынтык чыгарылып, ага скелеттин ээси болгон адамдын арбагы каяша айтып, өз чындыгын баяндайт. Анын баяны жомок жазганы үчүн айдалып кеткен белгисиз кыргыздын уламышына үндөш. Репрессия убагында ардагер чекист атып салган жөөт улутундагы окумуштуунун уулу Кыргызстанга келмекчи болуп, атасы убагында чоң египтолог болгонун билдирет. Аны эстеген мурдагы чекисттин көз алдына бул илимпоз өлүм алдында «Моисей – кан ички жана ууру» деп кыйкырганы элестейт. Моисей тууралуу уламыш дүйнөлүк диндерде айтылган гуманисттик идеалдардан ажырап, жөөт эли пир туткан пайгамбар коңшулаш элди тукум курут кырып салган, таш боордугу Гитлерден, Чыңгыз хандан, Сталинден ашса ашып, асты кем калбаган зулум катары сүрөттөлөт. Чыгарма чекисттер тарабынан уюшулган операциянын натыйжасында журналисттин өлүмү менен аяктайт. Кыскасы, окуялардын жүрүшү окурманды кайдыгер калтырбайт, улам жаңы линия чыгып, арбап жүрүп отурат. Бул жагынан китеп кыйла кызыктуу.

Көрүнүп тургандай, чыгарманын композициясы көп катмардуу–андаСССРжаңыдантараганкездегиреалдуулук да, тарых да, мифология да бар. Бул катмарларды бир эсе окуялардын байланышы өз ара чиелештирсе, бир эсе адам баласынын ынтымакта жашай албаган өзүмчүл, тажаал мүнөзү тууралуу ой толгоолор цементтеп турат. Айрым каармандардын образдары (мисалы журналист, көзү ачык,

байыркы мадиандардын олуясы) кыйла деталдуу ачылса, башкалары (мисалы ардагер чекист жана анын шакирти) реалдуулуктан кыйла алыстап кеткендей, стереотиптердин туткунунда калгандай.

Жалпысынан китепти окуп чыккандан кийин чү дегенде эле ойго келген нерсе – бул китеп бери дегенде 20 жыл кечигип чыкканы. Анткени чыгармада сүрөттөлүп жаткан атмосфера СССР жаңыдан тарап жаткан убакты эске салат. Болбосо башкасын кой, улуттук адабияттын сыймыгы Чыңгыз Айтматов өзү барып атын койгон Ата Бейит небак ачылып, аздыр-көптүр тарыхый баасын алганы качан? 2010-жылдын окуяларынан кийин анын мааниси ого бетер тереңдеп, өлкөдө демократия үчүн күрөшкөндөрдүн символуна айланып келаткан да жайы бар. Албетте, өлкө башчылары, саясий чөйрө, калайык калк өзү да андай окуялардан канчалык сабак алганы башка кеп, узун сөзгө татый турган чоң тема. Ошентсе да Кыргызстан жаңыдан эгемендик алган жылдардагы мезгилге тыгылып калгандай бул чыгарма же глобалдык масштабда бийликтин табиятындагы айрым өңүттөрдү жаңыдан ачып берсе, же автор үчүн китепте чоң роль ойногон сталинчил саясаттын себеп-натыйжа байланыштарын алда канча реалисттик нукта, адамдын аң-сезиминин эволюциясы аркылуу кеңири чагылдырса жарашмак. Менин жеке баамымда, бул эки маселе тең жетиштүү даражада чечилген эмес.

Эсеби маселен, партократтардын образын совет мезгилинин шартында эле Чыңгыз Айтматов өзү «булгаары чапан кийген жаңы манап» Сегизбаевдердин образы аркылуу кыйла ийгиликтүү ача баштаган. Ал кийинки чыгармаларындагы лейтенант Таңсыкбаевди органикалуу түрдө жаратканын көрөбүз. Репрессия механизминин кейипкерлерин Казат Акматов «Күндү айланган жылдардагы» Эл. (Элтинди жана Элебай) Сатаровдордун ой жүгүртүү ыгы, адам катары калыптанышы аркылуу мыкты сүрөттөгөн. Кайсы бир чыгармадагы типтүү каармандын башынан өткөн окуялар аркылуу анын

ошондой адамга айланышын ишенимдүү түшүндүрө билүү жазуучунун күчтүү жагын көрсөтөт. Айталык, Исай Калашниковдун «Каар заманын» окуган киши Темүчүн-Чыңгызхандын тарыхый масштабын, катаал мүнөзүн билип гана тим болбостон, ал эмне үчүн ошондой киши болуп чыкканын баштан аяк түшүнүп, муюп жүрүп отурат. Ушул өңүттөн алганда бул китептеги ардагер чекисттин мүнөзү андай себеп-натыйжа байланыштарын ынанымдуу астыга тартпастан, даяр кубулуш катары гана берилет. Ал да көбүнчө типтүү образ эмес, ал тургай чекисттер өздөрү барып Ата Бейитти казып, элге маалымат таратып чыккан учур үчүн анахронизм сыяктуу көрүнөт.

Бийликтин табияты, адам баласынын кыянатчыл мүнөзү боюнча чыгармада баяндалган мифтер деле символикалык жаңылык эмес. «Адам баласы көбөйө баштаса эле бири бири менен тиреше баштайт» деген сыяктуу ойлор илгертен бери эле бар. Китепте бул маселени чечүүнүн жолу да көрсөтүлбөйт, негизинен фаталисттик болмуш катары гана баа берген тыянак менен чектелет.

Ошентсе да бул чыгармада бийликтин табиятын мүнөздөгөн абдан ийгиликтүү баян бар. Ал – аврамисттик диндердин баарында пайгамбар деп эсептелген, жөөт эли пир туткан Моше-Моисей деле убагында башка элдин канына забын болгонун ашкерелеген илимпоздун изилдөөсү тууралуу окуя. Мындай жыйынтык бир эсе Муса пайгамбардын элесин элдин баары көнүп калган идеалдуу образдан алыстатса, башка жагынан дегеле кайсы лидер болбосун, анын ичинде адамзатка үлгү катары көрсөтүлгөнү да атаандаштыкты жактыра бербей турганын, өзүнө чейинки идеяларды менчиктеп алууга жакын болушу мүмкүн экенин ашкерелейт. Автор тарыхчы экенин эске алганда, мындай баяндамага негиз болгон деп ишенсе болот.

Экинчи ийгиликтүү табылга – Заратустранын карааны. Карааны дегенибиз, чыгармадагы сөөк аныкы эмес, болгону китептин башында окумуштуулардын көп

божомолунун бири ошондой. Антсе да зороастризмдин пайгамбарынын аты бул чыгармага бекеринен кошулбаганы байкалат. Анткени биринчиден ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктын тиреши жөнүндө түшүнүк чын эле зороастризмдин негизин түзөт. Ал болсо адам баласы жашап турганда түбөлүк тема, философтор менен акын-жазуучулардын түгөнгүс кенчи. Экинчиден салыштырмалуу жакынкы эле кылымдарда немецтердин көрүнүктүү философторунун бири болгон Фридрих Ницше чындап келсе зороастризмге кайнаса каны кошулбаган ойлорун «Заратуштра ушундай айткан» деген чыгармасына жазып, Алп Адамдын идеясын көтөрүп, анысы Гитлердин көз караштарына негиз түзгөнү белгилүү. Кошунасына кол салмайынча жаны тынбаган, китептеги арбак өкүл болгон элдин жоругу деле ушул эле көз караштардын байыркы, алда канча примитивдүү көрүнүшү. Үчүнчүдөн жакшылык менен жамандыктын кармашын китептин каармандары ар кандай чечмелеп, ал боюнча бир топ суроолор окурмандын алдына да ачык коюлат.

Китептеги дагы бир көзгө урунган ийгиликтүү өзгөчөлүк – каармандардын эч кимисинде бала жок. Болсо да көмүскөдө турат. Балдар ушунча өтмө катар окуялардын эч биринде, ал тургай фон катары да байкалбайт. Эң башкы каармандардын катарында турган ардагер чекист да, журналист да бала-чакалуу киши катары көрүнбөйт. Балдардын жоктугу – келечектин жоктугу. Балким ушул себептен улам, чыгармадагы окуялардын баары өз-өзүнчө катып калган картина сыяктанат. Чындап келсе ардагер чекист да, эгемендиктин башындагы журналист да, уламыштардагы каармандар да байыркы адамдын музейде турган сөөгүндөй эле ар кимиси өз чындыгын билишинче айтып турат, бирок тирилип, биздин турмушка аралашып кетпейт.

Сөөк демекчи, анын башынан өткөн окуялар реалисттик нукта баяндалбастан, кайра эле сүргүнгө айдалган кыргыз жазып кеткен уламыштарга байланып калганы ийгиликпи же кемчиликпи, бул да чоң маселе. Жек Лондондун «Адамга чейин» («До Адама») аттуу, өз доорунун илимий ачылыштарына негизделген ажайып чыгармасы бар. Аны окуп отуруп, алгачкы адамдардын жашоосу кандай болгонун киного киргендей элестетесиң. Ал эми Арслан Койчиев «Заратуштранын» арбагын уламышка байлаган, бирок ал уламыштын өзүнүн аягы жок, бүдөмүк. Балким арбакты сүйлөтүш үчүн эзотериканы, анын ичинде диний уламыштарды кошкон болушу мүмкүн. Антсе да, окуялар негизинен түшүнүктүү, ал тургай бир топтору абдан эле кызыктуу экенине карабастан, алардын баарын музейдин экспонатын баскан чаңдай статикалуу, кыймылсыз кылып турган кырдаал түзүлгөн.

Ушунун баары автордун атайын бергиси келген идеясыбы же анын тарыхка кесипкөй катары үнүлө караган өзгөчөлүгүнүн гана натыйжасыбы? Ал боюнча жоромолдорду окурмандын эркине калтыралы.

Жалпысынан «Добул-таштык «Заратустранын» аңгемеси» кыргыз окурманынын бүйүрүн кызытып, дагы далай талаш-тартыштарды, ар кыл пикирлерди жарата берери анык. Жогоруда айтылгандардан тышкары, ушунун өзүн да автордун айныксыз ийгилиги катары бааласак болот.

Доордун айкели

(Көчкөн Сактановдун «Маркумдар үнү» романы боюнча Кара-Кыргыз автоном облусунун 100 жылдыгына карата ой толгоо)

Быйыл Кара-Кыргыз автоном облусун түзүүнүн 100 жылдыгы белгиленип, ар кайсы чөйрөлөрдө, ар кандай деңгээлде бул окуянын азыркы кыргыз мамлекеттүүлүгүн

негиздөөдөгү ролу талкууланып жаткан чагы. Анын ичинде заманбап Кыргызстандын пайдубалын түптөп, кийин репрессиянын кандуу чеңгелине кабылып атууга кеткен бойдон бир нече жыл бою унутта калып келген алгачкы кыргыз интеллигенциясынын татаал тагдыры тууралуу көп сөз айтылууда. Күнүмдүк окуялардын шары менен көпчүлүккө анча байкалбашы мүмкүн болсо да, кыргыз окумуштуулары бул датага карата кыйла чоң эмгек жасап койгону байкалат. Алсак, атайын кызматтын ардагери Болот Абдрахманов репрессияга кеткендердин толук тизмесин бир нече томдук китеп кылып чыгарганы эле - ар кандай багыттагы изилдөөлөргө жем таштай турган фундаменталдуу эмгектердин бири.

Улуттук илимдер академиясында, Кыргыз улуттук университетинде жана башка мекемелерде байма-бай уюштурулуп жаткан конференциялар менен талкуулар, телеканалдардагы бул багытта изилдөө жүргүзгөн окумуштуулар менен маектер, алардын биринин артынан бири чыгып келаткан салмактуу китептери интеллектуалдык чөйрөдө заманбап кыргыз мамлекетинин башында тургандардын ролун жана тагдырын татыктуу масштабында аңдап-билүү аракеттери жүрүп жатканын айгинелейт. Бул бир тенденция.

Экинчи тенденция – кыргыз элинин колониалдык тарыхынын эгемен мамлекеттин маани-мазмунуна зыяндуу саркындыларын ашкерелөө жана алардан арылуу боюнча жаш интеллектуалдардын алган багыты. Азырынча мындай аракеттер медиа тармагында жүрүп жатат. Алардын катарына «Баштан башта» кыймылы тартып жаткан «ОДеколон» долбоорун кошсо болот. Алар көбүнчө ушу тапта Орусиянын мурунку СССРди калыбына келтирүү далалатына же бүгүнкү империалисттик дымагына каршы мыйзам ченемдүү реакция түрүндө күч алды.

Азырынча бул эки тенденция тоонун эки тарабынан тешип кирген тоннелдей болуп, ортосунан жалгаша элек жана биригерине кепилдик да жок. Бирок эгерде Кыргызстанда эгемендиктин идеологиясы чындап орноп, келечекке кыргыз эли бул мамлекеттин түзүүчүсү катары ат-

тансын десек, анда бул эки тенденция бири-бири менен жалгашып, бир эле максатка ар тарабынан жетүүгө умтулган муундардын аракети биригиши керек. Кара-Кыргыз автоном облусун, кийин Кыргыз ССРин түптөгөндөрдүн ролу жана тагдыры, тарыхый салмагы коомчулук тарабынан аңдалып, татыктуу баасын алууга тийиш. Ырас, ал үчүн жалаң илимий чөйрөнүн же медианын мүмкүнчүлүгү жетишсиздик кылат. Кокон хандыгынын кыргыз элине тийгизген таасирин тарыхчылардан да Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылычы» алда канча тереңирээк жеткиргени белгилүү. Демек, тарыхтын бул өтө маанилүү учурун коомчулукка жеткиликтүү туюндуруунун дагы бир өтө маанилүү жолу – көркөм адабият.

Жашырганда не, өз алдынча республика түзмөкчү болуп репрессияга кабылгандардын, ага көмөкчү-шыкакчы болгондордун, андан моралдык жабыр тарткандардын жагдайы тууралуу кыргыз адабиятында чыгармалар жалпысынан аз. Эсеби маселен, социалисттик эмгектин оош-кыйышына, Улуу Ата Мекендик согуштагы азап-тозокко, адамдардын ортосундагы күнүмдүк эле мамилеге арналган китептер жүздөп, миңдеп саналса, 30-жылдарда ашык-кеми жок кыргыз элитасынын деңгээлинде болгон геноцидди чагылдырган көркөм чыгармалар он чакты китептен ашпайт. Айрыкча Совет бийлиги кулаар алдында жазылгандардын ичинен Казат Акматовдун «Күндү айланган жылдар» повести (1988) убагында көп талкууланып, дегеле бул темадан жүрөгү үшүп калган коомчулукта чоң резонанс жаратканы белгилүү. «Манаска» айыгышкан кас душмандай каршы чыккан Элтинди Сатаров менен Элебай Сатаровдун мүнөзү биригип, аныгында ЭлСатаровго айланып кетишин сүрөттөгөн бул чыгарма ошондо эле татыктуу баасын алган. Анткени повесть жалаң эле улуттук чыккынчылыктын анатомиясын көзгө даана тартып тип болбостон, көркөм каражаттарынын байлыгы, терең психологизми жагынан да окурмандардын сүймөнчүгүнө айланган жайы бар.

Андан көп узабай эле кайра куруунун, кийин эгемендиктин илеби менен жазылган көлөмдүү чыгармалардын ичинен жазуучу Көчкөн Сактановдун «Маркумдар үнү» (1991) романы көзгө урунат. Чыгарма 2018-жылы кайрадан басылып чыккан. Ушунун өзү репрессия темасына коомчулукта аздыр-көптүр кызыгуу бар экенин айгинелейт. Бул эки китептин үндөш жактары – 1930-жылдардагы саясий кысымдын өзгөчөлүгү авторлордун жан дүйнөсүнө жакын болгон чыгармачыл чөйрөнүн тагдыры менен тыгыз байланышта баяндалганында. Болгону, Казат Акматовдун китебинде предмет катары манасчылык өнөрү кызмат кылса, Көчкөн Сактановдун романы кыргыз эл сүрөтчүсү Гапар Айтиевдин тегерегинде өнүгөт.

Ырас, улуу кыргыз сүрөткеринин образы, балалыгы, башынан өткөн кыйынчылыктар кыргыз адабиятында андан алда канча мурун, Аалы Токомбаевдин «Мезгил учат» повестинде да абдан кеңири ачылган. Бирок «Маркумдар үнү» – «Мезгил учат» сыяктуу жалаң алгачкы кыргыз сүрөтчүсүнүн гана социалисттик реализмдин чегинен чыкпаган таржымалы эмес. Тескерисинче, Гапар Айтиевдин өмүр жолу бул роман үчүн башкы максат болбостон, негизинен ошол замандын өзгөчөлүктөрүн ачып бериш үчүн курал катары кызмат кылганын көрөбүз. Анда совет мезгилинде жылдар бою ачылбаган беш чоң өңүт бар.

Биринчиси – кыргыз совет интеллигенциясынын өнүгүшүнө сталиндик репрессиянын тийгизген зыяны, улуттун өз башын өзүнө жедирген системанын адам чыдагыс кыянаттыгы. Романда Касым Тыныстанов, Жусуп Абдрахманов, Абдыкадыр Орозбеков жана башка журт мыктыларынын иш-аракеттери жана көздөгөн максаты, жүргүзгөн күрөшү чыныгы бийиктигинде, өз доорунун ачуу трагедиясында кеңири сүрөттөлгөн. «Касыкем үчүн ичип койбойлубу» деген Жусуп Турусбековдун сунушун укканда стаканга колу барбай катып калган меймандардын кебетеси ошол кездеги жалпы атмосфераны өтө так берген.

Аны көрүп өчөшө ичип туруп басып кеткен Турдубүбүнүн принципиалдуу мамилеси замандын трагедиясын да, адамдыктын түбөлүк баалуулугун да кашкайта туюндурат.

Экинчиси – тап күрөшү боюнча көз карашка кеткен жик, керек болсо аны абсолютташтырган идеологияга ачык эле каяша. Бул каяша китептин көп эле жеринде кайталанган «кул тукумдар» сыяктуу түшүнүктөргө да, кыргыз мамлекеттүүлүгү үчүн башын сайып жок болгон адамдардын биографиясына да тиешелүү. Эсеби маселен, кедейдин баласы деген Кыргызбай Кокуйбаев жаштайынан элди бөлүп-жарып, колу жеткен жерден эле өзүнөн жакшыларга жамандык кылып, кошоматтын аркасы менен бийликке жетип, ошо бойдон түшпөс хан болуп жүргөнү ошол замандагы эле эмес, азыркы учурга деле мүнөздүү, жыйынды образ. Ал азыркы трайбалисттердин да, өлкөнү бөлө чаап бир тарабын Казакстанга, бир тарабын Өзбекстанга берип салууга даяр турган Худайкуловдордун да, жанынын тынчтыгы үчүн башка өлкөгө кошулуп кетүүгө даяр турган бүгүнкү арсыз компрадор саясатчылардын да образы болууга жарайт. Ошол эле учурда кыргыздын кызыкчылыгы үчүн күндүр-түндүр иштеп жүрүп атууга кеткендердин аракети расмий бийлик тарабынан «бай-манаптык» деп үстөккө-босток кагуу жегени көп нерседен кабар берет.

Үчүнчүсү – роман жаңы форматтагы алгачкы кыргыз интеллигенциясынын түйшүгүн, азап-тозогун, жеке трагедияларын көзгө даана тартканы, ошонун баарына карабастан адамгерчилигин жана өз ара ынтымагын сактап калган көтөрүмдүүлүгүн реалисттик нукта ачып көрсөткөнү. Жоомарт Бөкөнбаев менен Жусуп Турусбековдун, Гапар Айтиев менен Алыкул Осмоновдун достугу, катуу тамашага чыдаган жетекчилердин айкөлдүгү, ортодогу бакылдашкан отуруштар, анда айтылган сөздөр дээрлик кино тартылгандай көзгө

элестейт. Калемдештери атылып, айдалып, канчалаган жыйналышта төө бастыга калса да чыгармачылыгын көжөрө уланта берген Жоомарт, Түгөлбай, Мидин өңдүү калемгерлердин басмырт аракетинен оң жагын тоссоң сол жагынан куюлуп кирген эзелки Аккан Суунун өжөрлүгүн туябыз.

Төртүнчүсү – Сталиндин жана анын тегерек-четиндегилердин саясий күрөшү, ортодогу кутумдар, ага аралашкандардын жеке кызыкчылыгы, чыныгы мотивациясы, түпкү максаты жана коркунучтары тууралуу маалыматтар советтик чапандан арыла элек 1991-жылдагы кыргыз окурманы үчүн жаңыдан ачылганы. СССРдин жетекчилигиндеги бирин бири отко түртө берип өзү аман калууга жан үрөгөн далалаттар, анын кесепети, образдардын карама-каршылыгы жакшы ачылган. Анын ичинде аз улуттун өкүлү катары орус элинин ролун баса көрсөтүүгө аргасыз болгон Сталиндин өксүк комплекси кошо берилген. Мунун баары соцреализмдин алкагында айтылышы үч уктаса түшкө кирбеген чындыктар болчу.

Бешинчиси – Көчкөн Сактановдун бул чыгармасындагы каармандар «жалпы совет элине» астейдил кызмат кылып жатканына карабастан кыргызга боор тартып, кыргызды туу тутуп, кыргыздын мыкты сапаттарын өнө боюнда ала жүргөнү. Баш кейипкердин согушка даярдоо учурунда тил билбегени үчүн Орто Азиядан баргандарды шылдыңдаган орус аскерлерди кынына киргизгени, каармандардын көбү качан болбосун кыргыз пейилин, кыргыз салтын сактаганы, жаштары улуудан ыйбаа кылып, улуулары кичүүлөрүнө кам көрүп, эркектер намысын, аялдар уятын туу тутканы буга жакшы мисал. «Маркумдар үнүндөгү» кыргыз каармандардан иш жүзүндө оруста шып бараткан «жалпы совет элинин» эмес, кадимки эле кыргыздын илеби келет.

Ушунун баарын эске алганда, бир эле каармандын

тагдырын өзөк тутканына карабастан, «Маркумдар үнү» романы – «Мезгил учат» повестинин уландысы эмес, чындап келсе айыгышкан идеялык антиподу. Тескерисинче, идеясы жагынан Көчкөн Сактановдун бул китеби Казат Акматовдун «Күндү айланган жылдарына», репрессия курмандыктары тууралуу кийин жазылган бир катар чыгармаларга үндөш.

Бирок бул карама-каршылык Кыргызстан эгемендик алганда эле пайда боло калган эмес. Чындап келсе совет мезгилинде эле жалпы система үчүн өтө маанилүү темалар боюнча айрым мыкты жазуучулардын чыгармалары соцреализмдин талаптарына батпай калып, анын тереңи дегеле формалдуулук менен турмуш чындыгынын ортосундагы карама-каршылыкка барып такалган учурлар мурун да болгон. Анын айкын белгилери тээ Узакбай Абдукаимовдун «Майдан» романынын үзүндүлөрү жарык көргөндө эле башталган көрүнөт. Доордун маани-мазмунун так ортосунан чарт жарып өткөн метафизикалык жаракалардын тамыры так эле репрессия курмандыктарынын турмуш өчүрө албай турган изине жана эмгегине такалып туруп алат экен. Ушул жаракалар белгилүү сынчы Кеңешбек Асаналиевдин «Майдан» романынын майданында» аттуу өтө терең эмгегинде мыкты баяндалган.

Совет мезгилиндеги көнүмүш адабий нукка каршы чыкканынан тышкары, Көчкөн Сактановдун бул китеби коомчулукка терең таасир эте турган күчтүү чыгармага мүнөздүү болгон милдеттердин бирин аткарганын байкай алабыз. Ал – кайсы бир маанилүү көрүнүштүн символу болгон сүрөттөмөлөр. Алар сөзсүз эле реалдуулук менен түзмө-түз дал келе бериши шарт эмес. Айталык, Төлөгөн Касымбековдун «Сынган кылычындагы» Шералынын жаман чокоюна байланыштуу окуя деле тарыхта романда баяндалгандай болгон-болбогону белгисиз. Чыңгыз

Айтматов тээ «Манас» эпосу баш болгон элдик оозеки чыгармачылыктан сууруп чыккан маңкурттун образы кийин эли-жеринин кызыкчылыгын унутуп, көрүнгөнгө ойлонбой кызмат кылып кеткен маргинал саткындыкты туюндурган дүйнөлүк символго айланды. Ошол сыяктуу эле, Ата-Бейитте сөөгү табылган 137 эр-азаматтын арасында Абдыкадыр Орозбеков жок болуп чыкканына, атууга кеткендердин акыркы мүнөттөрү тууралуу маалымат эч жерде сакталбаганына карабастан, ал Жусуп Абдрахманов жана Касым Тыныстанов менен кошо атылып жаткандагы сцена кийин медиада эң элестүү сүрөттөлгөн варианттардын бирине айланды.

Балким бул чыгарманын эң негизги маңызы – дал ушул «Бизди Касыкеме жөлөп койгула!» деген Жусуп Абдрахмановдун акыркы сөзү болушу мүмкүн. Эмне үчүн бул романда Касым менен Жусуп улуулугуна карап «Абдыкеме жөлөгүлө» дешкен жок? Эмне себептен Орозбеков менен Тыныстанов жасаган ишинин, жүргүзгөн күрөшүнүн масштабына карап «Жусукеме жөлөгүлө» дешкен жок? Эмне үчүн бул трагедиянын финалында борбордук фигура Касым болуп атат?

Анткени Тыныстанов ошол кезде сабаттуулуктун, илим-билимдин, прогресстин, тирүү символу, жалпы эле жаңы замандагы кыргыз агартуу кыймылынын өзөгү болгон. Ушул азыр да Тыныстанов жазып кеткен кыргыз тилинин грамматикасы менен окуп, баштап кеткен адабий чыйырын улантып, улут катары сакталып турабыз. Анын жарыгы романдын көп жеринде тийип турат. Демек, өсөр элдин билимдүүсү бийликти туу тутпайт, тескерисинче бийлиги алдыңкы катмарына, агартуучуларына, билимдүүлөрүнө таянат. Бийлиги менен билимдүүсү бири-бирине каршы чыкпай, тирүү болсо бир дөбөдө, өлсө бир чуңкурда болот. Келечек муундарга түбөлүк кала турган түгөнгүс сабак да ошол.

Ошол эле учурда бул жыйнакта эки чоң маселе ойдогудай чечилбей калган. Биринчиси – Сталиндин тегерек-четиндеги саясий чөйрө менен Кыргызстан сыяктуу чакан республикалардын репрессияга байланыштуу алака-катышы айрым жерлеринде гана сөз болбосо, негизинен толук ачылбайт. Ал тургай СССРдин жетекчилиги өзүнчө, Кыргызстандын жетекчилиги өзүнчө жашап жаткандай таасир калтырат. Бирок калыстык үчүн айта кетиш керек, бул суроонун азыр да толук башы ачыла элек.

Экинчиси – китептин көп жеринде көркөм адабияттын жанрдык өзгөчөлүктөрү сакталбай, бир катар эпизоддор журналисттик тилге өтүп кеткен. Бул тарыхый окуялардын документалдык тактыгын сактоо аракетине байланыштуу болушу мүмкүн. Бирок ошондо да ар кандай стил менен баяндалган бөлүктөр бири-бири менен анча эптүү жалгаша бербеген учурлар кездешет. Мисалы, автор баш каармандын монологуна өз оюн кошуп жиберген жерлери байкалып калган. Бул анын образы үчүн пайдабы же романдын реалисттиги үчүн зыянбы деген суроого так жооп жок.

Ошонун баарын эсепке алганда да, «Маркумдар үнү» - мурунку-кийинки чыгарылыштары менен кошо эсептегенде кыргыз адабиятындагы эң көрүнүктүү чыгармалардын бири. Жазуучу романда сүрөттөлүп жаткан замандын элестүүлүгү жагынан Гапар Айтиевдин эскерүүлөрү аркылуу ошол мезгилдин айкелин өзү жасап чыккан десек болот. Ал айкел – куугунтук курмандыктарына, алар менен кошо жашаган алгачкы кыргыз интеллигенциясына тургузулган адабий эстелик. Ошондуктан аны репрессия тууралуу жазылган башка саналуу адабий эмгектер менен кошо айрыкча азыркы жаштарга жеткирүү өтө маанилүү.

Себеби ошондо гана азыркы Кыргызстандын эгемендигин бекемдөөгө, мурунку-кийинки союздаштык

алакаларга карабастан улуттук кызыкчылыктарды сактоого, кыргыз коомунун аң-сезиминдеги колониалдык өтмүштүн кесепеттеринен арылууга багытталган бүгүнкү кыргыз жаштарынын иш-аракети идеялык жактан байып, кошумча руханий мазмун күтөт. Аңгектен качса дөңгөккө урунбай, орустан оолактаса арабга чарпылып же Батыштын кучагына түшпөй, жүргүзгөн күрөшү нагыз улуттук нукка түшөт. Макаланын башында айтылгандай, эгемендиктин нукура мааниси үчүн улуу муун 1930-жылдары тешип кирген тоннелдин учун карайлабай таамай тапканга жол ачылат.

«Терезени ачып койгулачы!» деген бойдон үзүлгөн Алыкулдун сөзү менен маркумдар бизден бүгүн ошону талап кылат.

Көпөлөктүн көйнөгү, сомо таштын салмагы

(Махабат Саидрахмановanын «Шаарчадагы жаз» аңгемелер жыйнагындагы ички жана тышкы дүйнөнүн тиреши)

Акыркы жылдары кыргыз адабият ышкыбоздорунун арасында аңгемелердин популярдуулугу күч алганы байкалууда. Бул проза багытындагы көлөмдүү чыгармалар мурдагыдай көп окулбай жаткандыгы менен байланыштуу болушу мүмкүн. Анткени биринчиден күнүмдүк маалымат, анын ичинде соцтармактардагы кунт коюуга арзыбаган, бирок алагды кылган көп жаңылыктар, алардын тегерегиндеги бүтпөгөн талкуу кааласак-каалабасак да адам баласынын акыл астын толтуруп, башкага орун калтырбай койгон жайы бар. Мындайда мыкты романдар менен повесттер да башы ачылып, аягы окулбай текчеде кала бериши мүмкүн. Экинчиден андай ири чыгармалар убакытты гана эмес, тема боюнча аздыр-көптүр даярдыкты да талап кылат. Үчүнчүдөн аңгеме – авторлордун өздөрү

үчүн да замандын актуалдуу темаларына тез сүңгүп кирүүнүн эң ылайыктуу куралы.

Бул жанрда жазган калемгерлер турмуш чындыгын чагылдырыш үчүн ар кандай ыкмаларды колдонуп келатышат. Көпчүлүгү азыркы жашоонун ар кандай өңүтүн баяндоодо реализмге ыктаганы байкалат. Бирок көптөгөн көркөм каражаттарды бир учурда пайдаланып, бир жыйнактын ичинде түрдүү эксперименттерди батырган жазуучулар салыштырмалуу аздык кылат. Алардын жакынкы мисалы – Махабат Саидрахмановanын быйыл жарык көргөн «Шаарчадагы жаз» аңгемелер топтому.

Китептеги аңгемелердин арасында жансыз объект кадимки жашоого байкоо жүргүзгөн парадоксалдуу көрүнүш да, конкреттүү буюмдун тегерегинде өнүккөн окуялар да, жаныбарлардын сезимдери аркылуу туюндурулган турмуш үзүндүлөрү да, каармандардын биринчи планга чыккан узак ички диалогдору да бар. Алсак, «Бөлмө» аңгемесинде башкы байкоочу – үйдүн кожойкеси эмес, үйдүн өзү. Анын бирде иретсиз чачылып, бирде шашылыш жыйналып, бирде киши келип, бирде ээнсиреп калышынан үй кожойкесинин маанайы, абалы, анын өмүрүндөгү өзгөрүүлөр билинип турат. Автор бөлмөгө адамдын көзү менен карабай, тескерисинче, адамдын тиричилигине бөлмөнүн көзү менен байкоо жүргүзөт. «Төрт бурчтук бакытта» да башкы фигура – мыймый. Аны тегеректеген майда балдар менен чоң кишилердин башынан өтүп жаткан окуялар канчалык маанилүү болсо да, чыгармада бала мышыктын туюмдарына, сезимдерине, тагдырына негизги орун берилген. «Актрисада» улгайган актриса менен анын күзгүсү, «Шоолада» таякеси өлүп, таенеси жалгыз калып жаткан аял менен Тагдыр, «Кызгылтым дүйнөдө» баш каарман менен анын кыялдары сүйлөшөт. Ал тургай булардын акыркысы иррационалдуу психологизмге жакындыгы жагынан жапон жазуучусу Такахаси

Мицуконун «Көпөлөк маалы» («Сезон бабочек») новеллас менен да үндөш, бирок ага жетпейт.

Мындай ыкмалардын бири да колдонулбаган «Тартылып бүтпөгөн сүрөт» аттуу аңгемеде деле кошуна сүрөтчүгө ашык болуп, акыры тою өтсө да ага кайтып келген жетим студент кыздын сүйүүсү чыныгы турмуштагы типтүү көрүнүшкө караганда романтика менен мелодрамага алда канча жакын турат.

Ошону менен катар бул китепте жалаң баяндоо, ашык-кеми жок реалдуулукту болгонун болгондой сүрөттөө аркылуу кээде эркек-аялдын, кээде бүтүндөй муундардын карама-каршылыгын жана өз ара түшүнбөстүгүн ынанымдуу окуялар аркылуу көз алдыга тарткан таза реализм да кездешет. Атап айтканда, «Күтүүнүн акыркы күнү» аңгемесинде кыйла дымактуу, өз ишине тың, кээде сезимдерин башкара албаган албуут келиндин капыстан конокко келген мурунку күйөөсүнө кылган мамилеси башы ачык бойдон калган. Башкача болушу да кыйын эле, анткени автор койгон маселенин табигый чечилиши чын эле жок, ошондуктан окурман кимисине жан тартаарын да билбейт.

Мындан алда канча терең, муундардын ортосундагы түшүнбөстүк проблемасы «Эски керебет» менен «Таш ташыган карыя» аңгемелеринде коюлат. Биринчисинде кайненеси менен келиндеринин ортосундагы мамилелердин психологиясы улгайган аял үчүн өтө баалуу сезилген эски эмеректин айланасында ачылат. Үйдүн кожойкеси үчүн эски керебет – анын жашап өткөн бүтүндөй өмүрүнүн, андагы эң аялуу жана жанга жакын эскерүүлөрдүн символу. Аны тышка чыгарып салууну үйдүн ээси өзүн бул үйдөн четтетүү аракетиндей сезип, табигый түрдө калыптанып калган турмушун, көнүмүш жашоо калыбын коргоого өтөт. Акыры ички жана тышкы чатактын курчу кайтып, жашоо уланып, маселе өзү эле ирээти менен чечилет.

Бирок «Таш ташыган карыяда» бул карама-каршылык, анын татаал драматизми апогейине жетет. Андыктан бул

аңгеме – китептеги чыгармалардын ичинен эң мыктысы, керек болсо баары бир тең, ушул аңгеме бир тең десек болот. Анын үч себеби бар. Биринчиси – чыгарма жогоруда айтылган көркөм каражаттардын бирин да колдонбостон, өңчөй реалисттик ыкмалар менен жазылганы. Экинчи себеби – формасы мазмунуна толук туура келгени, турмуш чындыгына жакындыгы. Анткени ал кыргыз коому дал бүгүнкү күндө башынан өткөрүп жаткан замандын маанилүү өңүтүн, тагыраак айтканда миграциянын таасирин чагылдырат. Башкача айтканда, бул китептеги башка аңгемелерден айырмаланып, мезгил чеги өтө конкреттүү. Баш каармандын байбичеси дүйнөдөн кайткан соң баласы үй салып, үйлөнүш үчүн Кореяга иштегени кеткен. Ал карыган атасы таш ташып жүрүп эл менен кошо салдырган тамдын ордун туура көрбөй, өзү теңдүүлөрдөн кем калбай чоң, заманбап үй салгысы келет. Кийинки муун материалдык байлыкка улам көбүрөөк умтулуп, улам көбүрөөк маани берип калган азыркы заман үчүн анын да өз чындыгы, өз жүйөсү бар.

Үчүнчү себеби – адам баласынын коомго, жакындарына, тегерек-четине пайда келтирүү, ал аркылуу жашоосунун маңызын толтуруу муктаждыгын биринчи планга чыгарганы. Аны баш каармандын жаш курагы ого бетер курчутуп турат. Анткени мезгилдин талабы, ага байланышкан реалдуулук атасы үчүн таптакыр башка алкакта – ал колунан келишинче ансыз деле аз калган өмүрүндө баласына жардам берип, аталык милдетин аткарып калышы керек:

– Сенин келип там саларынды күтүп жашаш үчүн мен кузгундун жашына чыгышым керекпи? Аз болсо да эртелетейин дедим, ушу турган ишинди баштап, тапкан акчаңа үнөм болсун дедим, балам. Өмүр коромжу болуп жатканда акча коромжу болбой не болуптур...

Карыянын астейдил аракети, баласына, анын келечек үй-бүлөсүнө деген жөнөкөй адамдык тилеги, кыялындагы салынган үйдүн элеси кимди болбосун кайдыгер калтырбайт. Ал «Ушул турган үй сага жетпейби, мен муну көрүмө ала кетмек белем?» деп чын дилинен таң калып турганда да, салынып жаткан үйдү ойлоп турганда да өткөн муундун өкүлү катары карапайымдыгы, топуктуулугу жагынан абдан ыманы ысык көрүнөт:

«Ичи-тышын шыбап, жылмалап, тегиздеп, сырдап койсо алда немедей зыңгыраган там болот, мен билген элдин көбүнүн үйү эле ошондой, болгону убагында чон-чоң, кенен салынган, анан кийин эле алда-немедей кылып кооздоп-сырдап коюшса турат сыр бербей заңгырап...»

Баласы атасынын салып берген тамын бузуп салгандан кийин абышка комузун гана чертип, салынбай калган үй менен кошо өз өмүрүнүн маанисин кеткенсип эски үйүндө отуруп калат. Бүткүл өмүрдүн салмагына тете, орду толгус бул боштуктун трагедиясын автор кыйла чебер сүрөттөгөн.

Ушунун баарын эсепке алганда, «Таш ташыган карыя» жыйнактагы көбүнчө аялдар темасына арналган, көпөлөктүн көйнөгүндөй сезимталдыктан тартып күнүмдүк казан-аяк кагышына чейин тартылган жоолукка салынган кара таштай салмак берип, чыныгы турмушка жакындатып койгон.

Жыйнактагы бир катар аңгемелерди баштан аяк тепчип өткөн идея – адамдын ички дүйнөсү, чыныгы каалоосу менен социалдык ролдун, коомдук пикирдин карама-каршылыгы. «Тартылып бүтпөгөн сүрөттө» күйөөгө узатылып жаткан кыз күзгүдөн өзүн өзү тааныбай, өзүн өзү жерип турса, болбой эле тегеректегилер «сонун болду» деп жаалап турушат. «Төрт бурчтук бакытта» өздөрү ала качып алып, кайра «баштан аттаба» деген коомчулуктун кысымы кийин аялдын жашоосунун маңызын кетирип,

кутудагы мышыктын баласындай абалга жеткирет. «Актрисадагы» каармандардын кесибиндеги ийгиликтердин көрүнүшү чыныгы ички дүйнөсүнө толугу менен каршы чыгат. «Эски керебеттеги» улгайган аялдын баалуулуктары келиндеринин түшүнүгүнө туура келбейт. Ал эми «Таш ташыган карыяда» абышка баласы менен курулуш боюнча пикири келишпегени аз келгенсип, байбичеси көз жумгандан кийин «өзүнчө эле Олжобай менен Кишимжан болуп алды го» деп жактырбаган теңтуштарынын да түшүнбөстүгүнө туш болгонун көрөбүз.

Чындыгында мунун баары ойдон чыгарылган нерсе эмес, турмуштан алынган. Анткени социалдык роль, тагыраагы социалдык маска менен адамдын чыныгы маани-мазмунунун ортосундагы келишпестикке коомдогу, айрыкча кыргыз коомундагы стереотиптер кошул-ташыл болуп келатканы эч кимге деле жашыруун эмес. «Артисттен президент чыкмак беле», «алтымышка чыкканда саясатты сүйлөбөй эле койбойбу», «өзү интеллигент болсо, бокска катышканы эмнеси», «спортчулар бийликти сындабай эле койсо», «чыгармачыл адам деген назик болушу керек» деген сыяктуу түркөй түшүнүктөр айрыкча акыркы жылдары күч алды. Андыктан бул өңдүү коомдук маселелерди көркөм чагылдыруу милдети да али алдыда.

Ачык айтыш керек, сөз болуп жаткан китеп айрым көркөм ыкмаларды, айрыкча ички диалогду ашыкча колдонуу жагынан да, стилистикалык жактан да кемчиликтерден куру эмес. Айрыкча ырааты обу жок бузулуп, тескери түзүлгөн сүйлөмдөр бул жыйнакта көп кездешет. Ал тургай алар биринен сала бири уланып кеткен учурлар да бар. Мисалы:

«Эри адаттагыдан да токтоо эле ошол күнү. Үйбүлөдө чоң жаңжал чыгып, аягында сөз жүйөсүнөн улам жеңилүү ызасын тарткан күйөөсү дайыма ушинтип түнт болуп калчу унчукпай»;

«Дал ушундай эле булардын турмушу. Эч кимиси эч кимисине муюп, сөзгө келе алышчу эмес чыр-чатак чыккан-да»;

«Жан кейиткен жалгыздык оорусуна тушукканына бир жылдан ашты жаш аялдын. Көзүнө эч нерсе көрүнбөй кетет жүрөгү мыжылып... Ушунчалык суук көрүнөт мынабу тээ алыстан тоолору мунарыктап араң көрүнгөн боппоз өрөөндөгү кечирген өмүрү» ж. б.

Ошентсе да Махабат Саидрахмановanын бул китеби ар түрдүү чыгармачыл эксперименттерди жактырган окурманга да, реализмди сүйүүчүлөргө да кызыктуу болуп, өз окурманын табарына ишенем.

Балдар адабияты: китепке үндөгөн «Китепландия»

1-июнь - Балдарды коргоонун эл аралык күнү. 1950-жылдан бери майрамдалып келаткан бул күндү Кыргызстан да акыркы жылдары белгилей баштады. Көбүнчө балдардын укуктарын коргоого арналган бул күндү ата-энелер негизинен перзенттерин эркелетип, аларга көңүл буруп, оюн ойнотуп, каалаганын алып берип өткөрүшөт. Бирок биз балдарыбыздын толук жарамдуу кыргыз жараны катары калыптанышын кааласак, эртедир-кечтир чечилиши керек болгон, колдон келсе эмитен чече турган бир маселе бар. Ал – балдарыбыз жаштайынан башка тилге өтүп кетип атканы.

Жеткинчектер колуна телефон тийери менен ал жакта кеңири жайылган контентти кайсы тилде көрсө, ошол тилде сүйлөп кетип атат. Буга чейин эле телевизордо 70тей канал болсо, мультфильм, жомок ж.б. балдарга ылайыктуу контентти көрсөтө турган каналдардын дээрлик баары орусча болчу. Ошол тенденция кийин Интернеттин мобилдик версияларына андан бетер жайылды. Азыр ушу тапта бөбөктөрдүн дээрлик баары телефон талашып, колуна тийсе эле орусча мультфильмдерди, жомокторду көрүп, тили ошол жакка ооп баратат. Бул өз ара таза

кыргызча сүйлөшкөн ата-энелердин да башындагы көйгөйгө айланууда.

Балдарга арналган контент чыгаруу жагынан биз башынан эле айласыз арттабыз. Жолон Мамытов, Эдилбек Сарыбаев сыяктуу кыргыз интеллигенциясынын өкүлдөрү демилге көтөрүп тарттыргандарын эске албаганда, кыргызча мультфильмдер дээрлик жокко эсе. Ал эми чынында китепке караганда мультфильмдер алда канча таасирдүү экени ошол кезде эле белгилүү болуп калган. Андан бери ого бетер артка кеттик. Совет мезгилинде балдар адабиятына мамлекет атайын көңүл буруп, пландуу түрдө жомоктор, өспүрүмдөр үчүн тарбиялык маанидеги аңгемелер жана башка чыгармалар бастырылып келсе, эгемендик жылдары такыр эле көңүл бурулбай калды.

Акыркы жылдары гана ЮНИСЕФ сыяктуу уюмдардын демөөрчүлүгү менен чакан китептер басылууда. Бирок алардын өз талабы жана стандарты бар, ага жазуучулардын баары эле көнө бербейт жана анын да олуттуу себептери көп. Убагында Муса Жангазиев, Токтосун Самудинов, Турар Кожомбердиев ж. б. акын-жазуучулар баштап кеткен жол ойдогудай уланбай, ал тургай алардын мезгил сынынан өткөн мурасы системалуу пайдаланылбай жатат. Экинчиден кыргыз адабиятын окутууда ошол мезгил сынынан кайсынысы өтүп, кайсынысы тарых баракчарында гана калганын талдап, инвентаризациялап чыгуу - өтө чоң ресурстарды талап кылган, бирок чечилиши зарыл маселе (Жыргалбек Касаболот. «Гуманитардык билим берүүнүн жаңы парадигмасы»).

Мындай шартта балдар үчүн кыргызча кандай китептер жазылып атканын изилдеп, аларга саресеп салуу – актуалдуулугу небак бышып жетилген, бирок түйшүктүү иш. Анын жүрүшүн, оош-кыйышын адистер өзүнчө айтышаар, азырынча бул багытта жеткинчектер үчүн жазылып жаткан аздыр-көптүр ийгиликтүү чыгармаларга

баарыбыз көңүл буруп, башкаларга жеткирип турганыбыз маанилүү. Жеке менин пикиримде, алардын арасынан акыркы жылдары көңүл бура турган өзгөчө чыгармалардын бири – Талантбек Шабиевдин «Китепландия» аттуу жомогу.

Китеп мектеп жашындагы кыргыз тилдүү жеткинчектерге арналган. Аны текстти шар окуганга, сүйлөмдөрдүн маанисин түшүнгөнгө жарап калган балдар жакшы кабыл алат. Сюжети өтө кызыктуу. Жомоктогу падыша саякатка чыгып, көптөгөн кызыктуу окуяларга туш болуп, анын акылдуу баласы жалаң аскер күчүнө таянган каардуу хандын мүнөзүн китепке кызыктыруу менен өзгөртүп, анын жакшы адамга айлануусуна себепкер болот. Андан наркы окуялардын негизги нугу да жакшылык жамандыкты, билим түркөйлүктү, достук кастыкты жеңерине багытталган гуманисттик идеялар менен сугарылган. Кара күчтүн идеалдары кийинки муунду кара таандай каптап, билимге умтулган жаштарга бурулган көңүл экинчи планга сүрүлүп жаткан азыркы шартта мындай багыттама китептин кудуретине болгон ишенимди ойготуп, көптөгөн өспүрүмдөрдүн болочок ориентирин өзгөртөөрү шексиз.

Китептин дагы бир ийгиликтүү жагы – кыргыз тилинде жазылганы, каармандарынын көбү кыргыз жомокторуна мүнөздүү болгону менен аны кайсы тилге болбосун которсо да түп нускасы тиешелүү тилде чыгарылган жомок сыяктуу кабылданып кете берет. Бул анын сиңимдүүлүгүн арттырат. Эгерде бир нече тилге которулуп, чет өлкөдөн өз окурмандарын тапса Гарри Поттер тууралуу жомоктор сериясы сыяктуу балдар аудиториясынын кыйла бөлүгүн тартышы мүмкүн.

Китептеги окуялардын үзгүлтүксүз уланышы, окурманды жетелеп кете берген сюжеттик сызык анын негизинде мультипликациялык сериал тартууга

мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз анимациялык фильмдери саны жагынан да, сапаты жагынан да айласыз артта калып, бул балдардын тилге болгон мамилесине эң орчундуу таасир этип жатканын эске алганда, бул да абдан актуалдуу мүмкүнчүлүк.

Мен кыргыз балдар адабиятынын акыркы үлгүлөрүнөн өзүм жакшы билген бир гана чыгарманы китепти мисал келтирдим. Башка кыргыз окурмандары да өзү билген китептерди сунуш кылса андан бетер жакшы.

Кеңири маанисинде балдарды коргоо – аларды физикалык зомбулуктан гана сактоо эмес. Азыркы заманда анын катарына балдарды өз элинен алыстаткан сырткы таасирден, диний радикализмден, тескери тарбиядан, зыяндуу идеалдардан да коргоо киргени көп болду. Оюнчук сынат, кийим эскирет, оюн-зоок көптүн бири катары эстен чыгат. Андыктан балдарыбыздын келечегин ойлосок, аларга «Китепландия» сыяктуу кыргызча жомокторду тартуулап, туура багыт берип, балдар арасында кыргыз тилинин жайылышына бир тамчыдан болсо да салым кошолу, мындай жакшы саамалыктарды бардык каналдар аркылуу жайылталы демекчимин. Балдарыбыз бул жомоктун каармандай болуп азыркы замандын терс күчтөрүн жеңип чыгууга умтула берсин.

Биздин адамдык милдетибиздин бири ошондо.

Синтетикалык жанрлар

«Үнү каткан улардын» жаңырыгы

(Адабиятчы Ризван Исмаиловдун акын Жолон Мамытовго арналган жыйнагындагы методология жана эстетикалык табит проблемалары)

Интернет заманы элге керектүү маалыматты жеткирүү, керектүү ойлорду сиңире билүү жагынан калемгерлердин алдына кыйла орчундуу маселелерди койду. Маалыматтын көптүгү, ал күн сайын алмашып, акыл астына жүк

болуп, мээге күч келтириши элди китеп окуудан, ошону менен катар адабият дүйнөсүнөн алыстатып жаткан негизги жагдайлардын бирине айланды. Мыкты-мыкты эле акын-жазуучулардын далай көлөмдүү-көлөмдүү китептери начардыгынан эмес, дал ушул азыркы замандын өзгөчөлүгүнөн улам башы ачылып, аягы окулбай текчелерде жатат. Мындай шартта адабият тууралуу ойлорду элге жеткирүү, анын ар кайсы өңүттөрүн окурманга жаңыдан ачып берүү ого бетер машакаттуу иш. Башка мезгилге салыштырмалуу бүгүн авторлор окурмандын назарын өзүнө буруп, ага өз оюн толук жеткириш үчүн мурдагыдан кыйла кылдат, сөзгө үнөмдүү, маалыматка так болушу талап кылынат. Азыркы учурда бул иштин өзгөчөлүктөрү да, авторлор туш болуп жаткан типтүү кыйынчылыктар да адабиятчы Ризван Исмаилованын «Үнү каткан улар» аттуу жыйнагынан даана көрүнөт.

Сөз болуп жаткан китеп кыргыздын белгилүү акыны Жолон Мамытовдун өмүр жолуна, чыгармачылыгына, адамдык портретине арналган. Эмгек 20 бөлүктөн туруп, анда акындын турмушундагы ар кайсы өңүттөр кеңири баяндалат. Жыйнак каармандын ата теги, энесинин башынан өткөн окуялар менен башталып, негизинен хронологиялык ыраатта өмүрүнүн ар кайсы этаптары сүрөттөлүп жүрүп отурат. Автор акындын өмүр жолу менен чыгармачылыгын бир нече жыл бою терең изилдегени, предметти мыкты билгени, абдан бай материал топтогону көрүнүп турат. Бул жагынан сөз болуп жаткан жыйнак - абдан чоң эмгек. Андагы фактылардын толуктугу, ар тараптуулугу, көп учурда илимий салмагы жагынан зор иш жасалган.

Китептин баалуулугу – Жолон Мамытовдун адамдык портрети, анын чыгармачыл байланыштары, ошол кездеги маданий интеллигенциянын арасында өкүм сүргөн атмосфера, акындын тагдыры менен кредосу

кыйла ар тараптуу, жакшы ачылган. Согуштан кийинки кыйынчылыктар, жаш акындардын дүйнө таанымына ал кездеги заман өзгөчөлүктөрүнүн тийгизген таасири реалисттик нукта сүрөттөлгөн. Идеологиянын үстөмдүгү, совет бийлиги койгон талаптар, ошонун баарынын фонунда да адамдык принциптердин баалуулугу тууралуу маселе кабыргасынан коюлган. Жолон Мамытовдун чыгармачылыгындагы өсүш, анын көз карашына өмүр жолундагы окуялардын калтырган изи ырааттуу берилген. Чыңгыз Айтматов менен Султан Ибраимовдун кылган жакшылыгы, Мухтар Шаханов сыяктуу өз доорунун залкарлары менен болгон мамилеси, ошол кездеги чыгармачыл интеллигенциянын өз ара достугу абдан жакшы чагылдырылган. Бул темаларга тиешелүү жагдайлар жалаң эле автордун тыянактары эмес, китептеги каармандардын эскерүүлөрү, жазылган каттар, ар кайсы жыйындарда айтылган сөздөр аркылуу бекемделип жүрүп отурат. «Отту сүйгөн акындын» бир топ күйөрмандары үчүн андагы көптөгөн фактылар, документтер кызыктуу болору талашсыз.

Бирок кеп ошондой чоң эмгекти окурманга азыркы замандын талабына ылайык кантип сиңимдүү кылып бериште. Жолон Мамытовдун көркөм мурасы канчалык чеберчилик жана объективдүүлүк менен ачылганында. Жана ушул багытта жүргүзүлгөн ишти кантип текке кетирбей, аудиторияны тажатпай, элге жеткириште. Ушул жагынан адабияттан аздыр-көптүр кабары бар адам катары менин жеке көз карашымда китепти артка тартып, көп окурмандан алыстата турган жагдайлар бар. Алардын бири методологияга, бири эстетикалык табитке байланышкан.

Изилдөөчүлөр жакшы билгендей, предмет канчалык кеңири болсо аны изилдөө, сүрөттөө, жыйынтык чыгаруу ошончолук кыйын. Тескерисинче, предмет канчалык чакан, конкреттүү болсо ошончолук аны изилдеш, талдаш

оңой. Бул жагынан алганда автор Жолон Мамытовго байланышкан (жана түздөн-түз эч кандай байланышпаган да) маалыматтардын баарын камтыгысы келгени көрүнүп турат. Ошондуктан китеп өтө эле көлөмдүү, көп сөздүү, бир топ эпизоддору кыска-нуска маалыматтан башы чыкпаган бүгүнкү окурман үчүн кызыксыз, тажатма. Орустарда «слащаво» деген сыйымдуу сөз бар. Кыргызча айтканда өтө эле шөкөттөө, бал тилге салуу, ашыкча көркөмдөө дегенди билдирет, бирок бул сөздөр да маанисин толук бербейт. Жыйнакта ошондой таасир калтырган жерлери көп. Сүрөттөө, лирикалык чегинүү ашкере көп орунду ээлейт.

Жыйнактагы жанрлар аралашып кеткен. Мисалы, автор каармандын балалыгы тууралуу көркөм чыгарманын нугунда келатып эле адабий сындын принцибиндеги ой толгоолорго кирип кетет. Автордун тага журту жөнүндөгү көркөм текст өз алдынча алганда ошол доордун атмосферасын берүү жагынан кызыктуу болушу мүмкүн, бирок чыгарманын композициясында андан ары канчалык логикалык жүк көтөрүп жатканы бүдөмүк. Андыктан бул эмгек не жалаң адабият таануучуларга, не окурмандын кеңири чөйрөсүнө арналганы анча так болбой калган.

Бир топ фрагменттер эмнеге кошулганы түшүнүксүз. Мисалы, акын Нарсулуу Гургубаева менен болгон өтө эле деталдуу маек, Москвадагы Арбаттын чубалжыган тарых-таржымалы дегеле эмне максатта киргизилгени белгисиз.

Эгерде бул бөлүктөрдүн китептин мазмунуна байланышкан мүдөөсү болсо, аларды башка бөлүктөргө логикалык жактан жакшыраак байлаш керек эле. Андай тыгыз байланыш таптакыр сезилбейт, ал тургай дегеле башка китепке кире турган маалыматтар адашып кирип кеткендей таасир калтырат. Кайсы бир жердин жаратылышын, кимдир-бирөөнүн таржымалын баяндоодо да ушундай артыкбаш жерлер көп.

Тескерисинче окурмандын көз алдында бир нече жолу айтылып, бирок ачылбай калган жагдайлар бар. Атап айтканда, Жолон Мамытов өзү ырларында жана сүйлөгөн сөзүндө сындап, ал үчүн сынчылардан да тил угуп кеп кылган Осмонжан аттуу киши ким экени, анын портрети таптакыр берилбей калган. Демек аны же айтпаш керек, айткандан кийин ким экенин, андай адамдардын ошол кездеги ролун ачып бериш керек эле.

Китептин айрым жерлерин окуп жатып изилдөөчүлүк этика боюнча суроо жаралат. Жалпы ошол кездеги атмосфераны бериш үчүн мынча көп катты мисал келтирүүнүн зарылдыгы бар беле? Айрымдары тиричилик деңгээлиндеги гана нерселер, бир топтору үй-бүлөнүн ичинде кала турган көмүскө жагдайлар. Мындай маселе кыргыз адабиятында да, аны изилдөөдө да көптөн бери башы ачылбай келатат. Акын Табылды Мукановдун жазган каттары, ал тууралуу эскерүүлөрдөн тартып толгон-токой чыгармачыл адамдар менен жеке мамилесин шардана кылган замандаштардын эскерүүлөрү да кыргыз коомуна канчалык пайда-зыяны бар экени талаштуу нерсе. Кыргыздын улуу жазуучусу Төлөгөн Касымбеков өз учурунда парламент трибунасынан Батыш таанымы тууралуу: «Эми, булар ачып койгонду жакшы көрөт экен, биз чыгыш эли катары жаап коет экенбиз» - деген таасын сөзү бар. Кыргыз коому «Саманчынын жолундагы» Толгонайдай баарын көтөрүп, жууп-чайып, жаманын жашырып, жакшысын ашырып баарын эптүү жалгаштырып койгон касиети үчүн да азыркы күнгө жетип отурат. Азыр болсо элге таанымал агай-эжейлерибиз сөөлөттүү курагында жаш кездеги жеке жашоосунан бери мактанып жарыя айткан абалга жеттик. Бул эми замандын жалпы кемтиги. Кыргыз коому маданияттын өзүнө эмес, көбүнчө анын тегерегиндеги жагдайларга көбүрөөк маани берип, акын-жазуучулардын чыгармасын окубай

эле ким менен жүргөнүнө кызыгып калганы – өзүнчө чоң тема, ал тургай бүтүндөй коомдук-психологиялык диагноз. Маданияттын ар кайсы салаасын изилдеген окумуштууларга бул жагынан кыйла чоң жоопкерчилик жүктөлгөн.

Экинчи маселе эстетикалык табитке байланыштуу дедик. Эстетикалык табиттин эң маанилүү өңүттөрүнүн бири – тигил же бул автордун эң мыкты чыгармаларын бөлүп алуу жөндөмүндө. Бул жагынан алганда эстетикалык табити жетишсиз адамдардын сын жазганы пайда тургай зыян. Аны адабият теориясын билүүдөгү жетишкендиктери да толуктай албайт. Айталык, маркум акын Зайырбек Ажыматовдун эң мыкты чыгармаларынын бири – «Кыш» аттуу ыры. Бирок убагында ушул ырдын баалуулугун чоң эле сынчылар байкабай, көрбөй койгон да, ортозаар эле ырларын көкөлөтүп туруп алышкан. Баса көрсөтүүгө татыктуу ырларды байкабай туруп, талдоого толук татыбаган ырларды кечке изилдей берүү объективдүүлүккө гана зыян келтирип тим болбостон, окурмандын да табитин бузат, табити барларын иренжитет. Бул эми учуру келгендеги, бирок зарыл сөз болду.

Китептеги ушул өңүттөгү жетишпегендиктердин бири - Жолон Мамытовдун көркөм мурасынын ар кандай өңүттөрүнө бурулган көңүлдүн пропорциясында. Анын акындык тууралуу ойлоруна, жазган ырларына өтө эле көп орун берилген. Ансыз деле майлуу нерсени кайра майга чылап жегенсип, мындай нерсе көптүк кылса окурманды бат тажатат. Акындын дарамети анын башка темалардагы ырларынан деле көрүнүп турат. Менин жеке баамымда, автор көңүл буруп жаткан темалардын арасынан Жолон Мамытовдун философиялык, мекенчилдик, өмүр-өлүм, айрыкча жаратылыш тууралуу жазгандары окурманды алда канча көбүрөөк тартат. Айрыкча табиятка байланышкан терең ойлору өзүнчө ачып берип, чоң сөз кылууга качан

болбосун татыктуу. Атап айтканда, Жолон Мамытовдун «Ысык-Көл», «Булутум», «Тоолор» аттуу ырлары кыргыз тургай дүйнө адабиятына олуттуу салым кошкон ырлардан, чындап келсе поэтикалык ачылыш болгону анык.

Жыйнакта акындын жаңы заманга, анын өзгөчөлүгүнө арналган чыгармаларына кеңири орун берилген. Жолон Мамытов Владимир Маяковскийден таасир алганы, анын себептери ырааттуу сүрөттөлөт. Азыркы замандын окурмандарынын көбүнө Маяковскийдин көп ырлары актуалдуулугун жоготкон, өз мезгили үчүн гана жазылган нерселер катары кабыл алынат. Анын да жөнү бар. Кеңири окурманга анын ошол кездеги идеологияга төп келген ырларын гана окутуп, жайылтып келишти. Бирок Жолон Мамытов ошондой мезгилдин алкагында калбастан, эч качан маанисин жоготпой турган суроолорду коюп, учурундагы идеологиялык алкактан чыгып, ошолорго түйшөлгөнү менен баалуу. Бул жагынан ал устаты деп эсептеген Маяковскийден алда канча ашып түшкөнү көп болгон. Атап айтканда, «жыйырма биринчинин кыргыздары» тууралуу ыры так бизге арналган, бизге эле эмес, кыргыз бул оомал-төкмөл дүйнөдө көрөр күнү бар болсо, ошончо убакыт бою маанисин жоготпой каныбыздагы белгисиз бир боордоштукту козгоп кала бермекчи.

Белгилей кете турган нерсе - ошол кездеги жаңы замандын ыргагын берүү, ал тууралуу ушул азыр да актуалдуулугун жоготпогон терең ой толгоо жалаң Жолон Мамытов эмес, көп эле авторлордун чыгармачылыгына мүнөздүү. Демек, мындай багыттагы ырларды жазууга умтулуу ал кезде уникалдуу феноменге караганда кыйла жандуу тенденцияга көбүрөөк окшошуп турат.

Автор акындын ак ыр же эркин ыр форматында жазган эксперименттери ийгиликсиз аяктаганын туура баамдаса да, аларга болбой эле жан тартканы көрүнүп калган. Чындыгында кыргыз поэзиясындагы бул багытка

бул китептеги Качкынбай Артыкбаев менен Санарбек Карымшаков эле эмес, адабий коомчулуктун өзү деле убагында татыктуу баасын берип койгон. Атап айтканда, ак таңдай акын Байдылда Сарногоев өзүнүн айтылуу «Мидинге кат» деген классикалык поэмасында Сүйүнбай Эралиевдин эксперименттери тууралуу:

Адегенде уйкашсыз
«Ак ырды» Сүкең баштады.
Кээ бирөө аны туурайм деп
Келесоо боло жаздады...
Ачыгын айтсам, Мидике,

«Ак ырың» элге жакпады, - деп кыя чапканы бар. Бул да бекеринен эмес, бир эсе кыргыз элинин кылымдар бою калыптанган эстетикалык табитин, бир эсе ошол эксперименттердин ийгиликсиз финалын сүрөттөгөн кыйла реалисттик баа.

Жалпысынан тарыхый контексттен карай келгенде китептеги Качкынбай Артыкбаевдин сыны башкалардыкына салыштырмалуу анча деле катуу эмес экен. Жолон Мамытовдун жетишкендиктерин, чыгармачылыгындагы алгылыктуу жактарын деле жакшы эле кеп кылыптыр. Сынга деле текирең-таскак менен кирип барбай, жумшак өткөнү көрүнүп турат. Анын пикиринен арам саноого эч кандай деле негиз жок, анын курчтугун жердештиктен эмес, бир эсе консерватизмден, бир эсе партиялык идеологиядан издеш керек. Анткени ошол кездеги расмий гезиттерге тил тийгизген акындарды кайсы советтик адабиятчы болбосун тим калтырмак эмес.

Эстетикалык табит демекчи, китептин башындагы Берикбай жамакчынын «чыгармачылыгына» өтө эле көп орун берилген. Андай жамакчы тургай андан алда канча сөзү курч чечендер ар бир айылда чыгып турган. Жакшылап изилдей келсе алардын жанында Берикбайдыкы шоона эшпейт. Менин жеке баамымда, Жолон Мамытовдун акын катары жеткен бийиктиги - көбүнчө ата тегинин, тага журтунун, бала кездеги таасиринин эмес, ошол замандагы адабий ачылыштардын, доор жаңырыгынын, тынымсыз

күрөштүн жана үзгүлтүксүз изденүүнүн жемиши. Ал ошонусу менен баалуу жана кийинки муундарга калтырган сабагы да ошонусу менен маанилүү.

Аяганда айта кете турган жагдай - китептин аягы ортосунан чорт үзүлүп бүткөндөй таасир калтырат. Эгерде такыр эле жыйынтыктоочу сөз жок болсо, Жолон Мамытовдун съездде сүйлөгөн сөзү менен бүтүрүү таасирдүү болмок. Андагы айрым гана ошол учурга таандык деталдарды эске албаганда, бир топ жерлери бизге, бизден кийинки калемгерлерге түбөлүк мурас катары кабыл алынат:

«Өз окуучусунан алдыда болуу үчүн эмне кылуу керек? Бир эле жол...

Бүгүнкү жаш акын билиминин, ой жүгүртүүсүнүн байлыгы жагынан өз окуучусунан алда канча жогору туруп, таланты жагынан бардык таланттуулардан бийик болуш керек! Мына бүгүнкү жаш акындын портрети!

Мына ошондо гана анын чыгармалары балким өр тартып, биз сөзүбүздүн башында эскерип өткөн 2000-жылдын окуучу колуна тийип калаар. Бул туурасында Байдылда Сарногоев: «Биз өлгөндө ырыбыз кошо өлбөсө болгону», - деп, кашкайтып айтып салган.

А турмушта болсо ыры өзүнөн мурда жарык көрөрү менен эле эч ким окубай коюп, ырлары өлгөн акындар толуп жатат...»

Жалпысынан мында айтылгандар жыйнактын маани-маңызын кемитиш үчүн эмес, мындан аркы ушул багыттагы изилдөөлөрдү окурманга дагы жакшыраак жеткирип, элге сиңирүү максатында айтылган окурмандык кеңеш катары кабыл алынса деп, автордун мындан аркы иштерине ийгилик каалайм.

PS. Пикир китептин авторунун өтүнүчү менен жазылган

Бактыгүл Көкөтаеванын баео дүйнөсү

(Китепке баш сөз)

Кыргызда «атын атасаң куту сүйүнөт» деген улуу сөз бар. Кандай жакшы эмгек болбосун, аны ким кылганын сөзсүз так, даана айта жүрүш керек, унутта калбасын деген кеп. Бул айрыкча азыркы баш аламан замандагы автордук укук менен чектеш укуктарга түздөн-түз тиешелүү. Тилекке каршы, элдин сүймөнчүгүнө айланып, жүрөктөн кирип бойду алган далай мыкты обондуу ырлардын аткаруучусу гана көңүл борборуна чыгып, аны жараткан акын менен композитордун эмгеги көлөкөдө калган учурлар өтө эле көп. Ошондой мыкты обондуу ырлардын бири – окурмандын колунда турган жыйнактын автору Бактыгүл Көкөтаеванын «Жамгыр калсын эсимде» аттуу ыры:

Көктөм өткөн
Көздөр чөккөн,
Көңүлдөр жок баягы.
Жаздагы өктөм,
Жашын төккөн,
Жамгыр да жок андагы.

Көңүл бошоп,
Өмүр мокоп,
Күзгө айланат каректер.
Кандай десем,
Кайда кетсем,
Жансыз ушул даректен?

Эми баары,
Арман, кайгы,
Болсо болсун, болгондой!
Сен да кеттиң,
Кейибейин,
Тагдыр өзү ошондой.

Эстегенде,
Кез келгенде,
Арманымдай сезилбе.
Жалгыз гана,
Жакшы ыр жана
Жамгыр калсын эсимде...

Бул элдин сүймөнчүгүнө айланган ырдын **сөзүн да, обонун да** Бактыгүл Көкөтаева тээ студент кездери ӨЗҮ жазып, студенттик фестивалдарда алдыңкы орун алган. Ал кезде КУУнун чыгармачыл жаштарынын «Илхам» тобу маданиятка кызыккан студенттик жамааттардын алдыңкы сабына чыгып, бирде курч дубал гезиттерди даярдап, бирде өз учурундагы акын-жазуучулар, композиторлор менен жолугушууларды өткөрүп, өздөрү ыр жазып, обон чыгарып дүңгүрөп турган убак болчу. Топтун арасында эң уяңы Бактыгүл эле. Ошол кереги барда, кереги жокто да тартына берген мүнөзүнөн улам өзү чыгарган обону менен ырын өзүнүкү экенин айткандан да айбыгып жүрүп жакында гана аздыр-көптүр авторлугун ачыкка чыгарды. Ал аз келгенсип, ырларын жарыкка чыгаргандан да тартынып жүрүп тырмак асты жыйнагы эми колубузга тийип отурат. Ушунун өзү нукура кыргыз кыздарына мүнөздүү ыйбаанын, жөнөкөйлүктүн, бир эсе чыгармачылыкка жоопту мамиленин белгиси. Тилекке каршы, биздин доор үчүн сейрек сапат...

Колубуздагы жыйнак эки бөлүктөн турат. Биринчи бөлүгүнө ырлары, анын ичинде обондуу ырлары кирген. Аларды окуй келгенде үч нерсе дароо көзгө урунат. Биринчиси – баштан аяк кызыл жип болуп өткөн сагыныч, айрыкча балалыкка, жаштыкка болгон өчпөс кусалык, ошонун тегерегинде бүтпөс ички диалог:

Тытмалап эски жарааттты
Тышта жаан, тамчы дыбырайт.
Өтүштү нечен асылдар
Өзүндөй кылып ким улайт?

Баштаган ишим бүдөмүк
Багытым түшпөйт изине.
Айылга барбайм, көп болгон.
Атам да кирбейт түшүмө.

Куюндай өтүп бир учур
Курбулар чилче тарады.
Айтылган сөзүм угулбайт
Адамдын көбү жаралуу.

Бакыттын изи көрүнбөйт,
Телмире тиктейм айнекти.
Кимге эмне берип бул тагдыр
Ким эмне алды даректүү?

Экинчиси – ырлар уйкашын, ыргагын бирде сактап, бирде сактабай, бирде кадимки ыр, бирде ак ыр, бирде эркин ыр түрүндө жазылганы. Албетте, поэзияга коюлган жалпы талаптарга келсек, ырдын классикалык техникасын мыкты сактоо – чеберчиликтин эле белгиси эмес, анын негизги практикалык максаты – мазмунду жана маанайды окурманга оңой жеткирүү. Ошондуктан кыргыз поэзиясында мындай формалар өзүн актаган учурлар да сейрек кездешет. Акташы үчүн мындай ырларда берилген ойдун эмоционалдык таасири андагы техникалык чеберчиликтин кенемтелерин ашыгы менен толуктап турууга тийиш. Ошондо ал жөнү жок жерден кадамынан жаңылган чоң кишинин кыймылындай чочутпай, тамтуң басып баратып улам чалынып, улам мүдүрүлүп, ыйлап жиберип кайра мурдун шыр тартып коюп алдыга чуркап бараткан кичинекей баланын астейдил аракетиндей сүйкүмдүү көрүнөт. Көкөтөеванын «Көч» аттуу ырын окуганда жакында Интернет айдыңында тарап кеткен, чакадан башы чыгып күлүп турган бети кыпкызыл тоолук кичинекей кыздын эс тарткандагы элеси келет:

Көп болгон көрө элегим,
Көч өтөт арты-артынан.

Чыгышып кыштан аман.
Келатат кайсы айылдан?
Чыгыштан күтөт тоолор, талаалары.
Чаңдарга аралашып,
Чапкылайт атчандары.
Атама окшоп кетип аты да, өзү дагы.
Анан да апам өңдүү,
Өңөргөн баласы бар артындагы.
Көңүлүм алып-учуп
Караймын кайта-кайта арасынан.
Капилет көрүнчүдөй караандары.
Жомоктой өтүп кетип өмүрлөрү,
Жок азыр андагынын бири дагы.
Маанисин түшүнбөпмүн анча деле,
Мага ал күн майрам өңдүү сезилчү эле.
Ошентип ар жаз сайын көчөөр элек,
Жылдагы конуп жүргөн жерибизге.
Жолумдан түркүн гүлдөр тосуп чыгып.
Жүгүрсөм чөптөр менден бийик эле.
Көч болуп көргөнүбүз таңдан кечке.
Көп эле анда жайлоо жайлагандар.
Жүгүрүп ойноп жүргөн кыз элем мен,
Жүктөрдү ташыганга жарап араң.
Таңышып тагдырларын кереге-уукка.
Ташышып таң эртелей баштап көчтү,
Жүрөгүм толкунданып күтүп алчу,
Жүктөлүп баары бүткөн мезгилдерди.

Көрүнүп тургандай, сүрөттөмөлөрдүн баары турмуш чындыгынан алынган, акындын жүрөгүнөн чыккан элестүү баян болгондуктан, уйкашы менен ыргагы сакталбаганына карабай, окурманды жетелеп жүрүп отурат. Экинчи жагынан канчалык эркин формада болсо да баш уйкаштар, ички ыргактар менен ширетилген. Бул жагынан эмнени айтаарын бир өзү, бир Кудай билбесе, башка эч ким түшүнбөгөн, ошону эрдик көргөн бир катар жаш авторлордун тексттерине салыштыра келгенде бул ырлардын асман-жердей айырмасы бар.

Бул ырлардагы үчүнчү өзгөчөлүк – адамдарга карата боорукерлик, сезимдерди билдирүүдөгү нарктуулук. Ал айрыкча белгисиз каармандан башкалардын жоругу үчүн кечирим сураган аяр мамилесинен ачыкка чыгат:

Жакшылар жашоо ырын бүтүрүшпөй,
Жамгырга жүрөк болсо бири - сизсиз.
Айта албайм башка жакшы ой, каалоо-тилек,
Адамдар капа кылса кечириңиз.

Эскерүүдөн ыр жаздым аягы жок,
Эми качан билбеймин кезигүүбүз.
Аргасыздан ар дайым суранаарым,
Адамдар капа кылса кечириңиз.

Китептин экинчи бөлүгү – анын автору өзү иштеген соода-сатык тармагынын оош-кыйыштарын баяндаган күндөлүгү. «Дордойдун» «сыйы менен ыйын» тизмектеген бул күндөлүктө бир караганда биз үчүн көнүмүш, күнүмдүк нерселер тууралуу ойлор айтылган менен, анын эки чоң мааниси бар. Биринчиси – кыргыз элинин бир топ бөлүгү кирип кеткен соода-сатык тармагына карата али да болсо жан дүйнөсү кирдебеген, өз принциптерин жоготпогон адамдын көз карашы. Түшүнгөн кишиге соода-сатык экономикасы байыртадан көчмөн жашоо кечирип келген кыргыз элинин улуттук психологиясы үчүн отурукташуудан кийинки эле эң фундаменталдуу сыноолордун бири. Анын натыйжасы кайда барып такаларын философтор менен саясат таануучулар бүгүн да так айта алышпайт. Азырынча көзгө даана урунган бир гана нерсе – бул экономика тийгизген таасирдин өтө көп жактары адам тагдырларынын трагедиясы менен коштолгону:

«Бүгүн бир эжени банкрот болуптур деп угуп калдым. Жүрөгүм жаман ооруду. Кай жеринен жаза басып алды экен? Ысымын деле билбейм, тааныштыгым деле жок,

болгону Кытайга товарга барганда чогуу учуп калчу элек. Биздин катардан өтүп калганын эле көрүп калбасам, бир да сүйлөшүп көргөн эмесмин. Эмнегедир сыртынан жакшы эжедей көрүнчү. Негизи «Дордойго» жумшак мүнөз жарашпайт. «Дордой» таштай бекем, эсеп-чотко так кишилерди сүйөт. Эми бул эже кайра кайтып «Дордойго» келеби, кайра сынбай, турабы - бул жагы өзүнчө суроо...»

Жыйнактын бул прозалык бөлүгү автордун адамдык портретин, бир чети өз башынан өткөн турмуш жолунун трансформациясын да көзгө сайып көрсөтүп турат. Анысы өзүнчө отуруп алып, Теңир менен сүйлөшкөн монологунан байкалат:

«Ар бир күнү сага кат жазганды адат кылып алгам, Жараткан! Анан кызыгы ар дайым «Салам, Жараткан!» деп баштайм. Ушинтип баштаганым өзүмө да жагат. Жазган каттарым эки дептер толуп, үчүнчүгө кетти. Маани си ар кандай. Кээде эркелейм, кээде таарынсам, кээде жалбарып суранам. «Дордойго» келгендеги биринчи жумушум сага кат жазуу менен башталат. Эмнегедир жеңилдей да түшөм. Себеби сага эмне суроо берсем, качандыр жообун сөзсүз аларымды да билем. Ошондуктан катты түптүз өзүңө жазам. Экөөбүздүн ортобузда көптөр билбеген толтура сырлар бар. Кээсин ушул күнгө чейин өзүм да билбейм. Бирок анын баарын сен билесиң. Мисалы, «Дордойго» эмне болуп кирип кеткенимди ушул күнгө чейин өзүм да билбейм, а сен билесиң. Билмек турсун бышырып чыгарып койдуң. Азыр баягы Бакы жок. Андагы ар кимге ишенген Бакы азыр өзүнө гана ишенет».

Чакан көлөмүнө карабай ар кандай адамдардын образдарын, замандын оош кыйышын, анын көйгөйлөрүн камтыган бул күндөлүктүн экинчи чоң мааниси – бир кездеги көптү үмүттөндүргөн жаш акындарды көргөндө азыркы жылуу кабинетинен чыга келип: «Каякта жүрөсүң? Эмне жазбай калдың? Эмне көрүнбөй кеттиң?» деп бири тең калуу, башкасы кадимкидей эле доомат менен зекий

караган айрым «классикалык» чыгармачыл интеллигенция өкүлдөрүнө жооп.

Анткени бул муун так гана ушул китептеги «Дордойдо», акындар Толукбек Меңдебаев сүрөттөгөн «Көчмөн дүйнөдөгү» эмгек миграциясында, Нуриза Өмүрбаева менен Нарсулуу Гургубаева жазган «Кат турмуштун» чордонунда жүрдү. Элетке кайтып барып, эл катары тирилигин кылып жүрсө да ырлары «эл акындарынын» эч кимисинен кем калбаган Шабдан Сулаймановдой нукура таланттар тоонун шар аккан суусундай мөлтүр кашка чыгармалары менен кыргызга жарык чачып жүрдү. Өздөрү да толук түшүнүп-түшүнө элек мыйзамдары бар, азыр да тынымсыз уланып жаткан күрөш үстүндө жүрдү. Өз киндигин өзү кесип, өз жолун өзү таап, мүдүрүлүп-чалынып, өздөрүндөй эле жаңылып-жазып, жаңыдан өзүн таанып келаткан эгемен өлкөсү үчүн чын дилден убайым жеп, өз жүгүн өзү көтөрүп жүрдү. Бир топтору бул жолдо унут калды, башкалары урунуп-беринген бул жашоодон кетип тынды. Калчоро Көкүловдун көңүлгө терең из калтырган ырында айтылгандай:

Бирибиз жолдо калдык тебеленип,
Бирибиз жондо калдык көмөлөнүп.
Бир гана аалам турду ала салып,
Бир гана дүйнө турду тегеренип...

А силер ошонун баарын көрбөгөнсүп, дегеле заман өзгөрбөгөнсүп, ашык-кеми жок жарым өмүр өтпөгөнсүп «Кайда жүрдүң?» дейсиңер...

Ыраматылык Зайырбек Ажыматов ушул муундун чыгармачыл тагдырына чындап санааркап, «жоголгон муун» деп анын сырын издеп жүрүп өзү да өтүп кетти. Бирок түшүнгөн кишиге бул муун эч кайда жоголгон жок. Анын аздыр-көптүр айтып келген, айтып жаткан, айта турган да чындыгы бар. Кыргыз адабиятынын тарыхын эгемен мамлекеттин көз карашынан кайра баштан талдап, мурдагы идеологиялык саман-топонунан, жарымы жалган, жарымы чын наам-ургаалдардын таасиринен кайра тазалап иргеп чыгуу милдети али алдыда. Ушундан улам эгемендик

менен кошо келген муундун жоготуулары менен табылгаларына, өсүшү менен өксүгүнө илимий баа берүүгө да азыр эртелик кылат. Анткени биз тирүүбүз...

Андыктан Бактыгүл Көкөтөеванын дал турмуштун өзүндөй баео, карама-каршылыктуу, өз чындыгы өзүндө болгон бул чакан жыйнагы өз окурманын табаарына ишенип, сөзүмдү «Илхам» тобунун элесине арналган өз ырым менен бүтүргүм келет:

Периштелер

Ыр бөлмөсү... Кайран жаштык гүлдөгөн,
Ырыс менен ынтымактын бурчу эле.
Пенделиктин булганычын билбеген
Пейли таза периштелер турчу эле.

От чачырап көздөрүнөн күнү-түн
Обондору ойлор менен жарышчу.
Ай нурунда айбыкпастан ыр үчүн
Алыкулдун мүрзөсүнө барышчу.

Айткан сөзгө коргошундай эриген
Акындардын арасында жүргөндө,
Жан-дүйнөсүн чачып турчу перилер,
Жатакана жарылчу эле күлгөндө.

Төгүнү жок далай сырды түнөткөн,
Төгүшчү эле көөдөнүнө батпаса.
Шүгүр кылчу жаштыгына, жүрөктөр
Шүүдүрүмдүн тамчысындай таптаза.

Алыс болуп кол жеткидей жакыны,
Аса байлап далай тулпар таң ашты...
Периштелер канат жайып акыры
Пенделердин дүйнөсүнө тарашты.

Жаздык тиксе кубандырып жумшагы,
Жакындарга төшөп бүтүн өмүрүн,
Кайран куштар уясына жумшады
Каркыранын канатындай көңүлүн.

Көкүрөктө көрүнбөгөн бук калып,
Көйнөк менен жүзү кошо бырышты.
Асман койну жер бетинде жыттанып
Акырында Адам болуп чыгышты.

... Азаюуда, сагынгандар андагы
Абазы мол, арзуусу мөл түндөрдү.
Ышы калып эчак өчкөн шамдагы
Ыр окулбай чыр окулган күн келди.

Антсе дагы ак-карасы аралаш
Азыркыдан өткөн күнгө шаң улап,
Ар кай жерден асман менен санаалаш
Ак куулардын обондору жаңырат.

Кайрыктары эскирсе да баягы
Кадимкидей жапжаш, турган турушу.
Каркыранын канатындай аялуу
Кайталангыс дүйнө тура, бул ушу!

Кино

Тарыхтан чыккан табылга

(«Курманжан датка» фильми тууралуу ой толгоо)

Адам баласы бул дүйнөдөгү маалыматтын 80 пайызын көз менен алат экен. Тилекке каршы, кыргыз эли өз тарыхына, өз тагдырына, өз келечегине башканын эмес, өзүнүн көзү менен караган учурлар чанда эле кездешет. Айрыкча өлкөбүз өз алдынча жолго түшкөндөн бери кыргызды кимиси каякка гана сүйрөгөн жок?

Тарыхчыларыбыздын айрымдары «40 кыздан тараган эженбиз» деп араб илимпоздорунун атайын жазып кеткен идеологиясын кадимкидей актаса – балдарыбыз боз үйдөн чыккан көчмөндөр терс каарманга айланып, оруструн жалгыз баатырынан боо түшүп кырылган мультфильмдерди көрүп

чоңоюуда. Улут кызыкчылыгынан дин догмасын жогору койгондор өлкөнүн кызыл туусун жерип, кара туунун алдында кимди болбосун курман кылууга даяр турса – дагы бир жагынан ашынган либералдардын түрткүсү менен «жан элим, ишенем сага, жан жерим, ишенем сага» деп, жөнөкөй эле сөздүн төркүнүн түшүнбөгөн массалык маданияттын кокуйлары далай жаштардын аң-сезимин ээлеп калды.

XX кылымдан бери жанатан айтылгандай көздөн кирип мээни алган эң күчтүү каражаттардын бири кино өнөрү болуп келатат. Кыргыз киносунда улуттун уңгусуна тереңдеп кирип, кыргызга кыргызча күйгөн саналуу эле чыгармалар бар. Кеңеш доорунда тартылган тасмалардан бул багытта «Бакайдын жайыты» менен «Ак илбирстин тукуму» эске түшөт. Биринде көчмөн жашоодон алыстап отурук дүйнөнүн шартына көнүп келаткан элдин нары карама-каршылыктуу, нары үмүттүү улуу көчү көзгө урунуп, кыргыз мүнөз улуулардын көчү түбөлүк бийикке, жаңычылдыкка умтулган кичүүлөрдүн катары көр дүйнөнүн кызыгына толгон жакага багыт алат. Экинчисинде кыргыздын нукура кулк-мүнөзү, баштан өткөргөн кыйынчылыгы, катаал шартка моюн бербей жашоого умтулган эрки, тегерек-четтеги эл тургай бүтүндөй Дүйнө менен болгон алакасы, жаңылып-жазган таштак жолу, жалпы ичиндеги жалгыздыгы эң сонун берилген. Албетте, кийинки доордо учурдун баш аламандыгын таасын чагылдырып, кабыргасынан коюлган суроолорго астейдил жооп издеген «Айыл өкмөт», айрыкча «Белгисиз маршрут» сыяктуу кинолор эгемендик жылдарындагы татыктуу табылгалар болду десек жаңылышпайбыз. Бирок улут тагдырына терең кирип, кыргызга кыргыздын көзү менен караган кино чыгармаларынын ичинен сапаттык жаңы тепкичти багындырган тасма «Курманжан датка» болгонун талашуу кыйын.

Анткени «Курманжан датка» – түшүнгөн кишиге Алай ханышасынын жеке тагдыры тууралуу гана баян эмес. «Курманжан датка» – биринчи иретте кыргыздын кулкмүнөзү, асыл сапаттары, тарыхта баскан татаал жолу, өзү бойдон калышы үчүн өз кымбатын курмандыкка чалууга дайыма аргасыз кылган жазмышы, эч кимге окшобогон маданияты, жөн билги наркы, анан албетте, азыр да актуалдуулугун жоготпой келаткан түптүү проблемалары тууралуу эпопея.

Айталык, ташбараң эч качан кыргыздын салты болгон эмес, бирок Кокон хандыгында кеңири тараган адат болгон. Ошондой шартта дин төбөлдөрүнөн коркпой, калыстык үчүн тобокелге барган адамдык сапат – нукура кыргыздын мүнөзү. Жамандан иренжип, акырына чейин жакшыга умтулганы – кыргыздын үмүтү. Колунан келгени колунан келбегенине кыр көрсөтө баштаганы (кызды алып кетип бараткандагы эпизод) – бул да кыргыздын жылкы мүнөзү. Аялы күйөөсүнө кеңешчи болуп, акыл кошкону, керек болсо ордун басканы – кыргыздын илгертен келаткан табигый гармониясы. Эл башына күн түшкөндө күнүмдүк тирешүүдөн өйдө болуп биригип кеткени – кыргыздын байыртан келаткан социалдык иммунитети. Азайып кетсе тууган издеп, көбөйүп чыкса кыйкым издеген адаты – кыргыздын өнөкөтү. Оорусуна карабастан Жантай хан мейман үчүн сыр билгизбей зыңгырап маселе чечип отуруп бергени – кыргыздын нарктуулугу. Азыр эле ат күлүгүн сынашып келатып, «жигит, артка кайт, атаң жакшы эмес» деп Алымбек Шабданга керектүү учурда керектүү маалыматты кесе айтканы – кыргыздын жөн билгилиги. Ар ким өз чындыгын беттеп, «качкан да Кудай дейт, кууган да Кудай дейт» болуп Курманжан качып, куугун этектеп, тагдыр ортодо, өмүр ортодо турганда, бала кезинен таянган жолборс күркүрөп колдоп чыкканы – кыргыздын табышмактуу касиети. Айласы кеткен Алайдын эли мына-

мына кетебиз деп келатып эле бир айтылган сөздөн кайра дүрт козголуп муштумга айланганы – кыргыздын күтүүсүз ойгонгон намысы. Күнөө кимде экенине карабай, сөзгө сөлтүк, кепке кемтик болбош үчүн айыпты өз мойнуна алган Камчыбектин тагдыры – кыргыздын улуулугу. Замбиректин огуна карабай алдыга чапкан эрдиги – бир чети мурунтан келаткан кыргыздын энөөлүгү. Бир уядан чыккан бир туугандардын ар башка тагдыр тандап, ар бөлөк Жолго түшкөнү – бул да кыргыздын турмушундагы ушул күнгө чейин келаткан көрүнүштөрдүн бири. Убакыттын өтүшү менен пайда болгон бир гана орчундуу айырма – Абдылдабектин жүрөгүн кошо кеткен жан-жөкөрлөрү жерге таштабай ала келсе, кийин Беделдин ашуусунда калган миңдеген кыргыздардын сөөгү 75 жыл бою көмүлбөй жатты.

Курманжандын курмандыгы – жеке керт башынын гана жүгү эмес. Бул кыргызга тиешелүү, өтө оор жүк. Кыргыз эли канча бир кылымдан бери өзүнүн өзөгүн, өзүнүн тилин, дилин, маданиятын жоготпой, кыргыз бойдон сакталып калышы үчүн гана ар качандан бир качан өзүнүн эң кымбат адамдарын, жагдайларын, көнүмүшүн аргасыздан курмандыкка чаап келатканы келаткан. 1937-жылдары кыргыздын тили үчүн, кыргыздын маданияты үчүн, кыргыздын кызыкчылыгы үчүн атууга кеткен, биринин үстүнө бири ташталып ошол бойдон эгемен заманга чейин жаткан Кызыл Кыргызстандын шейиттери – Кеңеш доорундагы кыргыздын Камчыбектери. Болбосо алар деле эр өлтүрүп эриш бузган эмес эле! «Басмачы» деп өз жеринен же айдалып, же сүрүлүп кеткен, башка жакта жүрүп дүйнөдөн кайткан кыргыз азаматтары – ошол эле кыргыздын Абдылдабектери. Бийликтин адилетсиз турумуна каршы чыгып, аянтта кийиктей атылган, өлкөнүн бүтүндүгү үчүн өз жеринде кордук көрүп кыйналып өлтүрүлгөн кыргыз жигиттери – ушунун

баары кыргыздын кыргыз бойдон калышы үчүн чалынган курмандык. Өз эрки менен бүтүм чыгарбаса дагы, ошолордун баарынын тең энелери – өз масштабында элине жан этин сууруп берген абалдагы Курманжандар. Фильмде кыргызга танапташ башка элдердин кулк-мүнөзүнө тиешелүү эпизоддор да абдан таасын берилген. Ташбараң сценасын эске албаганда да, Музаффар эмирдин жүзүмдү былчыйта баскандай бир адамдын тагдырын заматта садага чапканы, эртең менен дүкөнчирик чапан жаап, кечинде артынан желдет жиберген бийлик төбөлдөрү Кокон хандыгында үстөмдүк кылган сын-сыпаттардан азыноолак болсо да кабар берет. «Хорошо идут» деп чыйт түкүрүп куралына ишенип турган офицер, жергиликтүү салтты билбей келиндин ачкычын чачы менен кошо кесип алган поручик, сууга чечинип жылаңач кирген аскерлер – бул да Борбор Азияга келаткан чоочун күчтүн жышааны болчу.

Фильмде көрсөтүлгөн Курманжандын тагдыры, андагы коюлган маселелер азыр да курчтугун жогото элек. Тескерисинче, балким мезгил өткөн сайын улам жаңы өңүттөн ачыла турган жагы бар. Мурда эки цивилизациянын толкунунда чайпалса да төгүлбөгөн түптүү калк эми үч башка зор күчтүн ортосунда кетип баратат. Кыргыз кыргыз бойдон калабы? Курманжандын тушунда көкүрөктөн сызып, көздөн учкан азыркы мамлекетинин чыныгы баасын билеби? Жумурай-журттун келечеги үчүн бир муштумга биригеби же кокту-колотто ар кимиси кызыл тебетей кийгенине корстон болуп кала береби? Азыркы Абдылдабектер кайрылып келеби? Келсе кыргыз тарапта болобу же барган жеринин малайына айланып Карасакал болуп кайтабы? Биз, тирүүлөр, ушул сыяктуу суроолорго татыктуу жооп бергенге даярбызбы?

Демек, биз ойлоно турган нерселер али көп экен. Мыкты чыгарманын күчү – даяр жоопту бүкүлү бербей,

көрүүчүлөрдү ошондой фундаменталдуу соболдорго жооп издете баштаганында. Устатым Чоюн Өмүралиев айтмакчы, ар бир адамдын милдети, мурдагыдан да адамыраак болуп, ал эми биздин шартыбызда – кыргызыраак болуп жашап өтүүдө. Бул фильм ушул өңүтүнөн өз максатына жетти десек болот. Жеке башымда, мени мурдагыдан да «кыргызыраак» кылган бул чыгармасы үчүн жаран катары Садык Шерниязга чын дилимден ыраазычылык билдирем.

(09/09/2014)

Мазмуну

Публицистика
Устатым Чоюн Алптын дүйнөлүк жүгү.....3
Поэзия
Ак жарык издеген акын.....35
Акындын сөзү, сүрөткердин көзү.....41
Унутулган улуулук.....49
Тирүүлөргө сунулган кол.....57
Дүйнөнүн дүбүртү жана муундардын муңу.....67
«Көчмөн дүйнөдөгү» көздөн учкан көк жээк.....74
Таш бетиндеги тамчылар.....85
Урунду муун, уурдалган жаштык.....94
Өнөр деген өжөр күч.....100
Проза
«Кат турмуштагы» өтмө катар реалдуулук.....111
Кыргыз аялдарынын дүйнөсү
Топчугүл Шайдуллаеванын чыгармачылыгында...120
Адашкан арбактардын убарасы.....134
Доордун айкели.....140
Көпөлөктүн көйнөгү, сомо таштын салмагы.....149
Балдар адабияты: китепке үндөгөн
«Китепландия».....155
Синтетикалык жанрлар
«Үнү каткан улардын» жаңырыгы.....158
Бактыгүл Көкөтаеванын баео дүйнөсү.....167
Кино
Тарыхтан чыккан табылга.....175

Жооптуу редактор: Толук Бек Байзак
Корректор: Бактыгүл Базаркулова
компьютерге калыпка салган: Кайрат Дияров

Басууга 07.01.2025-ж. кол коюлду
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60x80 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 11,5 басма табак
Нускасы 300 даана

«Имак офсет» басмаканасында басылды
Бишкек ш., Лермонтов 1в көч.